# ТЕРЕҢ
# ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

**Алар турганда да, отурганда да, жатканда да Аллахты эстешет жана асмандардын жана жердин жаратылышы жөнүндө ойлонушат. (Жана айтышат:) «Раббибиз, Сен буларды жөн гана (максатсыз) жаратпадың. Сен абдан Улуксуң, бизди оттун (тозоктун) азабынан сакта.»**
**(Ал-и Имран Сүрөсү, 191)**


# ХАРУН ЯХЬЯ
# (АДНАН ОКТАР)

# МАЗМУНУ

Кириш

Терең ой жүгүртүү

Адамдар көбүнчө эмнелер жөнүндө ойлонушат?

Ой жүгүртүүгө эмнелер тоскоолдук кылат?

Бул нерселер жөнүндө ой жүгүртүү керек

Куран аяттары жөнүндө ой жүгүртүү

Жыйынтык

Эволюция теориясынын жаңылыштыгы

# АВТОР ЖАНА ЭМГЕКТЕРИ ЖӨНҮНДӨ

Эмгектеринде Харун Яхья атын колдонгон автор (Аднан Октар) 1956-жылы Анкарада (Түркия) төрөлдү. Башталгыч, орто жана лицейди Анкарада бүтүрдү. Андан соң Стамбул Мимар Синан университетинин Көркөм өнөр факультетинде жана Стамбул университети Философия бөлүмүндө билим алды. 1980-жылдардан бери ыйман, илимий жана саясий темаларда көптөгөн эмгектер даярдады. Мындан тышкары, автордун эволюция теориясынын жактоочуларынын алдамчылык ыкмаларын, алардын жактаган нерселеринин (эволюция теориясынын) туура эместигин жана Дарвинизмдин кандуу идеологиялар менен болгон караңгы (жашыруун) байланыштарын ортого койгон абдан маанилүү эмгектери бар.

Автордун эмгектеринде колдонгон аты чындыктан баш тартуучу пикирлерге каршы күрөшкөн эки пайгамбардын урматына, алардын атын эскерүү үчүн Харун (Муса пайгамбардын жардамчысы) жана Яхья (Иса пайгамбардын жардамчысы) аттарынан куралган. Автор тарабынан китептеринин сыртында колдонулган Расулуллахтын мөөрүнүн колдонулушунун символикалык мааниси – китептердин мазмуну менен байланыштуу. Бул мөөр Куран-ы Керимдин Аллахтын акыркы китеби жана акыркы сөзү, Пайгамбарыбыз (С.А.В.)дын да хатем-ул анбия экендигин көрсөтөт. Автор жарыкка чыккан бардык эмгектеринде Куранды жана Расулуллахтын (С.А.В.) сүннөтүн өзүнө жол көрсөткүч кылууда. Ушундай жол менен баш тартуучу философия системаларынын бардык негизги жактаган нерселерин бир бирден жыгууну жана динге каршы багытталган каршы пикирлерди толугу менен оозун жабуучу «акыркы сөздү» айтууна максат кылууда. Абдан терең акыл (хикмат) ээси жана идеалдуу инсан Расулуллахтын (С.А.В.) мөөрү бул акыркы сөздү айтуу ниетинин бир дубасы катары колдонулуп келүүдө.

Автордун бардык эмгектериндеги орток, негизги максат – Куранга чакырууну бүт дүйнөгө жеткирүү, мындай жол менен адамдардын Аллахтын бар экендиги, жалгыздыгы жана акырет сыяктуу негизги ыйман темалары жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө түрткү болуу жана чындыктан (Аллахтан) баш тартуучу системалардын чирик фундаменттерин жана туура эмес иш-аракеттерин ачыкка чыгарып, адамзатка көрсөтүү.

Харун Яхьянын эмгектери Индиядан Америкага, Англиядан Индонезияга, Польшадан Босния-Герцоговинага, Испаниядан Бразилияга чейин дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө жактырылуу менен окулууда. Англис, француз, немец, италия, испан, португалия, урду, арап, албания, орус, босния, уйгур, индонезия тилдери сыяктуу көптөгөн тилге которулган бул эмгектер Түркия сыртында да көптөгөн китеп окуучулар тарабынан окулуп келүүдө.

Дүйнөнүн бардык тараптарында окурмандардын көңүлүнөн орун алган бул эмгектер көптөгөн адамдардын ыйманга келишине, башкаларынын ыйманынын тереңдешине себепчи болууда. Китептерди окуп, анализдеген ар бир адам бул эмгектердин терең акыл, кыска-нуска, оңой түшүнүлө турган жана чын жүрөктөн чыккан сөздөр экендигин, акыл жана илимге таянгандыгын байкашууда. Бул эмгектер – ылдам таасир берүү, так натыйжа жаратуу, талашсыз жана толук илимий болуу өзгөчөлүктөрүнө ээ. Бул эмгектерди окуган жана булар жөнүндө терең ойлонгон адамдар материалисттик философия, атеизм жана ар кандай адашкан ой-пикир жана философиялардын чындыктан алыс экенин байкай алышат. Муну түшүнгөндөн кийин материализмди жактагандар ызалык, өжөрлүктөрү айынан гана жакташат,

себеби илимий тараптан материализм жокко чыгарылды. Заманыбызда бардык чындыктан баш тартуучу агымдар Харун Яхья эмгектеринен илимий, идеялык жактан толук жеңилген абалда.

Шек жок, мындай өзгөчөлүктөр – Курандын терең мазмундуулугу жана өзгөчө баяндоосунун натыйжасы. Автор бул эмгектери менен мактанууну максат кылбайт, жалаң гана Аллахтын адамдарды туура жолго салуусуна себепчи болуу ниетинде. Мындан тышкары, бул эмгектердин жарыкка чыгып, таралышында акча табуу максат кылынбайт.

Бул чындыктарды эске алсак, адамдардын байкабаган чындыктарды байкашын камсыз кылган, алардын туура жолду табышына жардамчы болгон бул эмгектерди окууга үндөөнүн абдан маанилүү бир кызмат экендиги жакшы түшүнүктүү болот.

Бул баалуу эмгектерди таанытуу ордуна, адамдардын башын айланткан, пикирлерде кайчылаштыктар, күмөндөр жараткан, ыйманды куткарууда күчтүү жана так бир таасири болбогон демейки, монотондуу китептерди жайылтуу эмгек жана убакыт жоготуусуна алып келет. Негизги максат ыйманды куткаруу эмес, автордун адабий күчүн көрсөтүү болгон эмгектердин күчтүү таасирдүүлүккө жетиши кыйын. Бул бойунча шектенүү жаралгандар бар болсо, Харун Яхьянын эмгектеринин максатынын динсиздик менен күрөшүү жана Куран ахлагын жайуу гана экендигин бул кызматтын таасири, ийгиликтери жана окурмандардын ыраазы болгонунан байкашса болот.

Дүйнөдөгү зулум жана баш аламандыктар, Мусулмандар көрүп жаткан азаптардын негизги себебинин динсиздик пикирлеринин дүйнөдөгү өкүмчүлүгүнүн натыйжасы экендигин билүү зарыл. Бул абалдан кутулуу үчүн динсиздикти илим менен жеңүү, ыйман акыйкаттарын, чындыктарын ортого койуу жана Куран ахлагын адамдар түшүнө ала турган деңгээлде түшүндүрүү зарыл. Зулумдук, согуштар күчөгөн азыркы күндө бул кызматтын колдон келишинче ылдам болушу айдан ачык. Болбосо кеч калуу мүмкүн.

Бул маанилүү кызматта алдыңкы ролду аркалаган Харун Яхья эмгектери, Аллахтын буйругу менен, XXI кылымда дүйнө инсандарын Куранда сүрөттөлгөн бейпилдик жана тынчтыкка, чынчылдык жана адилеттүүлүккө, сулуулук жана бактылуулукка жеткирүүгө бир себепчи болмокчу.

# ОКУРМАНГА

Автордун эмгектеринде эволюция теориясынын кыйрашына атайын орун беришинин себеби – бул теориянын ар түрдүү динге каршы бир философиянын негизин түзүгөндүгүндө. Жаратылуу жана натыйжада Аллахтын бар экендигинен баш тарткан дарвинизм 140 жылдан бери көптөгөн адамдардын ыйманын жоготушуна же жүрөктөрүндө күмөн жаралышына себеп болуп келди. Ошондуктан, бул теориянын бир калп экендигин ачык далилдөө - абдан маанилүү ыймандык милдет. Бул маанилүү кызматтын бардык адамдарга жеткирилиши зарыл.

Дагы бир белгилей кетчү жагдай – бул китептердин мазмуну менен байланыштуу. Автордун бардык китептеринде ыйман темалары Куран аяттары негизинде түшүндүрүлүүдө, адамдар Аллахтын аяттарын үйрөнүүгө жана жашоого чакырылууда. Аллахтын аяттары менен байланыштуу бардык темалар окурмандын акылында эч кандай күмөн же суроо белгиси жаралбай турган негизде түшүндүрүлүүдө.

Түшүндүрүүдө колдонулган чынчыл, жөнөкөй баян китептердин жаш-кары дебей бүт адамдардын оңой түшүнүшүнө шарт түзүүдө. Таасирдүү жана жөнөкөй баян колдонулган китептер - «бир токтобой окулчу» китеп өзгөчөлүгүнө ээ. Динден баш тартуу боюнча өжөрлүк көрсөткөн адамдар да бул китептерде түшүндүрүлгөн чындыктардан таасирленүүдө жана түшүндүрүлгөндөрдү калпка чыгара албай келет.

Бул китеп жана автордун башка эмгектерин окурмандар жалгыз окуса да, маектешүү чөйрөсүндө окушса да болот. Бул китептенден пайдаланууну каалагандардын чогуу маек курушу, тажрыйба жана пикирлерин ортого койушу пайдалуу болот.

Ошондой эле, жалаң гана Аллахтын ыраазычылыгы үчүн жазылган бул китептердин таанылышы жана окулушуна себепчи болуу да чоң кызмат болмокчу. Себеби автордун бардык китептеринде далил жана ишендирүү тарабы абдан күчтүү. Ушул себептен динди түшүндүрүүнү каалагандар үчүн эң эффективдүү ыкма – бул китептерди окууга башка адамдарды да үндөө болмокчу.

Бул эмгектерде башка кээ бир эмгектерде байкалчу жазуучунун жекече ойлору, шектүү булактарга таянган сөздөрү, ыйык нерселерге болгон керектүү адап жана урматка көңүл бурбаган баяндар, үмүтсүз, күмөн жаратуучу түшүндүрүүлөрдү жолуктурбайсыз.

# КИРИШ

Бул дүйнөгө келээрден мурда жок экениңизди жана жоктуктан бир учурда бар болуп, жаралганыңызды ойлондуңуз беле?

Бөлмөңүздө ар күнү көргөн гүлүңүздүн капкара, ылай топурактан кандайча болуп сонун жыт жана көркөм түстүү абалда чыккандыгын ойлондуңуз беле?

Чөйрөңүздө учуп сиздин тынбай тынчыңызды алып жаткан чымындын канаттарын кандайча биз көрө албай турган ылдамдыкта кагып жаткандыгын ойлондуңуз беле?

Банан, дарбыз, коон, апельсин кабыктарынын сапаттуу таңгак (орогуч) милдетин аткаргандыгын, бул мөмөлөрдүн даам жана жытынын сакталышы үчүн атайын ушундай орогучка оролгондугун ойлондуңуз беле?

Түнкүсүн сиз уктап жатканда, кокусунан болчу бир жер титирөөнүн сиз жашаган шаарды, үйүңүздү, жумуш ордуңузду жер менен жексен кылышы, дүйнөдө ээ болгон бардык нерсеңизди бир канча секунда ичинде жоготушуңуз мүмкүн экендигин ойлондуңуз беле?

Жашооңуздун бат ылдамдык менен өтүп кетээрин, бир күн алсыз болуп картайышыңызды, сулуулугуңуз, ден-соолугуңуз, күч-кубатыңызды акырындан жоготооруңузду ойлондуңуз беле?

Бир күн, эч күтпөгөн бир учурда Аллах милдеттендирген өлүм периштелерине жолугуп, бул дүйнө менен кош айтышаарыңызды ойлондуңуз беле?

Адамдардын кыска бир мөөнөттө артка калтыра турган бир дүйнөгө эмне үчүн мынчалык берилип, байлангандыгын жана негизги иш-аракетинин акыретке багытталышы керек экендигин ойлондуңуз беле?

Адам – Аллах жараткан жана ой жүгүртө алуу мүмкүнчүлүгүн берген бир жандык. Бирок, көптөгөн адамдар бул абдан маанилүү мүмкүнчүлүктү максатка ылайык колдонушпайт. Ал тургай, «эч ойлонбойт» деп айтууга боло турган адамдар да бар.

Чындыгында болсо, ар бир адам өзү да элестете албаган ойлонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Адам бул мүмкүнчүлүгүн колдонуп баштаганда, ал күнгө чейин байкабаган көптөгөн чындыкты көрөт. Терең ой жүгүрткөн сайын ой жүгүртүү мүмкүнчүлүгү өсөт жана бул нерсе бүт адамдарга тиешелүү. Эң негизги нерсе – адамдын «ойлонушу (ой жүгүртүшү) зарыл экендигин» байкоосу.

Колуңуздагы бул китептин жазылуу максаты - «талап кылынган багытта ой жүгүртүүгө» чакыруу жана «талап кылынган багытта ой жүгүртүүнүн» жолдорун көрсөтүү. Себеби, ойлонбогон адам чындыктардан толугу менен алыста калат, жаңылуулар жана туура эмес нерселер ичинде өмүрүн өткөрөт. Мунун натыйжасында дүйнөнүн жаратылуу максатын жана өзүнүн бул дүйнөгө келүү максатын аңдай албайт. Чынында болсо, Аллах бардык нерселерди бир максат менен жараткан. Бул чындык Куранда мындайча билдирилет:

**Биз асмандарды, жерди жана ал экөөсү арасындагыларды бир «ойун жана алаксуу» болсун деп жараткан жокпуз. Биз аларды жалаң гана чындык (хак) менен жараттык. Бирок алардын көпчүлүгү билишпейт. (Духан Сүрөсү, 38-39)**

**Биз силерди бош бир максат үчүн жаратты жана чындыгында Бизге кайра кайтпайбыз деп ойлодуңар беле? (Муминун Сүрөсү, 115)**

Демек, ар бир адам алгач өзүнүн, андан кийин ааламда көргөн нерселердин жана жашоосу бойунча жолуккан ар бир окуянын жаратылуу максатын ойлонушу зарыл. Ойлонбогон бир адам чындыктарды өлгөндөн кийин гана, Аллахтын алдында эсеп берип жатканда түшүнөт, бирок эми абдан кеч калган болот.

Аллах Куранда ар бир адамдын эсеп күнү ойлонуп, чындыкты көрөөрүн мындайча билдирет:

**Ал күнү тозок да жакындатылган болот. Адам ал күнү ойлонуп-эстейт, бирок (бул) эстөөдөн ага эмне пайда? (Ал) Айтат: «Аттиң, жашоом үчүн (мурдатан бир нерселер) алып келген болгонумда.» (Фежр Сүрөсү, 23-24)**

Аллах бизге дүйнө жашоосунда мүмкүнчүлүк берип турганда, ой жүгүртүү жана алардан жыйынтык чыгаруу менен чындыктарды көрүү акырет жашообузда бизге чоң бир пайда алып келет. Ошол себептен, Аллах элчилери жана китептери аркылуу бардык адамдарды өздөрүнүн жана бардык ааламдардын жаратылуусу жөнүндө ой жүгүртүүгө чакырат. Аятта мындай баяндалат:

**Өздөрүнүн нефстери жөнүндө ойлонушпайбы? Аллах асмандарды, жерди жана бул экөөсү арасындагы нерселерди чындык менен гана, жана белгиленген бир мөөнөт (ажал) менен жараткан. Чындыгында, адамдардын көбү Жаратуучуларына жолугаарына ишенишпейт. (Рум Сүрөсү, 8)**

# ТЕРЕҢ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

Көпчүлүк адамдар «терең ой жүгүртүү» үчүн башын эки колдоп мыжыгуу, бир бөлмөгө, ал тургай бир тефеккүр (терең ойлонуу) бөлмөсүнө кирип, бардык адамдардан жана окуялардан өзүн сыйрып, бөлүп алуу керек деп ойлойт. Ал тургай «терең ой жүгүртүүнү» ушунчалык татаал элестетет да, «менин күчүм жетпейт» жана муну жалаң гана «ойчулдарга» тиешелүү бир өзгөчөлүк деп ойлойт.

Чындыгында болсо китептин кириш бөлүмүндө да айтылгандай, Аллах адамдарды ойлонууга чакырат жана **«(Бул Куран) Аяттарын жакшылап ойлонушсун жана таза акыл ээлери кеңеш алышсын деп сага (Биз) түшүргөн мубарек бир китеп»** (Сад Сүрөсү, 29) аяты менен Куранды адамдар ойлонсун үчүн түшүргөндүгүн билдирет. Негизги нерсе – адамдын ойлонуу мүмкүнчүлүгүн чын жүрөктөн өнүктүрүшү, ой жүгүртүү багытында тереңдешүүсү.

Бул багытта аракет кылбаган адамдар болсо жашоолорун терең бир капылеттик (караңгылык) ичинде өткөрүшөт. Капылет сөзү – «унутпастан (эсинде болсо да) маани бербөө, таштоо, жаңылуу, көңүл бурбоо» сыяктуу маанилерге ээ. Ой жүгүртпөгөн адамдардын капылет ичиндеги абалы – жаратылуу максаттарын жана дин билдирген чындыктарды унутуунун же аларга билип туруп маани бербөөнүн бир натыйжасы. Бирок, бул – бир адам үчүн абдан кооптуу жана аягы тозокко баруучу бир жол. Аллах адамдарды капылет калбоосу үчүн мындайча эскертет:

**Раббиңди эрте менен, кечинде бийик эмес үн менен, өзүңчө, коркуу менен, жалбара жалбара жана терең терең эсте (зикир кыл). Капылет калгандардан болбо. (Араф Сүрөсү, 205)**

**Иш өкүм чыгарылып бүтө турган, бушаймандык күнү жөнүндө аларды эскерт; алар бир капылеттик ичинде жана алар ишенишпейт. (Мерйем Сүрөсү, 39)**

Куранда ой жүгүртүп, жүрөгү (чын көңүлү) менен чындыктарды көргөн жана ушундан улам Аллахтан коркуп сактанган адамдар жөнүндө сөз кылынат. Эч ойлонбостон, далилге таянбастан бир үрп-адат, салт сыяктуу ата-бабаларынан көргөндөрүн жасагандардын болсо жаңылып калаарынан кабар берилет. Бул адамдардан суралганда, алар динге, Аллахка ишенгендиктерин айтышат. Бирок, алар ойлонбогондуктан, Аллахтан коркуп сактануу менен өздөрүн оңдошпойт. Төмөнкү аяттарда бул адамдардын ойлору мындайча баяндалат:

**Айт: «Эгер билсеңер (айткыла:) Жер жүзү жана андагы нерселер кимдики?»**

**«Аллахтыкы» деп айтышат. Айт: «Дагы эле кеңеш (сабак) алып, ойлонбойсуңарбы?»**

**Айт: «Жети асмандын Раббиси (Жаратуучусу) жана улук Арштын Раббиси ким?»**

**«Аллах» дешет. Айт: «Дагы эле (күнөөлөрдөн) сактанбайсыңарбы?»**

**Айт: «Эгер билсеңер (айткыла:) Бардык нерселердин мелекуту (мүлк жана башкаруусу) кимдин колунда? Ал коргоп, кубат берет, бирок Өзү корголбойт (коргоого муктаж эмес).»**

**«Аллахтын колунда» дешет. Айт: «Андай болсо, кантип мындайча сыйкырланып калуудасыңар?»**

**Жок, Биз аларга чындыкты алып келдик, бирок алар чындыгында жалганчылар. (Мүминун Сүрөсү, 84-90)**

# Ой жүгүртүү адамдардын үстүндөгү сыйкырды жок кылат

Аяттарда Аллах адамдардан **«Андай болсо, кантип мындайча сыйкырланып калуудасыңар?»** деп суроодо. Аяттагы сыйкыр (же гипноз) сөзү адамдарды жалпылай таасири астына алган «мээ уктоосуна» (көздүн чындыкты байкабай калышына) ишарат кылууда. Ойлонбогон адамдын акылы «уктайт», көрүүсү бозорот, башкача айтканда, көз алдындагы чындыктарды көрбөгөн сыяктуу мамиле кылат, аңдап-түшүнүү күчү алсыздайт. Абдан ачык бир нерсени да түшүнө албаган бир абалга келет. Жанында болуп жаткан таң калыштуу окуяларды аңдай албайт. Окуялардын татаал тараптарын (сырларын) байкай албайт. Адамдардын миңдеген жылдар бойу капылет ичинде калууларынын, бир-бирлерине мурас катары калтырган «жалпылай түрдө терең ойлонуудан алыс калууларынын» булагы – ушул «мээнин, акылдын уктоосу» болууда.

Мындай жалпылай гипноздун таасирлеринин бирин мындай мисал менен түшүндүрүүгө болот:

Жердин асты толугу менен «магма» деп аталган бир «от катмарынан» турат. Жердин кабыгы (үстүңкү бети) болсо абдан ичке, башкача айтканда, бул от бизге абдан жакын, дээрлик бутубуздун эле астында. Жердин кабыгынын канчалык ичке экендигин түшүнүү үчүн мындай салыштыруу жасоого болот: жер жүзүнүн кабыгынын жерге салыштырмалуу калыңдыгы – бир алма кабыгынын алмага салыштырмалуу калыңдыгы сыяктуу.

Жердин астында эле абдан жогорку температурада кайнаган бир катмар бар экендигин баарыбыз билебиз, бирок адамдар бул жөнүндө көп ойлонушпайт. Себеби бул адамдардын ата-апалары, бир туугандары, туугандары, достору, коңшулары, гезит жазуучулар, телевизор программасын даярдап сунуучулар, университеттеги мугалимдери да бул жөнүндө ой жүгүртүшпөйт.

Биз сизди бул темада бираз ойлондуралы. Бир адамды «эс-тутумун жоготуп (амнезия болуп), айыкты жана айланадагы адамдардан суроо аркылуу айлана-чөйрөсүн таанып жатат» деп элестетели. Бул адам алгач каерде экендигин сурайт. Ага «сен турган жердин астында эле оттон кайнап турган бир тегерек катмар бар, катуу бир жер титирөө болсо же бир вулкан жарылса, бул оттор жер бетине чыгышы мүмкүн» деп айтылса, ал эмне деп ойлойт? Алдыга дагы илгерилейли. Бул адамга «дүйнө кичинекей бир планета жана космос деп аталган чеги билинбеген бир караңгы боштукта учуп баратат» деп да айтылды дейли. Космос дүйнөнүн астыңкы катмарына (магмага) караганда абдан чоң кооптуулук жаратууда. Мисалы, тонналаган оордуктагы метеорит, астероиддер асманда бош учуп жүрүүдө. Булардын дүйнөгө багытталбашы жана дүйнөгө урунбашы үчүн эч кандай себеп жок.

Албетте, бул адам ичинде болгон кооптуу абалды бир секунда да акылынан чыгарбайт. Мындай «пахта жибине илинген» бир чөйрөдө адамдардын кантип жашап жаткандыгын изилдейт. Жана кемчиликсиз бир системанын жаратылгандыгын байкайт. Ал турган планетанын ичи чоң бир коркунучтуу катмардан турат, бирок бул коркунучтун адамдарга зыян бериши да абдан так тең салмактуулуктар менен тосулган. Муну байкаган адам дүйнөнүн жана дүйнөдөгү бардык жандыктардын Аллахтын каалоосу менен, Ал жараткан кемчиликсиз бир тең салмактуулук менен гана жашап жаткандыгын жана коопсуздук ичинде жашоолорун улантып жаткандыгын түшүнөт.

Бул мисал – адамдар ойлонушу керек болгон миллиондогон, балким ал тургай, миллиарддаган нерселердин жалгыз бири гана. Капылеттин адамдардын ой жүгүртүп, аңдап-түшүнүү мүмкүнчүлүгүнө

кандай таасир бергендигин, адамдын мээ иштетүү мүмкүнчүлүгүн кандайча чектегендигин түшүнүү үчүн дагы бир мисал берели.

Адамдар дүйнө жашоосунун абдан бат өтүп кетээрин билүүдө, бирок буга карабастан, бул дүйнөдөн эч өтпөчүдөй мамиле кылышат. Бул дүйнөдө өлүм жок сыяктуу жүрүшөт. Бул дагы урпактан урпакка берилген бир «сыйкыр» (гипноз). Ал тургай мунун ушунчалык күчтүү бир таасири бар болгондуктан, бир адам өлүм жөнүндө сөз кылса, адамдар үстүлөрүндөгү гипноздун бузулушунан жана чындыктарга жолугуудан абдан коркуу менен сөздү ылдам башкага бурушат. Бүтүндөй жашоосун жакшы бир үй, дача жана машина алуу, балдарын колледжде окутуу үчүн жумшаган адамдар бир күн келип өлөөрүн жана өзү менен кошо машина, үй же балдарын алып кете албасын ойлонгусу келбейт. Чечим катары - өлүмдөн кийинки чыныгы жашоо үчүн бир нерселер кылуу ордуна, ойлонбой койууну тандашат.

Бирок, ар бир адамдын эртеби-кечпи бир күн өлөөрү чындык. Жана өлгөндөн кийин ыйман келтирген жана келтирбеген ар бир адам үчүн түбөлүк жашоо башталат. Бул түбөлүк жашоонун бейиште же тозокто болушу ушул кыска дүйнө жашоосунда жасагандарына жараша болот. Мынчалык ачык чындык бар туруп, адамдардын өлүм жок сыяктуу жашоого мамиле кылуусунун жалгыз себеби – ой жүгүртпөгөндүгүнүн натыйжасында аларды курчап алган бир гипноз.

Бирок, дүйнө жашоосунда ойлонуу менен өзүн бул гипноздон, башкача айтканда, капылет абалынан куткара албаган адамдар өлгөндөн кийин чындыктарды өз көздөрү менен көрүп түшүнүшөт. Аллах бул чындыкты Куранда мындайча баяндайт:

**Ант болсун, сен мындан капылетте элең; мына Биз сенин үстүңдөгү тосукту ачып-алып салдык. Эми бүгүн көрүү-күчүң так, даана. (Каф Сүрөсү, 22)**

Айтта да белгиленгендей, ой жүгүртпөгөндүктөн улам жакшы байкабаган адамдын көрүү күчү өлгөндөн кийин акыретте эсеп берип жатканда «дааналашат».

Белгилеп койчу жагдай, адамдар «билип туруп» өздөрүн мындай гипнозго киргизишүүдө. Мындай жол менен бейпил жашайм деген ой менен ушундай кылышууда. Чындыгында болсо, адамдын бир заматта чечим кабыл алып, үстүндөгү бул «акыл уйкусунан» кутулуп, ачык аңдап-байкоо менен жашоого башташы абдан оңой. Аллах мындан чыгуунун жолун адамдарга көрсөткөн; ой жүгүрткөн адамдар бул гипнозду бул дүйнөдө жашап жаткан кезинде үстүлөрүнөн алып сала алышат. Натыйжада окуялардын бир максаты жана ич тарабы бар экендигин түшүнөт жана Аллах тарабынан тынымсыз жаратылып жаткан хикматтарды (терең акылды) байкай алышат.

## Адам ар убак, ар кайсы жерде ойлоно алат

Ой жүгүртүүнүн убактысы, орду жана шарттары жок. Адам жолдо баратып, жумушка баратып, машина айдап баратып, компьютерде иштеп жатып, бир достор чогулушунда отуруп, телевизор көрүп жатып, тамак ичип жатып ойлонушу мүмкүн.

Мисалы, машина менен баратып сыртта жүздөгөн адамдарды көрүүгө болот. Бул адамдарды караган адам ар кандай нерселерди ойлошу мүмкүн. Көзүнө көрүнгөн жүздөгөн адамдардын келбетинин бир-биринен толугу менен айырмалуу экендиги акылына келиши мүмкүн. Бул адамдардын бири экинчисине эч окшобойт. Адамдар негизинен көз, каш, кирпик, кол, бут, ооз, мурун сыяктуу бирдей органдарга ээ болгонуна карабастан, бири-биринен толугу менен айырмалуу болушу таң калыштуу нерсе. Адам ой жүгүртүүнү улантса, төмөнкү нерсе акылына келет:

Аллах миңдеген жылдар бойу миллиарддаган адамдарды бири-биринен толугу менен айырмалуу кылып жараткан. Шек жок, бул Аллахтын апачык бар экендигинин жана жогорку жаратуу чеберчилигинин далилдеринин бири.

Мынчалык көп адамдардын бир жерге жетүүгө аракет кылып жатканын карап турган адамдын ойуна башка ойлор келиши да мүмкүн. Бир караганда бул адамдардын ар бири «өзүнчө» бир адам катары көрүнөт. Ар биринин өзүнө тиешелүү бир дүйнөсү, каалоолору, пландары, жашоо стилдери, сүйүнтө турган жана кайгырта турган окуялар, хоббилери бар. Бирок бул айырмачылыктар жаңылтуучу. Себеби, жалпысынан ар бир адам төрөлөт, чоңойот, мектепке барат, жумуш издейт, иштейт, үйлөнөт, балалуу болот, баласын мектепке жөнөтөт, баласын үйлөнтөт, картайат, чоң ата, таята же чоң эне, таене болот жана өлөт. Башкача айтканда, бул тараптан караганда, адамдардын жашоосу арасында көп айырма жок. Бир адамдын Стамбулдун бир жеринде же Мексиканын бир шаарында жашап жатышынын көп деле айырмасы жок. Бул адамдардын ар бири сөзсүз бир күн өлөт; ал тургай 100 жылдан кийин бул адамдардан балким бирөөсү да бул жашоодо калбайт. Демек, муну түшүнгөн адам ой жүгүртүүсүн улантат жана өзүнө мындай суроолорду узатат: «Бир күн баарыбыз өлө турган болсок, эмне үчүн элдин баары бул дүйнөдөн эч өтпөй тургандай мамиле кылышууда? Өлөөрүн так билген бир адам өлүмдөн кийинкиси үчүн аракет кылышы зарыл болгонуна карабастан, кандайча адамдардын абдан көп бөлүгү бул дүйнө жашоосу эч түгөнбөчүдөй мамиле кылышууда?»

Дал ушул адам – ой жүгүрткөн жана ойлонуу натыйжасында абдан маанилүү жыйынтык чыгара алган адам.

Бирок адамдардын көпчүлүгү бул нерселерди көп ойлонушпайт. Кокусунан «азыр эмне ойлонуп жатасың?» деп суралса, эч керексиз жана өздөрүнө эч канча пайда алып келбей турган нерселерди ойлонуп жаткандыгы белгилүү болот. Чындыгында болсо, адам ойгонгондон уктаганга чейинки мөөнөт бойу ар дайым «маанилүү», «хикматтуу», «негизги» нерселер жөнүндө ой жүгүртүп, андан жыйынтык чыгарышы мүмкүн.

Аллах Куранда момундардын ар кандай шартта ой жүгүртөөрүн жана бул ойлордон пайда бере турган жыйынтыктар чыгараарын мындайча билдирет:

**Шек жок, асмандардын жана жердин жаратылышында, түн менен күндүздүн алмашышында таза акыл ээлери үчүн чындыгында аяттар (белгилер) бар. Алар турганда да, отурганда да, жатканда да Аллахты эстешет жана асмандардын жана жердин жаратылышы жөнүндө ой жүгүртүшөт. (Жана айтышат:) «Раббибиз, Сен муну максатсыз жараткан жоксуң. Сен – абдан Улуксуң, бизди оттун азабынан сакта.» (Ал-и Имран Сүрөсү, 190-191)**

Аятта да билдирилгендей, момундар ой жүгүрткөн адамдар болгондуктан, жаратылыштагы таң калыштуу, укмуштуу тараптарды көрө алышат жана Аллахтын күчүн, илимин жана акылын элестетип, аңдай алышат.

## Чын көңүлдөн жана Аллахка багытталуу менен ойлонуу

Ой жүгүртүүнүн бир адамга пайда алып келиши, аны туура жыйынтыкка жеткириши үчүн адам дайыма оң тараптуу ойлонушу зарыл. Мисалы, бир адам өзүнөн абдан сулуу бирөөнү көргөндө, бул адамдын сулуулугун ойлонуп, өзүнүн кемчиликтеринен кемсинсе же көңүлүндө кызганыч жаралса, бул Аллах ыраазы болбой турган бир ой болот. Бирок, Аллахты ыраазы кылуу максатын көздөгөн адам бул адамдын сулуулугун Аллахтын кемчиликсиз жаратуусунун бир көрүнүшү катары кабыл алат. Бул адамга Аллах жараткан бир сулуулук катары карагандыктан, мындан чоң бакыт сезет. Акыретте Аллахтын бул адамдын сулуулугун артырышы үчүн дуба кылат. Ошондой эле, өзү үчүн да Аллахтан акыретте чыныгы жана түбөлүккө чейин улануучу бир сулуулук сурайт. Дүйнөдө адамдын эч качан кемчиликсиз боло албашын, себеби дүйнөнүн сыноонун шарты катары кемчиликтер менен бирге жаратылганын ойлонот. Бейишке болгон сагынычы өсөт. Шек жок, бул чын жүрөктөн ойлонуунун бир гана мисалы. Адам жашоосу бойунча бул сыяктуу көптөгөн окуяларга кабылат. Бул окуялар учурунда Аллах ыраазы боло турган бир ахлак, аракет кылып-кылбашы менен сыналат.

Албетте сыноодон ийгиликтүү өтүү жана ой жүгүртүүдөн өзүнө акырети үчүн бир сооп алышы, адамдын ой жүгүрткөн нерселерден кеңеш алышына байланыштуу. Бул үчүн адам дайыма чын, таза жүрөктөн ойлонушу зарыл. Аллах бул чындыкты Куранда мындайча билдирет:

**Ал силерге аяттарын көрсөтөт жана силер үчүн асмандан ырыскы түшүрөт. Чын көңүлдөн (Аллахка) багытталгандан башкасы кеңеш алып-ойлонбойт. (Мүмин Сүрөсү, 13)**

# АДАМДАР КӨБҮНЧӨ ЭМНЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ ОЙЛОНУШАТ?

Мурдакы бөлүмдөрдө адамдардын зарыл болгон негизде ойлонбогондуктарын, ойлонуу мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрбөгөндүгү жөнүндө сөз кылдык. Бирок бул жерде туура эмес түшүнүлбөшү керек болгон бир нерсе бар. Албетте ар бир адам жашоосу бойунча дайыма акылынан бир нерселерди өткөрөт. Адам мээси бопбош болгон учурлар, уйку абалынан тышкары, дээрлик жок. Бирок бул ойлордун көпчүлүк бөлүгү акырети үчүн пайда бербей турган, «бош жана керексиз» адамды эч кандай жыйынтыкка жеткирбеген, адамга эч кандай пайда алып келбеген, пайдасыз ойлор.

Адам күн ичинде эмне ойлонгонун эстегенге аракет кылса жана аларды бир жерге жазса, күндүн аягында аларды анализдесе, көпчүлүгүнүн канчалык пайдасыз экендигин түшүнөт. Же булардын бир

бөлүгүн пайдалуу деп ойлосо да, туура эмес ойлонгон болушу мүмкүн. Себеби көбүнчө адамдарга туура сезилген нерселер чындыгында аларга акыретте бир пайда алып келбей турган ойлор болушу мүмкүн.

Адамдар күнүмдүк жашоолорунда бош иштер менен алек болуп, бош нерселерге убакыт коротушкан сыяктуу бош ойлорду ойлоп да убактысын пайдасыз өткөрүшү мүмкүн. Аллах Куранда **«Алар «толугу менен бош» нерселерден жүз бурушкандар» (Мүминун Сүрөсү, 3)** аяты менен момундарды мактоодо жана бул жакшы аракетти мисал көрсөтүүдө. Аллахтын бул буйругу шек жок адамдардын ойлоруна да тиешелүү. Себеби ойлор, эгер адам аларды башкарбаса, адамдын акылынан тынбай агып кете берет. Адам бир ойдон экинчисине байкабастан өтө берет. Кечинде үйүнө баратып, кыла турган соода-сатык жөнүндө ойлонуп баратып, эки жыл мурун бир досунун айткан сөзү эсине келип калганын байкайт. Бул башы бош жана пайдасыз ойлор күн бойу тынымсыз улана бериши мүмкүн.

Чындыгында болсо, ойлорго ээ болуу адамдын өзүнүн колунда. Ар бир адам акылы менен өзүн, ыйманын, акылын, кыймыл-аракеттерин, чөйрөсүн өзгөртө ала турган ойлонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ.

Бул бөлүмдө капылет ичинде болгон адамдардын негизинен эмнелер жөнүндө ойлоноору жөнүндө сөз кылабыз. Бул нерселердин терең түшүндүрүлүү себеби – бул китепти окуган адамдардын, мисалы эртеси күн жумушка же мектепке барганда же кандайдыр бир жумуш жасап жатканда ойлорунан бул жерде айтылгандар сыяктуу бир ойлор өткөндө, ошол замат бош нерсе ойлонуп жаткандыгын байкоолору жана ойлорун башкарып өздөрүнө чындап пайда бере турган нерселер жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнө жардамчы болуу.

## Бош (куру) элестетүүлөр

Адам ойлорун жакшылык алып келе турган багытта башкарбаган учурда улам улам бош элестетүүлөргө кабыла бериши мүмкүн же болбогон окуяларды ойунда болгон сыяктуу элестетип, жок нерсе үчүн кайгырып, стресске, тынчсызданууга же коркууга кабылышы мүмкүн.

Мисалы, баласы университет сынагына даярданып жаткан бир адам али сынак боло электе эле, баласы сынактан өтпөй калса эмне болоорун элестетет: «Уулу келечекте жакшы бир жумуш, жетиштүү акча таба албаса, анда үйлөнө албайт. Үйлөнсө да той чыгымдарын кантип жабат? Сынактан өтө албаса, атасынын сынакка даярдоо курсу үчүн берген акчалары бошко кеткен болот, ошондой эле башка адамдарга уят болушат. Же эң жакын досунун баласы сынактан өтүп, анын баласы өтпөй калса...»

Мындай бош элестетүүлөр ушинтип улана берет. Чындыгында болсо уулу али сынакка кире да элек. Дин ахлагынан алыс болгон ар бир адам жашоосу бойунча ушул сыяктуу бош элестетүүлөргө кабылуудан кутула албайт. Албетте, мунун бир себеби бар. Куранда адамдардын бош элестетүүлөрдөн кутула албашынын себеби катары «шайтандын сөздөрүн тыңдоо» айтылат:

**Аларды, кандай жол менен болсун, жаңылтып-адаштырам, болбогон (ар кандай) элестетүүлөргө кабылдырам... (Ниса Сүрөсү, 119)**

Жогорудагы аятта көрүлгөндөй, бош элестетүүлөргө кабылган, Аллахты унуткан жана ойлонбогон бир адам түпкүрүндө дайыма шайтандын азгырыктарына ачык. Башкача айтканда, бир адам дүйнө жашоосуна алдануу менен акылын, эркин колдонбой, ариетине (выжданына) карап аракет кылбай жана өзүн окуялардын агымына таштап койсо толугу менен шайтандын башкаруусуна кирет. Шайтандын эң белгилүү өзгөчөлүктөрүнүн бири – адамдарга азгырык жана бош элестетүүлөр, кооптонуулар бериши. Дал ушул ойлордо курулган мындай бош элестетүүлөр, көңүл чөгүү жана «мындай болсо мен эмне кылам?» сыяктуу коркуулар шайтандын азгырыктары менен болот.

Бирок, Аллах бул абалдан өзүн куткаруу үчүн адамдарга жол көрсөткөн. Куранда шайтандан бир азгырык келгенде, адамдарга Аллахка корголонуулары жана ой жүгүртүүлөрү билдирилет:

**(Аллахтан) Коркуп-сактангандарга шайтандан бир азгырык келгенде (алгач) жакшылап ойлонушат (Аллахты зикир кылып, эстешет), андан кийин карасаң, байкап түшүнүшкөн болот. (Шайтандын) Бир туугандары болсо, аларды адашууга түртүшөт, андан кийин алардын артынан калып калышпайт (тынбай азгырышат). (Араф Сүрөсү, 201-202)**

Аяттарда кабар берилгендей, ой жүгүрткөн адам туурасын байкайт, ойлонбогон адам болсо шайтан аны каякка айдаса, ошол жакка кете берет.

Эң негизгиси мындай ойлордун (бош элестетүүлөрдүн) адамга эч кандай пайда алып келбешин, тескерисинче, чындыктар, маанилүү окуялар жөнүндө ойлонууларына тоскоолдук болоорун билүү жана ойлорду булардан тазалоо болмокчу. Адам бош ойлордон тазаланганда гана керектүү багытта ойлоно алат. Мындай жол менен Аллах Куранда буйрук кылган сыяктуу «бош нерселерден баш тарткан» болот.

# ОЙ ЖҮГҮРТҮҮГӨ ЭМНЕЛЕР ТОСКООЛДУК КЫЛАТ?

Адамдардын ой жүгүртүүсүнө тоскоолдук болуучу көптөгөн себептер бар. Бул себептер адамды ойлонуудан, чындыктарды көрүүдөн то сушу мүмкүн. Ошондуктан, ар бир адам өзүнө тескери таасир берген себептерди аныкташы жана алардан кутулушу шарт. Антпесе, дүйнө жашоосунун чыныгы жүзүн көрө албайт. Бул болсо акыретте ага абдан чоң жоготуу алып келет.

Аллах Куранда үстүртөн ойлонуу адатына ээ адамдардын абалын мындайча билдирет:

**Алар дүйнө жашоосунун (жалаң гана) тыш тарабын билишет. Акыреттен болсо капылет калышкан. Өздөрүнүн нефстери (напсилери) жөнүндө ой жүгүртүшпөйбү? Аллах асмандарды, жерди жана бул экөөсү арасындагыларды жалаң гана чындык менен жана белгиленген бир мөөнөт (ажал) менен жараткан. Чындыгында, адамдардын көбү Жаратуучуларына жолугаарына ишенишпейт. (Рум Сүрөсү, 7-8)**

Бул бөлүмдө ой жүгүртүүгө тоскоолдук кылган кээ бир себептер жөнүндө сөз кылабыз.

## Көпчүлүккө баш ийүүнүн натыйжасы болгон «акыл уктоосу»

Адамдарды эң көп жаңылткан нерселердин бири «көпчүлүк» кылган нерселердин тууралыгына ишенүүлөрү болуп саналат. Бир адам туураларды ой жүгүртүү менен табуу ордуна дайыма айланасындагы адамдардын үйрөткөндөрүн кабыл алууга багытталат. Көбүнчө ага башында туура эмес көрүнгөн нерселерди башка адамдар кадимки көрүнүштөй кабыл алгандарын көрөт жана белгилүү бир убакыт өткөндөн кийин өзү да бул нерселерди кыла баштайт.

Мисалы, айланасындагы адамдардын көпчүлүк бөлүгү бир күн өлөөрүн ойлонушпайт. Ал тургай, өлүмдү эстебөө үчүн бул жөнүндө эч кимди сүйлөтүшпөйт. Муну көргөн адам да айланасын карап, «Элдин баары мындай кылган болсо, мен да ушундай мамиле кылышым туура болот» деп ойлойт жана өлүмдү эч ойлобостон жашап баштайт. Эгер айланасындагы ар бир адам Аллахтан коркуу менен аракет кылса жана акырет үчүн абдан аракет кылып жатышкан болгондо, чоң бир ыктымалдуулук менен бул адам да иш-аракеттерин өзгөртмөк.

Же телевизорлордо, журналдарда ар күнү жүздөгөн кырсык, адилетсиздик, зулумдук, өзүн-өзү өлтүрүү, кылмыш, уурулук, алдамчылык кабарлары чыгат, миңдеген жардамга муктаж адамдар жөнүндө сөз кылынат. Бирок көп адамдар бул кабарларды окуп, гезит барактарын барактап кете берет. Көбүнчө адамдар мындай кабарлардын эмнеге мынча көп экендигин, булардын алдын алуу үчүн эмне кылуу, кандай чаралар кабыл алуу керектигин, ал тургай өздөрү бул багытта эмне кыла алаарын эч ойлонушпайт. Себеби, айланасындагы башка адамдардын көбү да бул нерселерди ойлонушпайт. Көп адамдар «дүйнөнү куткаруу мага калдыбы?» логикасы ичине кирип, милдетти башкаларга жүктөп койушат.

## Ой жүгүртүү жалкоолугу

Жалкоолук – адамдардын көпчүлүгүнүн ойлонуусуна тоскоолдук болгон бир себеп.

Ойлонуу жалкоолугунан улам адамдар бардык нерсени көргөн жана көнгөн негизде жасашат. Күнүмдүк жашоодон бир мисал берсек, аялдар үй тазалоодо дайыма апаларынан үйрөнгөн жолду жолдошот. Көбүнчө, «кандай кылсам, оңойураак же тазараак болот» деп ойлонбойт жана жаңы жол издебейт. Ошол сыяктуу эркектер да бир түзөтүү жана ушул сыяктуу бир иш кылыш керек болгондо, бала кезинен ага үйрөтүлгөн ыкмаларды колдонушат. Жаңы бир ыкма, ыңгайлуураак жана акылдуу боло турган бир нерсе кылууга аракет кылбайт. Бул адамдардын сүйлөө калыбы да дайыма бирдей. Мисалы, бир бухгалтердин сүйлөө калыбы жашоосунда көргөн бухгалтерлерге окшош. Докторлордун, банкирлердин, сатуучулардын... Кыскача айтканда, ар бир тармактагы адамдардын өзүнө тиешелүү бир сүйлөө стили бар. Себеби бул адамдар ойлонуу менен эң ылайыктуу, эң кооз, эң сооптуу, жакшыны издеп табышпайт. Дайым көргөндөрүн туурашат.

Маселелерге табылган чечимдер да жалкоолугун көрсөтө турган негизде. Мисалы, бир үйдүн башчысы үйдүн акыр-чикир маселесине мурдакы башчылар колдонгон ыкманын дал өзүн колдонот. Же бир шаар башчысы жол маселесин мурдакы шаар башчылары кандай кылганына карап, чечүүгө аракет кылат. Көп учурда ойлонбогондуктан улам жаңы чечим чыгара албайт.

Албетте бул жерде берилген мисалдар адамдардын күнүмдүк жашоолорунда зыян тарткан нерселер. Бирок булардан абдан маанилүү нерселер бар жана адамдардын бул темаларда жалкоолук кылып ойлонбой койушу аларды чоң жана түбөлүк зыянга учуратат. Адамдын дүйнөдө жаралуу максатын ойлонбошу, өлүмдүн сөзсүз башына келе турган чындык экендигин, өлгөндөн кийин болсо сөзсүз эсеп күнүнө жолугаарын ойлонбой койушу – мындай зыяндын булагы. Аллах Куранда адамдарды бул маанилүү чындыктар жөнүндө ойлонууга чакырат. Бул аяттардан кээ бирлеринде мындайча буйурулат:

**Мына ушулар өздөрүн зыянга учураткандар жана жалгандан ойлоп чыгаргандары (жасалма кудайлар да) алардан алыстап-жоголду. Эч шек жок, булар – акыретте эң көп зыян тартуучулар. Ыйман келтирип, салих (чын жүрөктөн жакшы) амал кылгандар жана «Раббилерине жүрөктөрү ыраазы болуу менен байлангандар», мына ушулар болсо бейиш калкы. Ал жерде түбөлүк калышат. Бул эки топтун мисалы; көр жана дүлөй менен көргөн жана уккан (адам) сыяктуу. Мисал катары булар бири-бири менен теңби? Дагы эле кеңеш алып, ойлонбойсуңарбы? (Худ Сүрөсү, 21-24)**

**Жаратуучу эч жаратпаган сыяктуубу? Эми кеңеш алып, ойлонбойсуңарбы? (Нахл Сүрөсү, 17)**

## «Көп ойлонуу жакшы эмес» көз-карашы

Коомдо «терең ойлонуу - көп жакшы эмес» деген сыяктуу кеңири таралган бир ишеним бар. Ал тургай адамдардын кээ бирлери бири-бирине «көп ойлонбо, акылыңдан адашасың» деп эскертишет. Албетте бул – динден алыс жашаган адамдар ойлоп тапкан негизсиз бир ой гана. Адам ойлонуудан эмес, туура эмес ойлонуу, бош элестетүүлөр жана азгырыктарга кабылуудан качынышы зарыл.

Аллах жана акырет ишеними күчтүү болбогон, Куранды жакшы билбеген адамдар жакшы жана сулуулук жөнүндө эмес, туура эмес ойлонгондуктан, ой жүгүртүү натыйжасында чындыгында көп пайдалуу жыйынтыктар чыкпайт. Мисалы, дүйнө жашоосунун өтүп кетүүчү экендигин, бир күн келип өлөөрүн ойлонушат, бирок мунун натыйжасында чоң бир көңүл чөгүүгө кабылышат. Себеби, дүйнөдө Аллахтын буйруктарын аткарбастан өткөргөн бир жашоонун акыретте аларга жаман бир жыйынтык даярдаганын жүрөгүнүн түпкүрүнөн сезишет. Бир бөлүгү болсо «өлгөндө жок болом» деп ишенгендиктен көңүлү чөгөт.

Чындыгында болсо, Аллахка жана акырет күнүнө ишенген, акылдуу бир адам дүйнө жашоосунун өтүп кетүүчү экендигин ойлонгондо, такыр башка жыйынтыктарга барат. Баарынан мурун дүйнөнүн өтүп кетүүчү экендигин түшүнүүсү акыреттеги чыныгы жана түбөлүк жашоосу үчүн болгон аракетин жумшоосуна себеп болот. Бул дүйнөдөгү жашоонун эртеби кечпи бүтөөрүн билгендиктен, бул дүнүйөлүк пайда жана эсептерге алданбайт. Абдан тобокелдүү болот. Бул өткөөл жашоодо ишке ашкан эч кандай окуя аны капа кылбайт. Дайыма түбөлүк жана сулуу бир жашоого жетүүнүн үмүтү менен жашайт. Дүйнөдөгү нематтардан (жакшылыктардан) жана сулуулуктардан да абдан көп бакыт алат. Себеби Аллах дүйнөнү адамдарды сыноо үчүн кемчиликтүү кылып жараткан. Бул кемчиликтүү дүйнөдө да адамга жаккан көптөгөн сулуулуктар бар болгон болсо, бейиштеги сулуулуктар кыялдана албай турган деңгээлде сонун деп ойлонот. Ар бир көргөн сулуулуктун акыретте чыныгы абалын көрүүнү үмүт кылат. Жана булардын баарын терең ойлонуу менен аңдап-түшүнөт.

Ошол себептен, бир адамдын «аягында чындыктарды көрүп көңүл чөгүүгө кабылсам» деп кооптонуусу жана мындан улам ойлонуудан качынышы ал үчүн чоң зыян алып келет. Себеби Аллахка болгон ыйманы негизинде дайыма үмүт ичинде болгон жана позитивдүү ойлонгон бир адам үчүн көңүл чөгүүгө себеп боло турган эч кандай окуя жок.

## Ойлонуу алып келе турган милдеттерден качуу

Көп адамдар ойлонуудан, бир нерселер жөнүндө мээ иштетүүдөн алыс болуу менен көптөгөн милдеттерден кутулам деп ойлойт. Ал тургай дүйнөдө мындай кылуу менен көптөгөн нерселерден өзүн «куткарышы» мүмкүн. Бирок, адамдардын эң чоң жаңылыштыктарынын бири ойлонбостон Раббибизге болгон милдеттерден кача алам деп ойлоолору болуп саналат. Адамдардын өлүмдү жана өлүмдөн кийинки жашоону ойлонбой койууларынын негизги себеби – ушул. Себеби бир адам бир күнү өлөөрүн ойлонсо жана өлүмдөн кийин түбөлүк жашоо бар экендигин эстесе, болгон күчү менен өлүмдөн кийинки жашоосу үчүн аракет кылыш керек болот. Бирок, акыреттин бар экендигин ойлонбогон учурда мындай милдеттен кутулам деп ойлоо менен өзүн-өзү алдайт. Бирок бул чоң алдануу, жана адам бул дүйнөдө ойлонуу менен чындыкты таппаса, өлүм менен бирге өзү үчүн эч кандай качууга жол жок экендигин түшүнөт. Бул чындык аяттарда мындайча кабар берилет:

**Ал, өлүм мастыгы бир чындык катары келип (адамга) «Мына ушул сенин алыстан качкан нерсең» (деп айтылган учур). Сура (Сур) да үйлөндү. Мына ушул эскертүү (ишке ашкан) күн. (Каф Сүрөсү, 19-20)**

## Күнүмдүк жашоо агымына алдануу менен ой жүгүртпөө

Адамдардын көбү бүтүндөй жашоосун бир «жан талашуу» ичинде өткөрүшөт. Белгилүү бир жашка келгенден баштап бир жумушта иштөөсү, өзүн жана үй-бүлөөсүн багышы керек болот. Муну «жашоо күрөшү» деп аташат жана бул күрөштө бир жерден башка жерге жан талашып чуркоодон башка иштерге убакыт калбайт деп арызданышат. Мындай сөз жүзүндө «убакыт жок» учурунда ойлонуу болсо – алар убакыт бөлө албаган бир нерсе. Натыйжада күнүмдүк жашоосу каякка сүйрөсө, ошол тарапка сүйрөлө беришет. Мындай жашоо ичинде айланасында болуп жаткан окуяларга да маани бербей баштайт.

Чындыгында болсо адамдын бул дүйнөдө максаты бир жерден бир жерге чуркап жүрүп, берилген жашоо мөөнөтүн, убакытты коротуу болбошу керек. Негизги маселе – дүйнөнүн чыныгы жүзүн байкоо жана ошого жараша өмүр өткөрүүдө. Эч бир адамдын жалгыз максаты – акча чогултуу, жумушка баруу, университетте окуу, үйлүү болуу эмес. Албетте адам жашоосунда буларды кылышы зарыл, бирок бардык бул нерселерди кылып жатып акылынан чыгарбашы керек болгон маанилүү бир нерсе бар: Ар бир адамдын дүйнөгө жаратылуу максаты – Аллахка кулчулук кылуу, Аллахтын ыраазычылыгы, кечирими жана бейишине жетүү үчүн аракет кылуу. Бул максаттан тышкаркы бардык аракеттер же иштер жалаң гана адамдын чыныгы максатына (т.а. Аллахтын ыраазычылыгына) жетиши үчүн бир «инструмент» гана боло алат. Инструментти максат кылып алуу болсо – шайтан адамдарды ичине түшүргөн чоң бир жаңылыштык.

Бирок, ойлонбостон жашаган бир адам бул инструменттерди өзүнө максат кылып алышы толук мүмкүн. Күнүмдүк жашоодон бир мисал берсек, адамдын иштеп, коомго пайдалуу нерселер өндүрүшү шек жок жакшы бир аракет. Аллахка ыйман келтирген бир адам мындай ишти кубануу менен жасайт жана мунун үзүрүн бул дүйнөдө да, акыретте да Аллахтан күтөт. Бирок башка бир адам ушул эле жумушту Аллахты унутуу менен, жалаң гана бул дүйнөгө багытталган кээ бир кызыкчылыктар үчүн, адамдарга мактануу үчүн бир чоң орунга жетүү ниети менен кылып жаткан болсо, дал ушундай учурда жаңылган болот. Жана акыретте чындыктарга жолукканда, мунун натыйжасында сүрөттөлө албай турган бир бушаймандыкка кабылат. Аллах дүйнө жашоосуна сүңгүп кеткендер үчүн бир аятында мындай дейт:

**Силерден мурдакы (мунафыктар (эки жүздүүлөр) жана каапырлар) сыяктуу. Алар силерден күч-кубат жагынан күчтүүрөөк, мал-мүлк жана бала-бакыра жагынан көбүрөөк эле. Алар өз кызыкчылыгы үчүн колдонууну тандашты; силерден мурдакылар өз кызыкчылыгы үчүн колдонууга багытталган сыяктуу, силер да өз кызыкчылыгыңар үчүн пайдаланууну көздөдүңөр жана силер да (дүйнөгө жана жыргалга) баткандар сыяктуу баттыңар. Дал ошолордун дүйнөдө акыретте бардык кылгандары (амалдары) бошко кетти жана дал ошолор– зыян көрүүчүлөр. (Тообо Сүрөсү, 69)**

## Бардык нерсеге «Көнүмүш көз» менен кароо жана ошол себептен алар жөнүндө ой жүгүртүү зарыл эмес деп ойлоо

Адамдар кээ бир нерселерди алгачкы жолу көргөндө, андагы укмушту байкашы мүмкүн жана бул алардын ой жүгүртүшүнө, көргөн нерсени изилдеп үйрөнүүсүнө себеп болушу мүмкүн. Бирок белгилүү

бир убактан кийин бул нерсени көнүмүш көз менен карап калат жана андан таасирленбей калат. Өзгөчө ар күнү жолуккан бир жандык же окуя эми алар үчүн «катардагы» бир нерсе абалына келет.

Мисалы, кээ бир медицина факультетинин студенттери алгачкы жолу өлгөн кишинин денесин көргөндө, мындан абдан таасирленишет. Же алгачкы жолу бир оорулуу көз жумганда, бул окуя аларды терең ойго чөмүлтөт. Балким бир канча мүнөт мурун тирүү, күлүп, пландар түзүп, сүйлөп, бактылуулук сезген бир адамдын бир заматта жансыз, бир буюм сыяктуу денесине кабылышат. Алгачкы жолу аутопсия кылуулары (денени ачып изилдөө) үчүн алдыларына жансыз дене келгенде, бул жансыз денеде көргөн бардык нерсени ойлонушат. Мисалы, бул денинин бат эле чирип баратышы, ичинен чыдатпаган бир жыт чыгышы, жашап жатканда көзгө жагымдуу болгон чачтардын тийгенге да жийиркенитүү абалга келиши ойлоруна келген нерселерден. Мунун артынан мындай деп ойлонушат: Бардык адамдардын денелери бир эле заттардан турат жана бүт денелер сөзсүз ушундай нерсеге кабылат, башкача айтканда, өздөрү да бир күн ушундай абалга келишет.

Бирок бир канча жансыз дене көргөндөн кийин же бир канча оорулуу өлгөндөн кийин бул адамдар үстүндө көнүшүү (үлфет) пайда боло башташы мүмкүн. Эми көргөн жансыз денелерди, ал тургай оорулууларды бир буюм сыяктуу көрүп башташат.

Бул абал албетте докторлорго эле тиешелүү нерсе эмес. Адамдардын көбү үчүн жашоолорунун көптөгөн бөлүгүндө ушундай эле абал бар. Мисалы, оор шарттарда жашаган бир адамга кокусунан жыргал, бейпил бир жашоо сунулганда, көргөн жана ээ болгон бардык нерселердин бир немат (Аллахтан жакшылык) экендигин түшүнөт. Жаткан төшөгүнүн жакшыраак болушу, үй терезесинин кооз жаратылышка карашы, каалаган нерсесин алып жей алышы, кышында үйүн каалагандай ысыта алышы, бир жерден бир жерге машинасы менен оңой жете алышы жана башка көптөгөн нерселер бул адам үчүн нематтар болот. Мурдакы кезин эстеген сайын булардын ар бирөөсүнүн кубанычын жашайт. Бирок туулгандан бери мындай мүмкүнчүлүктөргө ээ болгон бир адам булардын наркын, баалуулугун анчалык ойлонбошу мүмкүн. Ойлонмойунча бул сулуулуктарга суктануусу, мүмкүн эмес.

Ой жүгүрткөн адам үчүн туулгандан бери мындай мүмкүнчүлүккө ээ болушу же кийин ээ болушу арасында айырма жок. Себеби эч качан ээ болгон нерселерине көнүмүш көз менен карабайт. Ар бирин ал үчүн Аллах жараткандыгын, Аллах кааласа буларды андан кайра алышы мүмкүн экендигин билет. Мисалы, момундар өздөрүн ташый турган унааларга мингенде мындай дуба кылышат:

**... Буларды биз үчүн мойун сундурган (Аллах) кандай Улук, болбосо биз муну (өз кызматыбызга) колдоно албайт элек... (Зухруф Сүрөсү, 13)**

**Жана биз, албетте, Раббибизге кайтып барабыз. (Зухруф Сүрөсү, 14)**

Бишка бир аятта болсо момундардын бакчаларына киргенде, Аллахты аруулоо менен **«... МашаАллах, Аллахтан башка күч-кудурет жок...»** (Кехф Сүрөсү, 39) деп айтышаары билдирилет. Бул – алардын ар качан бакчаларына киргенде бул бакчаны жаратkandын жана кармап тургандын Аллах экендигин ойлонууларынын бир көрсөткүчү. Ойлонбогон бир адам болсо сонун бир бакчаны алгачкы жолу көргөндө, андан таасирлениши мүмкүн, бирок кийинчерээк бул жер ал үчүн барган сайын көнүмүш бир жер абалына келип баштайт. Ичиндеги сулуулуктарга болгон таң калуусу жоголот. Кээ бир адамдар

болсо эч ойлонбогондуктан, башынан эле бул нематтарды байкашпайт. Аларга берилген нематтарды «көнүмүш», «болушу керек болгон» нерселер сыяктуу кабыл алышат. Ошондуктан, булардагы коздуктардан бакыт ала алышпайт.

## Жыйынтык: Адам ой жүгүртүүсүнө тоскоолдук кылган бардык себептерди жок кылуусу шарт

Мурда да белгиленгендей, адамдардын көпчүлүк бөлүгүнүн ойлонбошу жана капылет калып жашашы адамдын ой жүгүртпөшү үчүн бир себеп боло албайт. Себеби ар бир адам өз башына ээ, көз-карандысыз бир жандык жана Аллах алдында керт башына жооптуу. Ушуну унутпоо керек: Аллах адамдарды дүйнө жашоосунда сынап жатат. Башка адамдардын көңүл кош мамилеси, ой жүгүртпөгөн, чындыктарды байкабаган адамдар болушу да - көбүнчө бул сыноонун бир бөлүгү. Жана чын көңүлдөн ойлонгон бир адам «адамдардын көпчүлүгү ойлонушпайт жана бул нерселерди байкашпайт, эмне үчүн жалгыз мен ойлонойун» дебейт. Ал тургай адамдардын көбүнүн ичинде болгон капылеттигин ойлонуп андан сабак алат жана алардын бири болуп калуудан Аллахка корголонот. Башка адамдар ичинде болгон абал ал үчүн бир себеп боло албашы ачык. Себеби Аллах Куранда адамдардын көпчүлүгүнүн капылеттик ичинде экендигин жана ыйман келтирбегендиктерин көптөгөн аяты аркылуу билдирет. Бул аяттардын кээ бирлеринде мындай буйурулат:

**Сен абдан кааласаң да, адамдардын көбү ыйман келтиришпейт. (Йусуф Сүрөсү, 103)**

**Алиф, Лам, Мим, Ра. Булар – Китептин аяттары. Жана сага Раббиңден түшүрүлгөн чындык. Бирок адамдардын көбү ыйман келтиришпейт. (Рад Сүрөсү, 1)**

**Болгон анттары менен: «Өлгөндү Аллах тирилтпейт» деп ант ичишти. Жок; бул – Анын үстүндөгү чыныгы убада, бирок адамдардын көбү билишпейт. (Нахл Сүрөсү, 38)**

**Ант болсун муну алардын арасында сабак алып-ойлонушсун деп ар кандай түрдө түшүндүрдүк. Бирок адамдардын көбү нашүгүрдүк кылышып (шүгүр кылышпай), көшөрүштү. (Фуркан Сүрөсү, 50)**

Аллах башка аяттарында адамдардын көпчүлүгүн ээрчип жолдон адашкан, жаратылуу максатын ойлонбостон, Аллахтын буйруктарын аткарбаган адамдар жолуга турган натыйжасын мындайча билдирет:

**Ичинде алар (мындайча) жалбарышат: «Раббибиз, бизди чыгар, кылганыбыздан башка салих бир амал кылалы.» Силерге ал жерде (дүйнөдө) сабак ала турган адам сабак алганчалык (узун) өмүр бербедикпи? Силерге эскертүүчү да келген болчу. Андай болсо (азапты) таткыла; эми залимдер үчүн бир жардамчы жок. (Фатыр Сүрөсү, 37)**

Ошол себептен ар бир адам ой жүгүртүүсүнө тоскоолдук кылган себептерди жойуу менен, чын жүрөктөн Аллах жараткан ар бир окуя жана ар бир жандык жөнүндө ой жүгүртүүсү, бул ойлордон өзү үчүн бир сабак чыгарышы зарыл.

Мындан кийинки бөлүмдө бир адам күнүмдүк жашоодо жолуга турган кээ бир окуялар жана жандыктар жөнүндө кандай ой жүгүртүшү мүмкүн экендиги жөнүндө сөз кылынат. Максатыбыз – бул жерде сөз кылынган нерселердин бул китепти окугандарга жол көрсөтүүчү болушу жана мындан кийинки жашоолорун «ой жүгүрткөн жана ойлордон кеңеш жана сабак алган» адамдар катары өткөрүшү.

# БУЛ НЕРСЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ КЕРЕК

Китептин башынан бери ой жүгүртүүнүн мааниси, анын адамга пайдалары, адамды башка жандыктардан айырмалаган абдан маанилүү бир өзгөчөлүк экендигин сөз кылдык. Мындан тышкары, ойлонууга тоскоолдук кылган себептерди да карадык. Шек жок, бардык бул нерселерди баяндоонун негизги максаты – адамдарды ойлонууга чакыруу, жаратылуу максаттарын байкоолору, Аллахтын чексиз илими жана кудуретин сезип, суктанууларына жардамчы болуу болчу.

Эми бул бөлүмдө болсо Аллахка ыйман келтирген бир адамдын бир күн бойу туш болгон окуялар жөнүндө эмне ойлонушу керек экендиги, көргөн окуялардан кандай сабак алышы, жолуккан бардык нерседе Раббибиздин чеберчилигин жана илимин көрүү менен кантип Аллахка шүгүр келтириши жана жакындашуусу керек экендигин баяндайбыз.

Албетте, бул жерде айтыла тургандар бир адамдын ойлонуу мүмкүнчүлүгүнүн абдан кичинекей бир бөлүгүн камтыйт. Адам жашаган ар бир көз ирмеминде ойлонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Жана адамдын ойлонуу күчү ушунчалык кенен болгондуктан, буларды чектөө, катарга тизип саноо мүмкүн эмес. Бул жерде түшүндүрүлө турган нерселердин максаты – жалаң гана ойлонуу мүмкүнчүлүгүн зарыл багытта колдонбогон адамдарга жол ачуу.

Жалаң ойлонгон адамдын гана акыл жеткире алаарын жана башка жандыктардан айырмалуу бир абалга келе алаарын унутпаш керек. Айланасындагы таң калыштуу окуяларды байкай албаган, көрүп акыл жүгүртө албаган адамдардын абалын Аллах аяттарында мындайча кабар берет:

**Чындыктан баш тартуучулардын мисалы кыйкырып-өкүрүүдөн башка эч нерсе укпастан (уккан же кыйкырган нерсесинин маанисин билбеген жана тынымсыз) айкырган (бир айбан) мисалы сыяктуу. Алар – дүлөй, тилсиз, көр; ошондуктан акыл жүгүртүп (чындыкка) жете алышпайт. (Бакара Сүрөсү, 171)**

**… Жүрөктөрү бар, муну менен аңдап-түшүнө алышпайт; көздөрү бар, муну менен көрө алышпайт; кулактары бар, муну менен уга алышпайт. Булар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар. (Араф Сүрөсү, 179)**

**Болбосо сен алардын көбүн (сөз) угат же акылын колдонот деп ойлойсуңбу? Алар жалаң гана айбандар сыяктуу; жок алар жол жагынан адашкан (жана төмөн). (Фуркан Сүрөсү, 44)**

Аллахтын аяттарын, жараткан жандуулардагы жана окуялардагы укмуштуу тараптарын байкай алган, ошондуктан акыл жүгүртө алган адамдар болсо – жалаң гана ойлонгон адамдар. Жана бул адамдар майда чоң дебей ар бир көргөн нерсесинен жыйынтык чыгара алышат.

## Эрте менен ойгонгондо…

Адамдын ойлонуп башташы үчүн атайын бир шарт түзүлүшүнө кажет жок. Эрте менен тургандан баштап ойлонуу үчүн алдына көптөгөн мүмкүнчүлүктөр сунулат.

Эрте менен ойгонгон бир адам алдында узун бир күн бар. Көбүнчө чарчаңкы жана уйкусуз эмес болот, бардык нерсени башынан баштоого даяр. Муну ойлонгон адамдын акылына Аллахтын бир аяты келет:

**Ал – түндү силер үчүн бир кийим, уйкуну бир эс алуу жана күндүздү болсо таркап-иштөө (убактысы) кылган (Зат). (Фуркан Сүрөсү, 47)**

Башынын ордуна келиши, толугу менен ойгонушу үчүн жүзүн чайкап, жуунушу жетиштүү болот. Эми адам өзү үчүн пайдалуу көптөгөн нерселерди ойлонуу абалында болгон болот. Эрте мененки тамактанууда эмне жей турганы же үйдөн канчада чыгуу зарылдыгынан да алда-канча маанилүү нерселер бар жана алгач аларды ойлонушу зарыл.

Биринчиден, эрте менен ойгоно алышы чоң бир укмуш. Эс-учун толугу менен жоготконуна карабастан, эрте менен мурдакы эси-акылы жана кишилиги (өздүк маалыматтары) менен кайра кайткан болот. Жүрөгү согуп атат, дем алып жатат, сүйлөй алууда жана көрө алууда. Кечинде уктаганда болсо бул нематтардын (жакшылыктардын) кайра берилүү гарантиясы жок эле. Ошондой эле, түнү бойу башына эч кандай кырсык келген жок. Мисалы, ал жашаган үйдө бир коңшусунун эсерлиги газ чыгышына себеп болушу мүмкүн жана түнкүсүн чоң бир жарылуу менен ойгонушу мүмкүн эле. Ал жашаган жер чоң бир кырсыкка кабылып, балким бул жашоосу түгөнмөк.

Денесинде башка проблемалар болушу мүмкүн, мисалы бөйрөк оору, баш оору менен ойгонушу мүмкүн эле. Бирок булардын эч бири болгон жок жана ден-соолукта ойгонду. Бардык бул нерселерди ойлонгондо, Аллахтын ага берген бул көп мээримдүүлүк жана коргоосу үчүн Ага шүгүр келтирет (терең ыраазычылык билдирет).

Жаңы бир күндү ден-соолукта баштоосу адамдын акырети үчүн көбүрөөк пайда (сооп) топтоосу үчүн Аллахтын ага бир мүмкүнчүлүк катары дагы бир жолу бериши дегенди билдирет.

Андай болсо эң жакшы нерсе – күндү Аллахты ыраазы кылуу үчүн өткөрүү болмокчу. Адам баарынан мурда мунун планын курушу, мээсин ээлеген ойлор ушулар болушу керек. Аллахты ыраазы кылуунун жолу болсо бул жөнүндө Аллахтан жардам суроо болот. Аз. Сулаймандын ыкластуу дубасы бул багытта момундарга мисал боло алат:

**... Раббим, мага, апа жана атама берген нематыңа (жакшылыгыңа) шүгүр кылууну жана (Сен) ыраазы боло турган бир амалды (иш-аракет) кылуумду илхам кыл жана мени мээримиң менен салих кулдарың арасына кош. (Немл Сүрөсү, 19)**

## Адамдын алсыздыгы ойго салган нерселер

Адам эрте менен төшөктөн турар-турбас алсыз бир жандык экендигин байкап, ойлонуп баштайт. Ар бир таңда сөзсүз жүзүн чайкашы, тиштерин жуушу зарыл. Буларды көргөн адам башка алсыздыктарын да ойлонуп баштайт. Мисалы, ар күнү жуунууга мажбур болушу, ипичке терисинин астынын жаман

көрүнүшү, денесинин инфекцияга абдан ачык болушу, уйкусуздук, ачтык жана суусуздукка чыдай албашы сыяктуу нерселердин баары алсыздыгынын көрсөткүчү.

Эрте менен күзгүнү караган бир адамдын эгер жашы улгайган болсо акылына башка ойлор да келет. Жашоосунун орточо биринчи 20 жылынан кийин алгачкы картайуу белгилери келе баштаган болот. 30дарга келгенде көз асты, ооз тегеректери тырышып баштайт, терисинин эски тирүүлүгү калбаган болот, денесинин чоң бөлүгүндө деформация байкалып баштайт. Жашы өткөн сайын чачтары агарат, ал тургай колдору да картайат.

Буларды ойлонгон бир адам үчүн улгайуу - дүйнө жашоосунун өтүп кетүүчү экендигин көрсөткөн, адамдын дүйнөгө ач көздүк менен байлануусуна тоскоол болгон эң таасирдүү окуялардын бири. Улгайып баштаган адам эми дүйнө жашоосунда түгөнүүнү көздөй багытталган бир саноо башталганын түшүнөт. Чындыгында улгайган жана түгөнүүнү көздөй саноо жасалган нерсе – бул адамдын денеси. Дене күн өткөн сайын чирийт, бирок адамдын рухунда бир улгайуу болбойт. Адамдардын көбү жаш кезинде сулуу же сулуу эмес болуунун күчтүү таасири астында калышат. Көбүнчө сулуу адам бой көтөрөт, сулуу эмес болсо басынып, бактысыз болот. Улгайуу болсо – дененин сулуулугунун жана сулуу эместигинин кандай бат өтүп кетээрин, Аллах кабатында жалгыз өтүмдүү болгон нерсе жана адамдын жалгыз утугунун Аллахка болгон баш ийүүчүлүгү менен көрсөткөн сонун ахлагы экендигин көрсөтүүчү маанилүү бир сабак.

Адам бул алсыздыктары менен жолугушкан сайын ар түрдүү кемчиликтен аруу болгон, жалгыз аруу-бийик заттын Аллах экендигин ойлойт жана Аллахты улуулап мактайт. Аллах адам ээ болгон ар бир алсыздыкты бир хикмат (терең акыл) менен жараткан. Адамдардын дүйнө жашоосуна байланбашы, дүйнө жашоосунда ээ болгон нерселери менен көөп кетпеши – бул хикматтардын кээ бирлери. Буларды ойлонуп түшүнө алган адам акыретте Аллахтын аны бардык бул кемчиликтерсиз жаратуусун каалайт.

Ээ болгон алсыздыктар абдан маанилүү бир ойду да эсине салат: Кара топурактан чыккан бир гүл таптаза, сонун жыттуу болсо, адам өзүн-өзү карабай койгон учурда денесинде пайда болгон жыттын чыдатпас болушу - өзгөчө бой көтөргөн жана өзүн сүйгөн адамдардын терең ойлонушу керек болгон бир абал.

## Адамдын денесиндеги кээ бир өзгөчөлүктөр ойго салган нерселер

Адам эрте менен күзгүгө карап турганда акылына эч ойлобогон нерселер келиши мүмкүн. Мисалы адамдын кирпиктери, каштары, сөөктөрү, тиштери белгилүү бир узундукка жеткенде өспөй калат. Бирок чачтарынын өсүшү токтобойт. Башкача айтканда, өсүшү зыяндуу боло турган, жаман бир көрүнүш жарата турган бөлүктөр өсүүсүн токтоткон болсо, өсүшү сулуулук жагынан кооз боло турган чачтар өсүүсүн улантат. Муну менен бирге сөөктөрүнүн өсүшүндө да толугу менен дал келүүчүлүк жана пропорция бар. Мисалы, адамдын кол сөөктөрү көбүрөөк өсүп, үстүңкү денеси кыска калып калбайт. Ар бири канчалык өсүшү керек экендигин билген сыяктуу убактысында токтойт.

Албетте бул жерде саналгандар денеде пайда болгон көптөгөн физикалык себептердин натыйжасында болот. Бирок ойлонгон адамдын акылына мындай ой да келет: Бул химиялык

реакциялардын ишке ашышы кантип болууда? Керектүү бардык нерсенин зарыл болгон деңгээлде өсүшүн камсыз кылган гормондор, энзимдер дененин ичине ким тарабынан жайгаштырылган? Жана ким булардын санын, бөлүнүү убакыттарын көзөмөлдөөдө?

Шек жок, бардык бул нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болду деп айтуу эч мүмкүн эмес. Адамды түзгөн клеткалар, клеткаларды түзгөн акылсыз атомдордун мындай чечимдер кабыл алышы эч мүмкүн эмес. Булардын ар биринин адамды эң көркөм келбетте жараткан Аллахтын чеберчилиги экендиги даана байкалат.

## Жолдо кетип бараткандa…

Адамдардын көбү эрте менен туруп, даярдангандан кийин жумушуна, мектеп-университетке же сырттагы бир иштерин бүтүрүү үчүн жолго чыгышат. Бир момун үчүн мындай жол жүрүү – Аллах ыраазы боло турган жакшы иштер кылуунун бир башталгычы. Адам үйүнөн тышка чыгаары менен алдынан ойлонушу керек болгон көптөгөн нерселер чыгат. Айланада чоң-кичине миңдеген адамдар, машиналар, дарактар, саноого мүмкүн эмес болгон көп детальдар бар. Бул жерде бир момундун көз-карашы абдан даана. Ал көргөн нерселерден мүмкүн болушунча пайда алууга аракет кылат. Окуялардын артындагы себептерди ойлонот. Себеби маңдайында көргөн көрүнүш Аллахтын илими ичинде жана Анын каалоосу менен жаралган. Андай болсо сөзсүз бир себеби бар. Аллах аны тышка чыгарып, маңдайына мындай көрүнүштөр көрсөткөнүнө караганда, буларда көрүшү жана ой жүгүртүшү керек болгон нерселер бар. Эрте менен тургандан бери ага дүйнөдө сооп топтой алышы үчүн дагы бир күн бергендиги үчүн Аллахка шүгүр келтирген болот. Жана эми болсо бул сооптарду топтоонун бир жолоочулугуна чыккан болот. Муну акылында кармаган адам Аллахтын **«Күндүздү бир ырыскы топтоо убактысы кылдык» (Небе Сүрөсү, 11)** аятын ойлойт. Бул аят негизинде күнүн башка адамдарга пайдалуу боло турган, Аллах ыраазы боло турган иштер кылуу менен өткөрүүнүн планын курат.

Акылында бул пландар менен машинасына же башка бир унаага жеткенде кайрадан Раббибизге шүгүр келтирет. Себеби бара турган жери канчалык алыс болбосун, ал жерге жетүү мүмкүнчүлүгү бар. Аллах жеңилдик катары адамдарга көптөгөн унаалар жараткан. Өзгөчө бүгүнкү күндө өнүккөн технология менен бул мүмкүнчүлүктөр абдан көбөйдү: машиналар, поезддер, учактар, кемелер, вертолеттор, автобустар... . Буларды ойлонгон адамдын акылына абдан маанилүү дагы бир нерсе келет: Технологияны да адамдардын кызматына Аллах сунууда.

Илимпоздор күн сайын жаңы ачылыштар жасоодо, жашообузга жеңилдик берүүчү жаңылыктар табышууда. Жана булардын баарын Аллах дүйнөдө жараткан мүмкүнчүлүктөр менен ишке ашырышууда. Ой жүгүрткөн адам буларды анын кызматына мойун сундургандыгы үчүн Раббибизге шүгүр кылып, жолун улантат.

Бул ойлор менен бара турган жерине кетип баратып, көчөлөр арасында көргөн бир таштанды, жаман жыт, караңгылык, тар жерлер да адамдын акылына ар кандай нерселерди салат.

Аллах дүйнөдө бейишти да, тозокту да кыялыбызда элестете ала турган же салыштыруу менен кандай болоорун болжолдой ала турган негизде жерлер жана көрүнүштөр жараткан. Таштанды толо, жаман жыттар, тар жана караңгы жерлер адамдын рухуна чоң бир сыгылуу алып келет. Адам мындай

чөйрөдө эч качан тургусу келбейт. Булардын баары тозокту элестеткен өзгөчөлүктөр жана бул көрүнүштөргө жолуккан адамдын акылына тозок аяттары келет. Аллах Куранда тозоктогу жаман көрүнүштөрдү, караңгылыкты, кирди көптөгөн аяттар аркылуу кабар берген:

**«Асхаб-ы Шимал», кандай (бактысыз ал) «Асхаб-ы Шимал.»**
**Клеткаларга таасир берген кууруучу ысыктык жана кайнак суу,**
**Жана капкара түтүндөн бир көлөкө ичинде.**
**Ал салкын да эмес, эс алдыруучу да эмес. (Вакыа Сүрөсү, 41-44)**

**Колдору мойундарына байлануу, тар бир жерге ташталганда, ал жерде жок болушту каалап-чакырышат. Бүгүн бир жок болушту чакырбагыла, көп (жолу) жок болууну каалап-чакыргыла. (Фуркан Сүрөсү, 13-14)**

Курандын бул аяттарын эстеген адам ошол замат Аллахка аны тозок азабынан сакташы үчүн дуба кылат, кылган каталары үчүн кечирүүсүн тилейт.

Мындай ой жүгүртпөгөн адам болсо күнүн сүйлөнүү менен, ар бир окуяда бир күнөөкөр издөө менен өткөрөт. Таштанды таштагандар жана аны топтоодон кеч калган тиешелүү кызматкерлер ойун ээлейт, кызматта чоңунун ага жок жерден жаман мамиле жасашы жана ушул сыяктуу көптөгөн нерселер күн бойу акылын ээлейт. Мындай бош ойлордун болсо ал үчүн акыретте эч кандай пайдасы жок. Балким адам «Бир топ жумушту таштап салсамбы?» деп ойлошу мүмкүн. Чындыгында көп адамдар өзүн ойлонуудан тоскон нерсе катары дүйнө жашоосунда жасаган күрөштү айтат. Тамак-аш, үй-жай жана ден-соолук сыяктуу проблемалар себебинен ойлонууга мүмкүнчүлүк жок деп айтат. Чындыгында бул качуунун бир жолу гана. Адамдын милдеттери жана ичинде турган абалы менен ой жүгүртүшү арасында эч кандай байланыш жок. Себеби Аллахтын ыраазычылыгы үчүн ой жүгүртүүгө аракет жасаган адам жанында Аллахтын жардамын табат. Ал үчүн проблема деп ойлогон көптөгөн нерселер биринин артынан бири чечилип жатканын жана күн сайын улам көбүрөөк ойлонууга убакыт бөлө алып жатканын көрөт. Бул момундар гана башынан өткөрүп түшүнө турган бир нерсе.

## Түркүн түстүү бир дүйнө ойго салган нерселер

Жолун улаган адам чөйрөсүндө көз ирмем сайын Аллахтын аяттарын, жаратылуу укмуштарын көрүүгө, булар жөнүндө ойлонуп, Раббибиздин улуулугун түшүнүүгө аракет кылат. Машинанын терезесинен сыртка караганда түркүн түстүү бир дүйнөнү көрөт. Бул жөнүндө минтип ойлонот: «Дүйнө мындай түркүн түстүү болбогондо, бүт нерселер кандай болот эле?»

Мисалы, сүрөттөрдү карап, сиз да ойлонуп көрүңүз. Эч кандай түсү болбогон бир деңиз же бир тоо көрүнүшүнөн же бир гүлдөн азыр ырахат алган сыяктуу ырахат ала алат белек? Асман, мөмөлөр, көпөлөктөр, кийимдер, адамдардын жүзүнүн көрүнүштөрү азыркы сыяктуу ырахат берет беле? Түркүн түстүү, абдан кооз бир дүйнөдө жашап жатышыбыз бизге Раббибиз берген бир жакшылык. Табиятта биз көргөн ар бир түс, жандыктардагы түстөрдүн бири-бири менен болгон кемчиликсиз дал келүүлөрү Аллахтын теңдешсиз чеберчилигинин жана окшошу жок жаратуусунун далилдери. Мисалы, бир гүл же бир чымчык ээ болгон түстөр жана бул түстөрдүн бири-бирине дал келиши же түстөрдүн бири-бирине жумшак өтүшү, табияттагы эч бир түстүн көзүбүздү тынчсыздандырбашы, мисалы деңиздер, асман,

дарактардын түстөрүнүн бизге ырахат бере турган, көзүбүздү чарчатпай турган тондордо болушу Аллахтын жаратышынын кемчиликсиздигин көрсөтөт. Бардык бул нерселерди ойлонгон бир адам айланасында көргөн бардык нерселердин Аллахтын чексиз илими жана кудуретинин бир чыгармасы экендигин түшүнөт. Аллах бизге берген бардык бул нематтарды көрүү менен «ичи титирөө менен» Аллахтан коркуп сактанат жана нашүгүрлүк кылган бир адам болуудан Аллахка корголонот. Аллах Куранда түстөрдүн бар болушун эстетүү менен, жалаң гана илимдүүлөрдүн, башкача айтканда, ойлонуп изилдеген жана булардан жыйынтык чыгарган адамдардын Аллахтан коркоорун мындайча билдирет:

**Аллахтын асмандан суу түшүргөнүн көрбөдүңбү? Ушундайча Биз аны менен түркүн түстүү мөмөлөр чыгардык. Тоолордон ак, кызыл түстөрдө ар түрдүү жана кара жолдор (кылдык). Адамдардан, жаныбарлардан жана майда мүйүздүү жандыктардан (кой-эчки сыяктуу) да ар кандай түстөгүлөрү бар. Кулдары арасынан болсо Аллахтан жалаң гана илимдүүлөр «ичтери титирөө менен коркушат». Шек жок, Аллах – улук жана күчтүү, кечиримдүү. (Фатыр Сүрөсү, 27-28)**

## Жолдо көрүнгөн бир жаназа машинасы ойго салган нерселер

Бир жерлерге жетүүгө аракет кылган адамдын маңдайына капысынан жаназа машинасы чыгышы мүмкүн. Бул чындыгында адамды өзүнө келтире турган абдан маанилүү бир мүмкүнчүлүк. Алдынан чыккан бул көрүнүш ага өлүмдү эстетет. Бир күн өзү да ал машинанын ичинде болот. Мындан эч кандай шек жок, канча качса да өлүм эртеби-кечпи аны табат. Балким төшөгүндө, балким жолдо, балким бир эс алууда бир жерде бул дүйнөдөн сөзсүз кетет. Себеби өлүм – качып кутулбай турган бир чындык.

Мындай окуяда момундун акылына Аллахтын төмөнкү аяттары келет:

**Ар бир нефс (напси) өлүмдү татуучу; кийин Бизге кайтасыңар. Ыйман кылып салих амал кылгандар; аларды ичинде түбөлүк калуучулар кылып, астынан дарыялар аккан бейиштин бийик сарайларына сөзсүз жайгаштырабыз. (Салих) Амалдарды кылгандардын сыйлыгы кандай сонун. Алар – сабыр кылгандар жана Раббилерине тобокел кылгандар. (Анкебут Сүрөсү, 57-59)**

Адамдын өзүнүн денесинин да аягында бир күн кепинге оролуп, үстү жакындары тарабынан топурак менен жабылаарын, бир мазар ташына аты жана фамилиясынын жазылаарын ойлонушу анын дүйнөгө болгон байланиусун жок кылат. Муну абдан чын жүрөктөн жана чындыкты ойлонгон адам бир күн топурактын астында кала турган денеге ээ чыгуунун канчалык маанисиз экендигин байкайт.

Аллах Анкебут Сүрөсүндөгү аяттарда сабыр кылгандар жана тобокелдүү болгондорго өлүмүнөн кийин бейишти сүйүнчүлөгөн. Ошондуктан, бир күн өлөөрүн ойлонгон момун бейишке кире алуу үчүн Аллах буйрук кылган сонун ахлакты жашоого аракет кылат. Өлүмдүн жакын экендигин ойлонгон сайын бул багытынын тууралыгы бекемделет жана жашоосу бойунча барган сайын жакшырган бир ахлакка ээ болгонго аракет кылат.

Дайыма башка ойлорду ойлонуп, бош элестетүүлөр менен жашоосун өткөргөндөр болсо жаназа машинасына жолукмак тургай, ар күнү мазардын жанынан өтсө да, ал тургай жанында абдан маани берген бир жакыны өлсө да, өлүмдүн бир күн өз башына да келээрин ойлонуп койушпайт.

## Күн бойу…

Момун күн бойу жолуккан окуяларда дайыма Аллахтын аяттарын ойлонот, окуялардагы сырларды түшүнүүгө аракет жасайт.

Жакшылык же жамандыкка жолукканда дайыма Аллах ыраазы боло турган сонун ахлак менен аракет кылат. Ыйман келтирген бир адам үчүн ал турган чөйрөнүн мааниси жок; мектепте, жумушта же базарда болсун дайыма Аллахтын бардык нерсени жараткандыгын ойлонуу менен, Ал жараткан сулуулуктарды, окуялардагы хикматтарды көрүүгө аракет кылат, Раббибиздин аяттарына ылайык жашоо өткөрөт. Ыймандуулардын мындай аракети аяттарда мындайча кабар берилет:

**(Алар ушундай) Адамдар, соода да, базарлык да аларды Аллахты эстөөдөн, туптуура намаз кылуудан жана зекетти берүүдөн «каалоого алдантып, тосо албайт»; алар жүрөктөр жана көздөр аңтарыла (абдан) корко турган күндөн коркушат. Себеби, Аллах (алар) жасагандарына эң сонун менен жооп берет жана аларга Өз берешендигинен көбөйтүп берет. Аллах каалаганына эсепсиз ырыскы берет. (Нур Сүрөсү, 37-38)**

## Жасап жаткан иште кыйынчылыктар эске салган нерселер

Адам эртеден кечке ар кандай кыйынчылыктарга жолугушу мүмкүн. Бирок ал жолуккан кыйынчылык кандай болбосун, Аллахка тобокел кылуусу жана төмөнкүлөрдү ойлонушу зарыл: «Аллах бизди бул дүйнө жашообузда ар бир кылган ишибиз менен жана ар бир ойлонгон ойубуз менен сынап жатат. Бул бир секунд да акылыбыздан чыгарбышыбыз керек болгон абдан маанилүү бир чындык. Андай болсо кылган ар бир ишибизде бир кыйынчылыкка жолукканыбызда же иштер оңунан чыкпай жатат деп ойлонгонубузда, бул окуялардын баарынан биздин ага карата мамилебизди сыноо үчүн жаратылып жаткандыгын эч унутпашыбыз керек.»

Адамдын акылынан өткөн бул ойлор – күнүмдүк жашоодо болуп жаткан чоң же кичи бардык окуяларга тиешелүү. Мисалы, жумушунда бир туура эмес түшүнүү же бирөөнүн катасы себебинен туура эмес бир жерге төлөө жасалып калышы мүмкүн, сааттардан бери компьютерде жазылып жаткан бир документ ток өчүү себебинен жоголуп кетиши мүмкүн, бир студент абдан көп аракет кылганына карабастан, университетке өтпөй калышы мүмкүн, бир жумушту бүтүрүүдө бюрократиялык жумуштар көп болгондуктан, бир адам эртеден кечке кезекте туруп калышы мүмкүн, улам бир документте кемчиликтер чыга бериши жана ушул себептен жумушу бүтпөй калышы мүмкүн, бир адам шашылыш бир жерге жетиши керек болгон учурда учак же автобустан кеч калышы мүмкүн... Ар адам жашоосунда жолукчу жана кыйынчылык, «тескерилик» деп ойлогон ушул сыяктуу сансыз окуялар бар.

Бирок, бул окуялардын ар биринде ыймандуу бир адам ошол замат Аллах менин мамилемди жана сабырымды сынап жатат, өлө турган жана акыретте эсеп бере турган бир адам бул окуяларга сүңгүп, аларга кайгырып убакыт жоготуунун туура эмес экендигин ойлойт. Бардык бул окуялар артында бир жакшылык бар экендигин билет. Эч кайсы окуя үчүн «Аттиң!» деп айтпайт. Аллахка жумуштарын жеңилдетиши үчүн чын жүрөктөн дуба кылат.

Жана бул кыйынчылыктын артынан жеңилдик келгенде, мунун Аллахка кылган дубасынын бир жообу экендигин, Аллахтын дубаларды угуучу жана аларга жооп берүүчү экендигин ойлойт жана Аллахка шүгүр келтирет.

Буларды ойлонуу менен күнүн өткөрүп жаткан адам кандай окуяга кабылса да, эч качан үмүтсүздүккө түшпөйт, тынчсызданбайт, коркуп-кайгырбайт, чарасыз абалда калбайт. Аллахтын бардык нерселерди, окуяларды бир жакшылык жана сулуулук менен жараткандыгын билет. Ошондой эле, мунун жалаң гана башына келген чоң окуяларда эмес, бираз мурда сөз кылынгандай, күнүмдүк жашоосунда кичине-чоң дебей, жолуккан ар бир окуяда ойлонот.

Мисалы, пландаган маанилүү бир иш, ал каалагандай болбогон, ийгиликтүү аяктаарда акыркы мөөнөттө бир проблемага жолуккан бир адамды элестетиңиз. Бул адам ошол замат ачууланат, кайгырат, стресс болот, кыскача айтканда, ар кандай тескери сезимдерге кабылат. Ал эми ар бир нерседе бир жакшылык бар экендигин ойлогон бир адам Аллах бул окуялар менен ага көрсөткөн хикматтарды ой жүгүртүп, табууга аракет кылат. Мындай жол менен Аллахтын бул багытта көбүрөөк, жакшы чара көрүшү керек экендигине көңүл бурган болушу мүмкүн деп ойлойт. Техникалык керектүү бардык чараларды көрөт жана «балким ушундайча маанилүү зыяндарга кабылуунун алды алынды» деп ойлоп Аллахка шүгүр келтирет.

Бир жерге кетип баратып, түшө турган автобустан калып калса, «балким кечигишим же бул автобуска түшпөй калышым мени бир кырсыктан же башка бир жамандыктан сактагандыр» деп ойлошу мүмкүн. Булар жалаң гана бир канча мисал. «Балким башка да ушул сыяктуу хикматтары бардыр» деп да ойлошу мүмкүн. Бул мисалдардан адам жашоосунда абдан көп берүүгө болот. Бирок эң маанилүүсү бул: Адам түзгөн план ар дайым ал каалагандай натыйжа бербеши мүмкүн. Адам пландагандан такыр башка натыйжага кабылышы мүмкүн. Мындай учурда тобокелдүү адам, жолуккан окуяда жакшылык, хикмат издеген адам утат. Себеби, Аллах аятында адамдарга мындай билдирет:

**… Көңүлүңөргө жакпаган бир нерсе – силер үчүн бир жакшылык болушу мүмкүн жана силер жактырган бир нерсе – силер үчүн бир жамандык болушу мүмкүн. Аллах билет, силер билбейсиңер. (Бакара Сүрөсү, 216)**

Аллах аятында да билдиргендей, биз биле албайбыз, бирок Аллах билет. Ошондуктан, биз үчүн эмне жакшылык, эмне жамандык экендигин билген – Аллах. Адамдын кылышы керек болгон нерсе – чексиз мээримдүү жана коргоочу Аллахты дос тутуу жана Аллахка толук бир мойун сунуу менен баш ийүү.

## Бир жумуш жасап жатканда, ойго келген нерселер

Бир адам бир жумуш жасап атканда, акылынын бош калбашы жана дайыма жакшылык жөнүндө ойлонушу абдан маанилүү. Себеби адам бир эле убакта бир канча жумуш жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ. Мисалы, машина айдап бараткан, үй тазалап аткан, спорт менен алектенип жаткан, жолдо бараткан ар бир адам ошол эле учурда жакшы, сооптуу бир нерселер ойлоно алат.

Тазалык кылып жаткан бир адам Аллахтын ага суу, порошок сыяктуу мүмкүнчүлүктөрдү бергендиги үчүн шүгүр кылат. Аллахтын тазалыкты жана таза адамдарды сүйгөндүгүн билгендиктен, кылган ишин бир ибадат катары көрөт жана Аллахтын ыраазычылыгына жетүүнү үмүт кылат. Ошондой эле, бир жерди тазалоо менен башка адамдар үчүн ырахат берүүчү бир шарт түзүүдөн ырахат алат.

Же кандайдыр бир жумуш кылып жаткан бир адам тынымсыз Аллахка дуба кылат, кылып жаткан ишин жеңилдетүүсүн Раббибизден сурайт, Аллах кааламайынча, эч кайсы иште ийгиликке жете албасын ойлонот. Куранда бизге өрнөк көрсөтүлгөн пайгамбарлардын дайыма ичинен Аллахка багытталгандыгын, бир жумуш кылууда дайыма Аллахты ойлогондорун көрөбүз. Бул куттуу адамдардын бири – Аз. Муса. Аз. Муса жолдо баратып жолуккан аялдардын малдарына суу ичирүүлөрүнө жардамчы болгондон кийин Аллахтан жардам сураган. Бул окуя аяттарда мындайча кабардалат:

**Мадйан суусуна барганда, суу алып жаткан бир топ адамдарды көрдү. Алардын артында (жаныбарларын сууга алып баруудан тартынган) эки аял көрдү. (Ал) Айтты: «Бул кандай абал?» «Чабандар малдарын сугармайынча, биз сугара албайбыз; атабыз жашы улгайган бир киши.» дешти. Ошол замат алардын малдарын сугарып берди, андан соң көлөкөгө барып айтты: «Раббим, чындыгында мага берчү ар кандай жакшылыгыңа муктажмын.» (Касас Сүрөсү, 23-24)**

Курандагы башка бир мисал Аз. Ибрахим жана Аз. Исмаил. Аллах бул пайгамбарлардын чогуу жумуш жасап жатып, башка ыйман келтиргендер үчүн жакшылыктарды ойлонгондугун жана Ага кайрылып дуба кылгандарын кабар берет. Аяттарда мындай баяндалат:

**Ибрахим, Исмаил менен бирге Үйдүн (Каабанын) дубалдарын көтөргөндө (экөөсү мындай дуба кылышты): «Раббибиз бизден (муну) кабыл кыл. Шек жок, Сен угуучу жана Билүүчүсүң. Раббибиз, экөөбүздү Сага баш ийген (Мусулмандар) кыл жана урпагыбыздан Сага баш ийген (Мусулман) бир үммөт (бер). Бизге ибадат жолдорун (жер жана эрежелерин) көрсөт жана тообобузду кабыл кыл. Шек жок, Сен – тооболорду кабыл кылуучу жана коргоочусуң. Раббибиз, араларынан аларга бир элчи жөнөт, аларга аяттарын окусун, китепти жана хикматты үйрөтсүн жана аларды (күнөөлөрдөн) тазаласын (кайтарсын). Шек жок, Сен күчтүү жана үстөмдүк ээсисиң, өкүм жана хикмет ээсисиң. (Бакара Сүрөсү, 127-129)**

## Бир жөргөмүш тору ойго салган нерселер

Күнүн үйдө өткөргөн бир адам да ойлоно турган көп нерселер бар. Мисалы, үй тазалап жатып, үйдүн бир бурчуна тор салган бир жөргөмүш көрүшү мүмкүн. Эгер адатта эч ким маани бербеген бул жандык жөнүндө ой жүгүртүү керек экендигин байкаса, өзүнө жаңы ой эшиктерин ачканын көрөт. Себеби

ал көргөн кичинекей жандык – чеберчилик менен жаратылган бир укмуш. Бул жөргөмүш өргөн тордо укмуш симметрия бар. Мындай таң калыштуу кемчиликсиз торду бир жөргөмүш кантип жасады деп кызыгып, бираз изилдегенде башка чындыктарды байкайт: Жөргөмүш колдонгон жип, дал ошондой калыңдыктагы каучуктан 30% ийкемдүүрөөк. Жөргөмүш өндүргөн бул жип жогорку өзгөчөлүккө ээ болгондуктан, адамдар тарабынан өндүрүлгөн ок өткөрбөс кийим жасалышында мисал алынууда. Башкача айтканда, көп адамдар жөнөкөй кабыл алган жөргөмүш тору – чындыгында дүйнөдөгү эң идеалдуу өнөр-жай товарларындай жогорку сапаттагы бир зат.

Чөйрөсүндөгү жандууларда кемчиликсиз жаратылуу укмуштарына күбө болгон бул адам ойлонгон сайын мындан да таң калыштуу чындыктарды байкайт. Тынбай көргөнүнө карабастан, эч маани бербеген, ал тургай ачууланып өлтүргүсү келген бир чымынды анализдеп көргөндө, анын абдан тыкан жана толук тазалык түшүнүгү бар экендигин көрөт. Чымын улам улам ар жерге конуу менен колдорун жана буттарын өз-өзүнчө тазалайт. Андан кийин канаттарын, жүзүнө жуккан чаңдарды колдору жана буттары менен бир-бирден тазалайт. Тазалыгына ишенгенге чейин бул иш-аракеттерин улантат. Башка бардык чымын-чиркей жана курт-кумурска түрлөрү да ушул сыяктуу тыкандык, аярдык менен тазаланышат. Бул тазаланууну аларга жалгыз Жаратуучу үйрөткөндүгүн көрсөтөт.

Ошол эле чымын учканда, канатын секундасына 500 жолу кагат. Мындай ылдамдыкка адам жасаган эч кайсы машина чыдай албайт, сүртүнүүдөн талкаланып, күйүп кетет. Бирок чымындын канаттарына да, башка жерине да эч кандай зыян келбейт. Шамалдын күчүн жана багытын да эсептөө менен каалаган багытына адашпастан уча алат. Адамзат азыр ээ болгон технологиялык мүмкүнчүлүктөр менен да мындай жогорку өзгөчөлүктөр жана учуу техникаларына ээ бир машина өндүрүүдөн алыс. Бирок «бул чымын да» деп маани бербеген бир жандык адам жасай албаган чоң бир жумушту жасап жатат. Албетте муну чымын өз таланты жана акылы менен кылып жатат деп айтуу мүмкүн эмес. Чымындагы мындай жогорку өзгөчөлүктөр Аллах ага берген мүмкүнчүлүктөр.

Адам айланасына караганда, ал караган ар бир жерде көзгө көрүнгөн жана көрүнбөгөн жандыктар бар. Дүйнөдө жандыктар жок болгон бир $см^2$ жер жок. Адамдар, өсүмдүктөр, жаныбарлар көзгө көрүнгөн жандыктар, бирок булардан сырткары көзгө көрүнбөгөн, бирок бар экени билинген жандыктар бар. Мисалы, жашаган үйдүн бардык жери микроскопиялык жандыктарга толо. Ошол сыяктуу дем алган абада сансыз вирус жүрөт же бакчадагы топуракта эч элестете албаган көп санда бактерия жашап жатат.

Дүйнөдөгү таң калаарлык көп жандыктарды ойлогон адамдын акылына бул жандыктардагы кемчиликсиз системалар да келет. Көрүнгөн жандыктардын баары Аллахтын бар экендигинин апачык бир далили, бирок ушул сыяктуу эле микроскопиялык жандыктарда да чоң укмуштар бар. Көзгө көрүнбөгөн бир вирустун, бактериянын же микроскопиялык жандыктардын өзүнө тиешелүү дене механизмдери бар. Ар биринин жашаган чөйрөсү, тамактануу ыкмасы жана коргонуу системаларын Аллах жараткан. Буларды ойлонгон адамдын акылына Аллахтын аяттары келет. Бир аятта мындай буйурулат:

**Өзүнүн ырыскысын көтөрүп жүрө (топтой) албаган канчалаган жандыктар бар, аларга жана силерге Аллах ырыскы берет. Ал – угуучу, билүүчү. (Анкебут Сүрөсү, 60)**

## Оорулар ойго салган нерселер

Адам – көптөгөн кемчилик, алсыздыктары бар жана бул кемчиликтерден кутулуу үчүн тынымсыз аракет кылышы керек болгон бир жандык. Оорулар адамдардын алсыз экендигин абдан ачык көргөзөт. Адам, ушул себептен, өзү же бир таанышы ооруганда, сөзсүз мунун хикматтары жөнүндө ой жүгүртүүсү зарыл. Ой жүгүрткөндө, эң жөнөкөй көрүнгөн бир грипптин да адамдар сабак ала алчу өзгөчөлүгүн байкайт. Мындай ооруга жолукканда төмөнкүлөрдү ойлойт: биринчиден, гриппке себеп болгон нерсе – көз менен да көрүнбөгөн кичинекей бир вирус. Бирок мынчалык кичинекей бир жандык 60-70 кг оордуктагы бир адамдын күч-кубатын жоготушуна, баса албай калышына, ал тургай сүйлөй албай калышына чейин алсыз кылып койот. Көбүнчө ичкен дарылар, жеген тамактар да пайда алып келбейт. Жалгыз кыла турган нерсе – төшөктө жатып күтүү. Денесинде өзү контролдой албай турган бир согуш жүрөт. Кичинекей бир жандыктын алдында адамдын колу-буту байлануу калат. Мындай учурда адамдын эң алгач акылына келе турган нерсе Аллахтын төмөнкү аяттары болушу керек:

**Мени тамактандырган жана (мага) суу берген – Ал;**
**Ооруганда, мага шыпаа берген – Ал;**
**Мени өлтүрө турган, кийин тирилте турган да – Ал;**
**Дин (жаза) күнү каталарымды кечирээрин үмүт кылганым да – Ал;**
**Раббим, мага өкүм (жана хикмат күчү) бер жана мени салихтердин арасына кош. (Шуара Сүрөсү, 79-83)**

Кандайдыр бир ооруга кабылган адам ден-соолукта жүргөн кезиндеги аракеттери менен ооруган кездеги аракеттерин салыштырып, экөөсү арасындагы айырманы ойлонушу керек. Ооруган кездеги жөнөкөй абалын, Аллахка муктаж экендигин кандайча сезгендигин, мисалы бир операцияга кирип жатып, Аллахка кандайча чын жүрөктөн жана күчтүү дуба кылганын эч унутпашы керек экендигин түшүнүшү зарыл.

Башка бирөөнүн ооруп жатканын көрөр замат өзүнүн ден-соолукта экенин ойлоп, Аллахка шүгүр келтириши керек. Мисалы, бир момун буту оорулуу бирөөнү көргөндө, бутунун өзү үчүн канчалык чоң жана маанилүү бир немат экенин ойлонот. Ар күнү эрте менен турары менен кыйналбастан, каалагандай баса алуунун, зарыл болгондо чуркай алуунун, эч кимге муктаж болбостон ар бир жумушун жеңил гана кыла алуунун Аллахтын берешендиги экенин түшүнөт. Ушинтип салыштыруу жасагандыктан, колундагы нематтардын баасын жакшыраак аңдап-түшүнөт.

## Бой көтөргөн, урушчаак, жаман ахлактуу бирөө менен жолукканда эмнелер акылга келет?

Бир адам күндүз жумушунда же мектепте ар кандай адамга жолугушу мүмкүн. Албетте, бул адамдардын баары ал сыяктуу сонун ахлактуу, Аллахтан корккон адамдар болбошу мүмкүн. Мындай адамдарга жолуккан адам Аллах буйруган жогорку ахлак менен мамиле кылат, алардан такыр таасирленбейт. Алар ээ болгон жаман ахлактын себеби – алардын Аллах коркуусуна ээ эмес болушу жана акыретке ишенбестиктери экендигин билет. Жана акылына төмөнкүлөр келет: Аллах адамдарды тозок

азабы менен коркутууда жана адамдардын түбөлүк азапты ойлонуу менен дүйнө жашоосундагы аракеттерин оңдоосу зарыл экендигин, чын көңүлдөн Аллахка кайрылышын жана динди ыклас менен жашоолорун каалоодо. Адам мындай чоң жана маанилүү азапка жолугаарын элестете алса, сөзсүз мындай азаптан кутулуу үчүн керектүү чараларды көрөт. Бирок бул эскертүүнү ойлонбогон жана ошол себептүү түшүнө албаган адамдар алар үчүн даяр турган от жана азап толо бир жер жок сыяктуу мамиле кылып жашашат.

Бул чындыктарды байкаган адамдын акылына абдан маанилүү башка нерселер келет. Бул адамдардын баары тозок отунун чекесинде турганда, мамилелери такыр башкача болот. Мисалы, бүгүн көөп, бой көтөрүү менен мамиле кылуудан сактанбаган бир адам эсеп күнү кармалып, жерлерде сүйрөлүү менен жана тынбай басмырлануу менен тозок чуңкурунун жанына алып келинсе, жүзүндөгү көз-караш, мамилеси, сүйлөө калыбы, колдонгон сөздөрү башкача болот.

Же урушчаак, адамдарга урмат көрсөтпөгөн, кылмыш кылууга даяр, эч кандай адамдык сыпаты калбаган бир адам ушул сыяктуу тозок отунун жээгине алып келинсе, тозок азабын көргөндүктөн, түбөлүк бир бушаймандыкка кабылат.

Дүйнө жашоосунда дин менен жашабоо, ибадаттарды аткарбоо үчүн ар кандай себептерди санаган бирөө тозок эшигинде күтүп турганда, ага намаз кыл деп айтылса, ушул эле себептерди айта албайт.

Мына, Аллахтан корккон адам бул чындыктарды акылынан чыгарбайт. Тозок отун ойлонот жана ушунун негизинде туура мамиле, туура сөз, сонун ахлактын эмне экендигин көрөт. Тозоктун бар экендигине так ишенгендиктен жана аны тынымсыз ойлонгондуктан, дайыма тозок оту жанында тургандай, жана ар бир кылганынан эсеп берээрин ойлонуу менен иш-аракет, мамиле кылат.

Аллах адамдарга тозокту жана эсеп күнүн ойлонууларын билдирген:

**Ар бир нефс (адам) кылган жакшылыктарын (алдында) даяр (турганын) көргөн жана кандай жамандык кылса аны (жамандыгы) менен өзү арасында алыс бир аралык болушун каалаган ал күндү (ойлонгула). Аллах силерди Өзү менен эскертет. Аллах кулдарына карата мээримдүү. (Ал-и Имран Сүрөсү, 30)**

## Тамак жеп жатканда…

**Аллах жер бетин силер үчүн бир тегиздик, асмандарды бир там кылды; силерге келбет берди, келбетиңерди эң кооз (бир көрүнүш жана чеберчиликте) кылды жана силерге кооз-таза нерселерден ырыскы берди. Мына силердин Раббиңер – Аллах ушул. Ааламдардын Раббиси (Жаратуучусу) Аллах – кандай Улук. (Мүмин Сүрөсү, 64)**

Аллах адамдарга дүйнөдө ар кандай түрдөгү, кооз, таза, жегендер жыргал даам сезген мөмө-чөмө, тамак-аш жана суусундуктар берген. Албетте, булардын баары Аллахтын чексиз берешендиги жана адамдарга болгон мээриминин бир көрүнүштөрү. Адамдар жалгыз бир түрдүү тамак жана ичимдик менен

да балким жашоолорун уланта алышат, бирок Аллах адамдарга сансыз немат берген: мөмөлөр, жашылча-жемиштер, түрдүү түрдүү эттер...

Бул немattардын баарынын Аллахтан экендигин билген момун болсо ар бир дасторконго отурган сайын булар жөнүндө ойлонот жана Раббибизге шүгүр кылат.

## Тамак жеп жатканда, столго келген мөмөлөрдү көргөндө, эмнелер акылга келет?

Курандын көптөгөн аятында Аллахтын адамдарга түрдүү тамактар берүү менен жакшылыктар бергендиги айтылат. Тамак дасторконуна отурган бир адамдын алдына ушул немattар койулган болот. Топурактан чыкка түрдүү- түрдүү чөптөр, жаныбарлардын эт, сүттөрү дасторконун көрктөндүрөт. Адам булардан ырахат ала турган негизде жаратылган. Ар бири бири-биринен даамдуу болгон бул тамактар ошол эле учурда адамдардын жашоосу үчүн да керек. Бир элестетип көрөлү, эгер жашообуз үчүн керек болгон тамактардын даамы болбогондо же даамдары абдан жаман болгондо, эмне кылмакпыз? Же абдан даамдуу болуп, бирок бизге зыян бере турган болгондо... Же жалаң гана бир канча түр тамак-аш, мөмө-чөмө болгондо жана адам буларды жашоо (ачкадан өлбөш) үчүн гана жеген болгондо? Дасторкондо көрүлгөн мынчалык көп, түрдүү жей турган нерселердин болушунун жалгыз себеби – Аллахтын сиздерге болгон берешендиги жана мээрими. Адам мөмө-чөмөлөрдү гана ойлонсо, Аллахтын жакшылыктарын түшүнөт.

Отурган тамак дасторконунда ар түрдүү мөмөлөрдү көргөн, акылдуу бир адам мындай ойлонот:

Капкара бир ылайдын ичинен түркүн-түстүү, ар кандай жыттагы, ичи таптаза болгон мөмөлөрдүн чыгышы, ар биринин даамынын абдан сонун болушу Аллах адамдарга берген чоң бир немат.

Банан, мандарин, апельсин, коон, дарбыз, кыскача айтканда, бардык мөмөлөр таңгак (упаковка) ичинде жаратылган. Баарынан кабыгы мөмөнү чирип калуудан, бузулуудан сактайт. Жыттары да таңгактын ичинде сакталат. Таңгактары ачылгандан кийин бираз убакыт өткөндөн кийин карарып, бузулуп баштайт.

Мөмөлөрдүн ар бири өз-өзүнчө изилденгенде, көптөгөн детальдар бар экендиги байкалат. Мисалы, апельсин жана мандарин атайын тилкелерге бөлүнгөн. Бүтүн болгондо андай суулуу бир мөмөнү жеш адам үчүн балким татаал болмок. Бирок Аллах буларды кичинекей тилкелер кылып, адамдарга жеңилдик жана бир коздук тартуулаган. Шек жок, мөмөнүн ичиндеги мындай кемчиликсиз, муктаждыкка ылайык жана абдан тыкан чеберчилик бийик илим ээси Аллахтын жаратуу далилдеринен.

Мисалы, кулпунай – көрүнүшү жана даамы менен абдан өзгөчө бир мөмө. Кызыл жана кооз көрүнүшү менен жашыл жалбырактары – Аллахтын теңдешсиз чеберчилигинин бир чыгармасы. Даамы жана жытынын сонундугу, данексиз жана кабыксыз болушу себептүү аны жештин оор болбошу адамга бейиш мөмөлөрүн эске салат. Топурактын дээрлик ичинде бышкан бул мөмөнүн мынчалык сонун түс, жыт жана даамга ээ болушу аны мисалсыз жараткан, чеберчилигин, акылын жана илимин жараткан нерселерде көрсөткөн Раббибизди бизге таанытат.

Ар бир мезгилде ар кандай мөмөлөрдүн бышышы да ойлонушу керек нерселердин бири. Мисалы, кышында адамдар эң көп муктаж болгон кезде мандарин, апельсин жана грейфурт сыяктуу С витаминине бай мөмөлөрдүн болушу, жайында болсо адамдардын суусунун кандырып, салкындаткан гилас (черешня), коон, дарбыз, шабдалы сыяктуу мөмөлөрдүн чыгышы Аллахтын адамдарга берешендиги жана мээрими.

Мөмөлөрдүн дарак башында турушу же жерде өсүп турган көрүнүштөрү да Аллах тартуулаган сулуулуктар. Купкургак бир тактайдын үстүндө ичи суулуу, шагына бекем бекитилген жүздөгөн мөмө көрүнүшү – ар бирин Аллах жараткандыгынын далилдеринен. Мисалы, баш-баш жүзүмдөр бир-бирден асылган сыяктуу турушат. Аллах ар бирин мисалсыз жана теңдешсиз жараткан. Бутактарындагы көрүнүшү болсо адамдарга жага турган абалга келтирилген. Ушул себептен Аллах Куранда бейишти сүрөттөөдө **«(Мөмөлөрдүн) Көлөкөлөрү аларга абдан жакын жана (үзүлүп) алынышы абдан жеңилдештирилген» (Инсан Сүрөсү, 14)** аяты менен бейиш мөмөлөрүнүн бутактарынан үзүп алууга даяр тургандыгы билдирилүүдө.

Албетте, бул жерде саналгандар чектүү бир канча мисал гана. Аллах жараткан нематтар (жакшылыктар) санап бүтпөй турганчалык көп түрдүү. Тамак дасторконунда муну түшүнгөн адамдын акылына Аллахтын дагы бир аяты келет:

**Жаратуучу – эч жаратпаган сыяктуубу? Эми сабак алып, ойлонбойсуңарбы? Эгер Аллахтын нематтарын санайбыз десеңер, аларды топтоштуруу менен да санап бүтүрө албайсыңар. Чындыгында Аллах – берешен, коруучу. (Нахл Сүрөсү, 17-18)**

## Даам жана жыттар ойго салган нерселер

Адам минтип ойлорун уланткан сайын Аллах жараткан сулуулуктарды жана детальдарды көбүрөөк байкап баштайт. Ариеттүү бир адам бардык бул нерселерди ойлонуп жатып, ошол эле учурда Аллах тартуулаган бул нематтардан ырахат ала алуунун Раббибиздин чоң бир берешендиги экендигин ойлонот. Өзгөчө Аллахтын адамдарга берген даам жана жыт алуу сезимдеринин дүйнөдөгү көптөгөн сонун нерселерди сезүүбүзгө себеп болуп жатканын эстейт. Жана мындай ойлонот: Эгер жыт сезүү сезимибиз болбогондо, гүлдүн жытынан, жеген мөмөлөрдөн, шишкебектен азыркыдай ырахат ала алмак эмеспиз. Эгер даам сезүү сезимибиз болбогондо, шоколаддын, таттуулардын, эттин, кулпунайдын жана башка нематтардын теңдешсиз даамдарынын эч бирин сезип, байкай албайт элек.

Түссүз, даамсыз жана жытсыз бир дүйнөдө да жашап калышыбыз мүмкүн экендигин эч унутпаш керек. Жана Аллах буларды бизге немат катары бербеген болгондо, бул сонун нерселерди эч качан сезип, ырахат ала албайт элек. Бирок Аллах жыттарды да, даамдарды да жана аларды сезе ала турган сезүү органдарын да жаратуу менен адамга чексиз берешендиги жана мээриминен тартуулаган.

# Бакчада баратып...

## Табият сулуулуктары ойго салган нерселер

Аллахка ыйман келтирген адам табиятта сулуулуктарды көргөндө Раббибизди аруулап, мактайт. Бар болгон бардык сулуулуктарды бардык нерсенин ээси жана башкаруучусу болгон Аллах жаратканын билет. Бардык сулуулук, кооздуктардын Аллахка тиешелүү экендигин, Анын Жамал (Жемал) сыпатынын көрүнүштөрү экендигин билет.

Адам табиятта баратканда, абдан көп кооздуктарга жолугат. Жалгыз бир чөптөн сары гүлгө, чымчыктардан кумурскаларга чейин ар бир нерсе алар жөнүндө ойлонуу талап кылган детальдарга толо. Адам булар жөнүндө ой жүгүрткөн сайын Аллахтын күч жана кудуретин түшүнөт.

Мисалы, көпөлөктөр абдан кооз жана көзгө жаккан жандыктар. Ипичке тюль (түл) сыяктуу канаттарынын үстүндөгү симметрия, сүрөттөрдүн кол менен сызылган сыяктуу абдан кооз болушу, бири-бири менен дал келген, фосфордуу түстөрү - Аллахтын теңдешсиз чеберчилиги жана жогорку жаратуу күчүнүн далилдеринен.

Ошол сыяктуу жер жүзүндөгү сансыз түрдөгү өсүмдүктөр жана дарактар да Аллах жараткан сулуулуктардан. Ар бири экинчисинен толугу менен айырмалуу түстөргө ээ гүлдөр, ар кандай көрүнүштөгү бак-дарактар адамдарга ырахат бере турган көрүнүштө жаратылган.

Ыйман келтирген адам гүл, роза, тюльпан жана башка гүлдөрдүн кантип бырышсыз болгондугун, бүчүрдүн ичинен кантип үтүктөлгөн сыяктуу түптүз болуп чыккандыгын ойлонот.

Аллах жараткан дагы бир сулуулук – бул гүлдөрдүн укмуштай жыттары. Мисалы, бир гүлдүн тынымсыз айланага жайган, эч өзгөрбөгөн күчтүү бир жыты бар. Эң акыркы технология менен да мындай гүл жытынын өзүндөй жыт алына албай келүүдө. Лабораторияларда бул гүл жытын тууроого аракет кылынганда, табылган натыйжа абдан эле табигыйдан алыс. Бир гүлдүн жытына окшоштурууга аракет кылуу менен өндүрүлгөн жыттар көбүнчө адамдарды тынчсыздандырган оор жыттар болууда. Ал эми гүл жыты болсо эч кандай тынчсызданууга себеп болбойт.

Ыйман келтирген адам булардын ар биринин Аллахты аруулап мактоо, жараткан кооздуктарда Аллахтын чеберчилигин жана илимин тааный алышы үчүн жаратылган нерселер экендигин билет. Ошол себептен бакчасында баратып, бул кооздуктарды көргөндө, **«МашаАллах, Аллахтан башка күч-кудурет жок» (Кехф Сүрөсү, 39)** деп айтуу менен Аллахты мактайт. Аллахтын бардык бул кооздуктарды адамдардын кызматына сунгандыгын жана акыретте муну менен салыштырууга болбой турган жогору сулуулуктарды ыйман келтиргендерге берээрин эстейт. Жана ушундан улам Раббибизге болгон сүйүүсү эсе эсе өсөт.

## Бакчада жүргөндө, көргөн бир кумурска жөнүндө ойлондуңуз беле?

Адамдар көбүнчө чөйрөлөрүндө көргөн жандыктар жөнүндө ой жүгүртүү керек деп ойлонушпайт. Күн сайын көргөн жандыктардын абдан кызыктуу өзгөчөлүктөрү болушу мүмкүн экендиги акылдарына

да келбейт. Чындыгында, ыйман келтирген адам үчүн Аллах жараткан ар бир жандык кемчиликсиз жаратылуу издерине ээ. Кумурска да мындай жандыктардын бири.

Ыйман келтирген бир адам бакчада баратып көргөн бир кумурсканы көрбөгөн сыяктуу өтүп кетпейт. Анын таң калаарлык өзгөчөлүктөрүн көрүп, Аллахтын кемчиликсиз жаратуусуна күбө болот.

Мисалы, бир кумурсканын басышын анализдөө да ойлондурбай койбойт. Миллиметрдик ичкеликтеги буттарын адашпастан, катары менен кыймылдатат, кайсы бутунун алгач, кайсынысынын кийин кадамдалаарын абдан жакшы билет. Эч адашпастан ылдам кыймылдай алат.

Мындай кичинекей жандык өз денесинен бир топ чоң нерселерди көтөрөт. Болгон аракети менен аларды уясына ташыйт. Денесине салыштырганда абдан узак аралыктарды басат. Учу-кыйыры жок жер бетинде мындай караганда эч жол көрсөткүч болбогонуна карабастан, ал эч жаңылбайт жана каякта болсо да уясын табат.

Адам бакчада катарга тизилип, чоң аракет менен уяларына азык ташыганга аракет кылып жаткан кумурскаларды көргөндө, бул кичинекей жандыктын мынчалык болгон аракети менен иштешининин кандай максаты бар болушу мүмкүн деп ойлонот. Анан бир кумурсканын өзү үчүн эле эмес, тобундагы башка кумурскалар, ханыша кумурска жана кичинекей, жаш кумураскалар үчүн да тынбастан азык ташыганын байкайт. Мынчалык кичинекей жана өнүккөн акылы да болбогон кумурска мындай аракетчилдик, дисциплина, камкордукту кайдан билет деген нерсе ойго салат. Бардык бул нерселерди ойлонгондон кийин мындай жыйынтыкка келет: кумурскалар да башка жандыктар сыяктуу Аллахтын илхамы менен аракет кылышат, жалгыз Анын буйругуна баш ийишет.

## Чырмооктордун «акылдуу» кыймылы ойго салган нерселер

Бакчада кыдырып жүргөн бир момун Аллах жараткан сулуулуктардын бири болгон чырмоокторду көргөндө, алар жөнүндө да ойлонот. Себеби ойлонгон адам үчүн чөйрөсүндөгү ар бир нерседе сабак алына турган далилдер бар.

Мисалы, чырмооктордун өздөрүн бир бутакка же кандайдыр бир буюмга орошу терең ой жүгүртүлө турган нерсе. Эгер чырмооктун мындай өсүшү тасмага түшүрүлүп, ылдамдатылып карап көрүлсө, чырмооктун акылдуу бир жандык сыяктуу кыймылдаганын байкайбыз. Чырмоок үстүндө бир бутак бар экенин көргөн сыяктуу бутакты көздөй өсөт жана таң калыштуу абалда чырмалат. Ал тургай кээде бир канча жолу оролуу менен бекем чырмалат. Ушундай жол менен ылдам кыймылдайт, жолу бүткөндө, артка кайтуу же төмөн көздөй түшүү менен өзүнө жаңы бир жол табат. Буларга күбө болгон бир момун Аллах жараткан бардык жандыктардын өздөрүнө тиешелүү, кемчиликсиз системалар менен жаратылганын дагы бир жолу көрөт.

Мындан тышкары, бир чырмооктун аракеттерин карап турганда, анын дагы бир маанилүү өзгөчөлүгүнө күбө болот. Чырмооктун капталдарына кол чыгаруу менен өзүн дубалга бекем жабыштырганын көрөт. Акылы жок бир өсүмдүк өндүргөн жабыштыруучу нерсеси ушунчалык күчтүү болгондуктан, жабышкан жерин дубалдан чыгарганда, дубалдын бойогун чыгарып салышы да мүмкүн.

Мындай бир өсүмдүктүн бар болушу, буларды көрүп ал жөнүндө ойлонгон бир момунга бул өсүмдүктү жараткан Аллахтын кудуретин дагы бир жолу көрсөтөт.

## Дарактар ойго салган нерселер

Дарактарды ар күнү, ар жерден көрөбүз, бирок узун дарактын эң учундагы бутактын, эң жогорку жалбырагына чейин сууну кантип жеткиргенин ойлондуңуз беле? Мындай бир салыштыруу жасоого болот. Көп кабаттуу үйдүн астындагы суу идишиндеги суунун гидрофор (сууну көтөрүүчү насос) же кандайдыр бир мотор болбостон, жогорку кабатка чыгаруу мүмкүн эмес. Ал тургай биринчи кабатка да жеткире албайсыз. Андай болсо дарактарда да сууну өйдө көздөй айдай турган гидрофор сыяктуу күчтүү насос системасы болушу керек. Антпесе, дарактын жогорку тарабына жана бутактарына суу жетпегендиктен, дарактар кыска убакытта эле куурап, жок болот.

Бирок Аллах ар бир даракты керектүү бардык курал-жарагы менен кошо жараткан. Ал тургай көптөгөн дарактардагы насос системасы биз жашаган көп кабаттуу үйдөгү насос системасы менен эч салыштырууга болбой турган деңгээлде күчтүү, жогору. Айланасындагы бардык нерселерге «көргөн бир көз» менен караган адам бул нерселерди көргөндө ойлоно турган нерселердин бири да – ушул.

Башка бир нерсе – жалбырактар менен байланыштуу. Көргөн нерселери жөнүндө ойлонгон бир адам даракты караганда, көргөн жалбырактарды көнүмүш, кадимки бир нерсе катары карабайт. Ал жалбырактар менен байланыштуу көп адамдын акылына келбеген нерселерди ойлонот. Мисалы, жалбырактар – абдан жука. Бирок, буга карабастан кууруй турган ысыкта да кургабайт, солубайт. Адам 40 градустук ысыкта бираз турса, терисинин түсү өзгөрөт, ашыкчасы менен суу жоготот. Бирок жалбырактар ипичке тамырларынан аз гана суу ала алганына карабастан, күндөр бойу, кээде айлар бойу ысыкта соолубай, жапжашыл болушат. Бул нерсе да – Аллахтын бардык нерселерди теңдешсиз илим менен жараткандыгын көрсөткөн бир жаратылыш укмушу. Ыйман келтирген адам бул жаратылуу укмушу жөнүндө ойлонуп, Раббибиздин улуулугун дагы бир жолу көрүп тасбих айтат.

# Гезит окуп жатканда, телевизор көрүп жатканда...

Адамдар көбүнчө күндүз же кечинде үйлөрүнө кайтканда, гезит же телевизор кабарларын тынымсыз көрүп, окуп турушат. Бул кабарларда да ариеттүү бир адам үчүн ойлонуп, сабак алына турган, Аллахтын аяттарын көрсөткөн далилдер бар.

## Кол салуу, күч колдонуу, кылмыш окуяларынын көп болушу ойго салган нерселер

Ар күнү гезиттердин үчүнчү беттеринде жана телевизор кабарларында көптөгөн адам өлтүрүү, жарадар кылуу, уурулук, каракчылык, алдамчылык, өзүн-өзү өлтүрүү сыяктуу окуялар жөнүндөгү кабарларды көрүүгө болот. Мындай окуялардын мынчалык көп болушу, адамдардын көпчүлүк бөлүгүнүн мындай кылмыштарды кылууга мынчалык жакын болушу болсо адамдарга Аллахтын динин жашабаган адамдар жолуга турган зыяндарды көрсөтөт. Бир адамдын акча алуу үчүн кичинекей бир баланы

барымтага алышы, аны катуу коркутушу, ал тургай өлтүрүп да койушу, куралын мээлеп, эч кыйналбастан, маңдайдагы адамды атып салышы, башка бир адамдын пара алышы, өзүн-өзү өлтүрүшү, алдамчылык кылышы... Булардын баары – бул адамдардын Аллахтан коркпогондугунун, акыреттин бар экендигине ишенбегендикеринин бир натыйжасы. Аллахтан коркуп, кылмыш-күнөөлөрдөн сактанган, акыретте эсеп берээрин билген бир адам бул нерселердин эч кайсынысын эч качан кыла албайт. Себеби, бул кылмыштардын баарынын акыреттеги жазасы – тозок.

Бир адам «мен атеистмин, Аллахка ишенбейм, бирок пара албайм (кылмыш кылбайм)» деши мүмкүн. Бирок, Аллахтан коркуу болбогон бир адамдын бул сөзү эч качан туура чыкпайт. Себеби шарттардын өзгөрүшүнө жараша анын мындай кылмыш кылуу ыктымалдуулугу абдан жогору. Мисалы, бир адам акчага абдан муктаж болуп турганда, уурулук кылуу же пара алуу мүмкүнчүлүгүнө шарт түзүлүп турса, бул сөзүндө тура албай калышы толук мүмкүн. Же мындай бир адамдын жаны коркунучта турганда, сөзүндө турбайт. Бул адам оор шартта пара алуудан качынса да, башка бир күнөө ишти жасашы мүмкүн. Бирок Аллахтан корккон бир адам үчүн шарттардын же жердин өзгөрүшү эч нерсени өзгөртпөйт. Ыйман келтирген бир адам кандай шарт болбосун, акыретте эсебин бере албай турган нерсени эч качан жасабайт.

Ошондуктан, ар күнү гезиттерде, телевизорлордо, достук маектерде арызданылган, «бул коомго эмне болду мынчалык» деген ойго алып келген окуялардын себеби – динсиздик. Бардык мындай кабарларды көргөн момун буларды ойлонбостон, өткөрүп жибербейт, мындай абалдан чыгуунун жалгыз жолунун адамдарга динди түшүндүрүү, рухий байлыктарды жандандыруу экенин ойлонот. Себеби, Аллахтан коркуп-сактанган, акыретте эсеп берээрин билген адамдардан турган коомдо мындай окуялардын болушу мүмкүн эмес. Мындай коомдо бейпилдик жана ишенимдүүлүк эң жогорку даражада болот.

## Сааттар бойу талаш-тартыш менен коштолгон телевизор программалары ойго салган нерселер

Көргөн нерселери жөнүндө ой жүгүрткөн адам үчүн телевизорлордо бат бат болуп турчу талаш-тартыш программаларда да сабактар бар.

Мындай программаларга ошол күнкү тема менен байланыштуу жана бул темада эң көп маалыматы бар адамдар чакырылат. Бул адамдар сааттар бойу бир тема жөнүндө сүйлөшүшөт, бирок чыгуу жолун таба албайт жана бир жыйынтыкка да бара алышпайт. Чындыгында болсо ал талаш-тартышка катышкандар – бул маселени чечүү мүмкүнчүлүгүнө ээ адамдар.

Көптөгөн маселелерди чечүүнүн жолу да – айдан ачык. Бирок адамдардын жеке кызыкчылыктары, чөйрөлөрүнүн таасири астында калышы, чын көңүлдөн бир чечүү жолун издөөнүн ордуна өзүнүн атак-даңкын көтөрүү аракети бардык маселелерди бурчка такайт.

Бардык бул нерселерге күбө болгон ариеттүү бир адам бул окуялардын булагынын – адамдардын Аллахтын дининен алыс болушунун натыйжасы экендигин ойлойт. Себеби Аллахка ыйман келтирген бир адам эч качан чечүү жолу жок сыяктуу ойго кабылбайт. Аллах жараткан ар бир окуяда бир хикмат бар

экендигин, дүйнөдө дайыма сыналып жаткандыгын, акылын, күчүн, билимин Аллах ыраазы боло турган негизде колдонуш керек экендигин билет.

Мындан тышкары, мындай программаларды көрүп жаткан бир момун Аллахтын бир аятын эстейт:

**... Адам, абдан талашып-тартышканга жакын. (Кехф Сүрөсү, 54)**

Мындай программалардагы чөйрө адамдардын талашып-тартышуучу, тагыраак айтканда урушчаак тарабын ачыкка чыгарат. Бул адамдардын көбүнчө аларга багытталган суроолорду да түшүнө албашы, жалаң гана өзүнүн сөзүн ылдам айтып калууга аракет жасашы, бири-биринин сөзүн оозунан жулуп алышы, үнүн көтөрүп, бат эле ачууланышы, ал тургай маңдайындагы адамдарга жаман сөздөр айтып тилдеп башташы – бул адамдардын тескери тараптарын даана байкоого шарт түзөт.

Аллахтан корккон, толугу менен ариеттүү жана туура жүргөн адамдар топтолгон чогулуштарда бул сыяктуу узун жана натыйжасыз бир чөйрө эч качан түзүлбөйт. Мындайда максат – Аллах ыраазы боло турган чечимди табуу жана адамдарга эң көп пайда келтирүү болгондуктан, акылга жана ариетке (көңүлгө) эң жакын, эң туура ыкма табылат жана эч убакыт коротулбастан, ишке ашырылат. Баары жүрөгүнөн алынган чечимге ыраазы болгондуктан, эч кандай талаш-тартыш чөйрөсү жаралбайт.

Бир адам каршы чыккан болсо, эгер бул адамдын ойу туура себептерге таянып, көрсөткөн жол туурараак болсо, бул сунуш ошол замат кабыл алынат. Себеби Аллахтан коркуп-сактанган адамдар башкалар сыяктуу бой көтөрүү менен сөз түшүнбөгөн, кежир характер көрсөтүшпөйт. Аллах Куранда билдиргендей, **«... Жана ар кандай билимдүү адамдан дагы бир билимдүүрөөк бар»** (Йусуф Сүрөсү, 76) деп айтуу менен, эң туурасын ишке ашырышат.

Сааттар бойу уланган жана эч кандай натыйжа чыкпаган талаш-тартыштар – адамдарга дин сунган сонун ахлак жана жакшы характер болбогон бир коомдо эмнелер болушу мүмкүн экендигин көрсөтүп, сабак алууга шарт түзөт.

## Дүйнөнүн бардык тарабындагы ачарчылык жана жакырчылык ойго салган нерселер

Гезит жана телевизор кабарларында көп көзгө урунган кабарлардын бири – адамдар арасындагы адилетсиздик.

Дүйнөнүн бир тарабында абдан бай жана жашоо деңгээли абдан жогору өлкөлөр, бир тарапта болсо жей турган тамагы, эң жөнөкөй оорусун дарылоого да дарысы жок, кароо жоктуктан улам өлгөн көптөгөн адамдар жашап жатат. Бул абал көрсөткөн эң негизги чындык – дүйнөдө зулумдук системасынын өкүм сүрүп жаткандыгы. Себеби бай бир канча өлкө үчүн кыйналып жаткан адамдарды куткаруу абдан жеңил нерсе. Мисалы, Африкада ачарчылыктан өлгөн адамдарга жакын жерде ал жерде табылган алмаз кендери менен байыган жана абдан өнүккөн бир маданиятты жашаган коомдор бар. Жакырчылык жана ачарчылык ичинде жашаган жана өлүмгө ташталган бул адамдарды көчүрүү же жашаган жеринде аларды муктаж болгон нерселери менен камсыз кылуу абдан жеңил болгонуна карабастан, ондогон жылдар бойу бул адамдарга жардам берүү бойунча чыныгы натыйжалуу чечүү жолу изделген жок. Бул адамдарга жардам

берүү бир канча адамдын колунан келе турган иш эмес. Маселени түп-тамырынан чечүү үчүн көптөгөн адамдардын жардам бериши зарыл. Бирок муну колдогон адам саны – дүйнөдө абдан аз.

Ошол эле учурда дүйнөнүн ар кайсы тарабында миллиондогон акчалар ар кандай себептер менен ысырап кылынууда. Бир тарапта тамактын даамын жактырбай, таштанды таштаган адам менен, бир тарапта ачкадан өлгөн адамдын болушу – дүйнөдө дин ахлагынын жок болушунун натыйжасы болгон зулум чөйрөсүнүн бар экендигинин апачык далили.

Буларды байкаган адам мындай зулумдукту жоготуунун жалгыз жолунун Аллах буйурган ахлакты жашоо экендигин ойлонот. Себеби Аллахтан корккон жана дайыма ариети менен аракет кылган адамдар мындай зулумдукка жана адилетсиздикке жол бербейт. Эч кандай мактанычка, бой көтөрүүгө жол бербестен, керек болсо дүйнөнүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн колдонуу менен муктаж болгон адамдарга ылдам, так жана маселени түп-тамырынан чечүүчү жолдор менен жардам беришет.

Кедейлерге жана муктаждыкта болгондорго жардам берүүнүн Аллахтан жана акырет күнүнөн коркуп-сактанган адамдарга тиешелүү бир өзгөчөлүк экендиги аяттарда мындай баяндалат:

**Жана алардын мал-мүлктөрүндө жакыр жана кедейлер үчүн белгилүү бир акы бар. Алар дин (кыямат) күнүн тастыкташат. Раббилеринин азабынан (дайыма) коркуп турушат. (Меариж Сүрөсү, 24-27)**

**Өздөрү аны (тамак-ашты) жакшы көргөнүнө карабастан, жакырга, жетимге жана туткундарга тамак беришет. «Биз силерди жалаң гана Аллахтын жүзү (ыраазычылыгы) үчүн тамактандырып жатабыз. Силерден акы же «рахмат» айтууңарды да күткөн жокпуз. Себеби биз коркунучтуу, оор күн себебинен Раббибизден коркобуз.» (Инсан Сүрөсү, 8-10)**

Жакырларга тамак, жардам бербей койуу болсо – Аллахтан коркпогон, динсиз адамдардын өзгөчөлүгү. Аяттарда мындай баяндалат:

**(Аллах буйрук берет:) «Аны кармагыла, ылдам байлагыла. Андан кийин алоолонгон оттордун ичине таштагыла. Андан кийин аны узундугу жетимиш арш болгон бир чынжырга байлап ал жакка киргизгиле. Себеби ал Улуу Аллахка ыйман кылбайт эле. Жакырга тамак берүүгө (элди) үндөбөйт эле. Ошондуктан бүгүн ага эч кандай ысык (жакын) дос жок. Ириң жана кан аралашкан (тамак)дан башка бир тамак жок. Муну ката кылгандардан башкасы жебейт. (Хакка Сүрөсү, 30-37)**

## Дүйнө жүзүндө болуп жаткан кырсыктар ойго салган нерселер

Адамдар телевизор жана гезиттерде көп жолуктурган кабарлардын бири – кырсык жөнүндөгү кабарлар. Жер бетинде адамдар ар дайым бир кырсыкка кабылышы мүмкүн. Эч күтпөгөн бир учурда күчтүү жер титирөө болушу мүмкүн, өрт чыгышы мүмкүн, сел болушу мүмкүн. Бул кабарларды көргөн бир адам Аллахтын бардык нерсеге күчү жетээрин, каалаcа бир шаарды астын-үстүн кылып салаарын

ойлонот. Буларды ойлогондо, адамдын Аллахтан башка корголоно турган жана жардам сурай турган бир зат жок экендигин түшүнөт. Эң бышык имараттар, эң алдыңкы технологиялар менен камсыздалган шаарлар да Аллахтын азабынан кутула албайт, бир заматта жер менен жексен болушу мүмкүн.

Кырсык кабарларын окуган адам, мындан тышкары, Аллахтын бул шаарга кырсыкты бир хикмат (терең акылдуу сырлар) менен келтиргенин ойлонот. Аллах Куранда адашкан коомдорду сабак алып ойлонушсун же кылгандарынын жазасын алышсын деп дүйнөдө да азапка дуушар кылганын билдирүүдө. Демек, бул коом да Аллах ыраазы болбой турган бир ахлак менен жашап жаткандыгы үчүн, балким Аллахтын азабына дуушар болгон болушу мүмкүн. Же Аллах бул адамдарды дүйнөдө ар кандай кыйынчылыктар менен сынап жаткан болушу да мүмкүн.

Бул ыктымалдуулуктарды ойлонгон адам бардык мындай кырсыктардын өз башына да келип калышынан коркот жана туура эмес иштери үчүн Аллахка тообо келтирип, кечирүүсүн суранат.

Эч бир адам же эч бир коом башына келе турган азапты, Аллах кааламайынча, токтото албайт. Дүйнөнүн эң бай жана эң күчтүү өлкөсү болсун, географиялык жактан эч кандай риск жок жер болсун – айырмасы жок, бул абал баарына тиешелүү. Эч бир өлкөнүн башына келе турган бир кырсыкты токтото албастыгын Аллах Куранда мындайча билдирет:

**Ал өлкөлөрдүн калкы түнкүсүн уктап жатканда, аларга оор азабыбыз келбейт деген ишенимде беле? Же ал өлкөлөрдүн калкы күндүз ойноп-күлүп жүрүшкөндө, аларга оор азабыбыз келбейт деген ишенимде беле? (Же) Алар Аллахтын тузагынан (түшпөйбүз деген) ишенимде беле? Аллахтын бир тузак курушунан зыянга жолуккан бир коомдон башкасы (акылсыздык менен) ишенимде болбойт. (Бардык бул нерселер) Мурдакылардан кийин жер жүзүнө мурасчы болгондорду туура жолго жеткирүү(гө же ачыкка чыгарууга жетпей)би? Эгер Биз кааласак, аларга күнөөлөрү себебинен бир кырсык жеткирмекпиз; жана жүрөктөрүнө мөөр басып коймокпуз, натыйжада алар укпай турган болуп калышаар эле. (Араф Сүрөсү, 97-100)**

Кабарларда көп көзгө урунган кабарлардын бири – экономиканын бузулушу. Өзгөчө пайыз менен байланыштуу күн сайын терс, жаман кабарлар чыгат. Пайызды эми токтотууга болбой турганын, бүт экономикага тескери таасир берип жаткандыгын баяндаган кабарларды окуган бир адам арам болгон бир ишти (акчаны пайызга берүү жана алууну) мынчалык кеңири жайылтуунун натыйжасында Аллахтын адамдардын тапкан пайдаларынын берекесин кысып, жооп кылып жаткандыгын ойлойт. Курандын **«Аллах пайыздарды жок кылат да, садакаларды көбөйтөт. Аллах күнөөкөр каапырлардын эч бирин сүйбөйт.»** (Бакара Сүрөсү, 276) аятында билдиргендей, Аллах пайыздан келген кирешени жок кылып салышы мүмкүн, берекесин азайтышы мүмкүн. Бул чындык башка бир аятта мындай билдирилет:

**Адамдар мал-мүлкүм көбөйсүн деп пайызга берген акчасы Аллах кабатында көбөйбөйт. Бирок Аллахтын жүзүн (ыраазычылыгын) каалап, берген зекет болсо – (соопторун жана кирешелерин) эсе эсе көбөйткөндөр мына ошолор. (Рум Сүрөсү, 39)**

Демек, ой жүгүрткөн бир адам үчүн пайыз менен байланыштуу кабарлар да – Аллахтын аяттарынын адамдардагы көрүнүшүн көрсөткөн мисалдардан.

## Кооз жерлер жөнүндө ойлонуу

Телевизор программаларында, гезит жана журналдарда, албетте, Аллах жараткан кооздуктарды көрүү жана булар жөнүндө тефеккүр кылууга (терең ойлонууга) болот. Бул жерлерде орун алган кооз көрүнүш, кооз бир үй, кооз бир бакча же деңиз жээгин кароо же мындай жерлерде болуу ар бир адамга жага турган нерсе. Бул көрүнүштөр баарынан мурун адамга бейишти элестетет. Ыйман келтирген бир адам дүйнөдө да мынчалык чоң нематтар берген, мынчалык сонун кооздуктар жаратып, адамдарга көрсөткөн Аллахтын, албетте бейиште салыштырууга болбой турган сонун жерлер жаратаарын дагы бир жолу эстейт.

Бирок буларды көргөн адамдын акылына мындай нерселер да келет: бул дүйнө бир сыноо мекени болгондуктан, дүйнөдө жаратылган ар бир нерсенин ар кандай кемчиликтери бар. Мисалы, телевизордо көрсөтүлгөн бир жерде бир топ күн эс алууга барган адам мындай кемчиликтерди байкашы мүмкүн. Абасынын ашыкча нымдуу болушу, деңиздин жакпай турганчалык көп туздуу болушу, катуу ысык, чымындар мындай кемчиликтердин бир канча мисалы. Күнгө күйүү жана мунун натыйжасында оору сезүү, саякат агенттигинин уюштуруу иштеринде кемчиликтер, ошол жерде эс алып жүргөн адамдардын жаман характерлүү болуп тажатышы сыяктуу бул дүйнөгө тиешелүү кыйынчылык жана кааланбаган бир абал болушу мүкүн.

Бейиште болсо бул сулуулуктардын чыныгы көрүнүштөрү болот жана адамды тынчсыздандырган эч нерсе болбойт же көңүлгө жакпаган бир да маек болбойт, жаман сөз укпайт. Адам дүйнөдө жолуккан ар бир кооздукта бейишке сагыныч пайда болот. Дүйнөдө Аллах ага берген нематтар үчүн дайыма шүгүр кылат, булардын баарынын Аллах мээримдүүлүк менен берген нематтар экенин ойлоп, бул жакшылыктардан ырахат алат. Бирок чыныгы кооздуктардын бейиште экендигин билгендиктен, өзүн дүйнө сулуулуктарына алдатуу менен акыретти унутуп койбойт. Түбөлүк кооздуктарга ээ боло ала турган Аллахтын бейишине кирүү мүмкүнчүлүгүнө жете ала турган негизде жашоосун өткөрөт.

## Илимий бир журналда заттын атомдордон тураары жөнүндөгү илимий чындык эмнелерди ойго салат?

Адам көргөн, билген нерселери жөнүндө ой жүгүртмөйүнчө, терең чеберчиликтерди байкабайт, канчалык таң калаарлык бир чөйрөдө жашап жаткандыгын байкай албайт. Ошондуктан, ыйман келтирген ар бир адам эч токтобостон, Аллах жараткан нерселер жана окуялар жөнүндө ой жүгүртөт. Булар кээде көп адамдар билген нерселер болушу да мүмкүн, бирок ал адам бул нерселерден адамдардан башка жыйынтыктар чыгарышы мүмкүн.

Мисалы, ааламдагы жандуу-жансыз ар бир нерсенин негизги бөлүкчөсү атомдор экени жалпысынан көп адамдар билген бир маалымат. Башкача айтканда, көп адамдар колундагы китептин, отургучтун, ичкен суусунун жана чөйрөсүндө көргөн бардык нерселердин атомдордон тураарын билет. Бирок мунун ары жагын ойлонуу менен Аллахтын жогорку күч-кудуретине күбө болгондор болсо – жалаң гана ариеттүү адамдар. Мындай бир адам бул жөнүндө бир кабар көргөндө, төмөнкүлөрдү ойлонот: атомдор – жансыз нерселер. Атомдор сыяктуу жансыз нерселер кантип чогулушуп, көрө ала турган, уга ала турган, уккандарын анализдей ала турган, уккан музыкадан ырахат ала турган, ойлоно ала турган, чечим ала алчу,

сүйүнө ала турган же кайгыра ала турган адамды пайда кылышты? Адам аны атом тобунан турган башка жандыктардан толугу менен өзгөчө кылган бул өзгөчөлүктөргө кантип ээ болду?

Албетте, мындай адамга тешелүү өзгөчөлүктөрдү адамга жансыз жана акылсыз атомдор бере алышпайт. Адамды мындай өзгөчөлүктөргө ээ бир рух менен кошо жаратуучунун Аллах экендиги – айдан ачык бир чындык. Жана мунун аркасынан адамдын акылына Аллахтын бир аяты келет. Аятта мындай баяндалат:

**Ал – жараткан ар бир нерсесин эң кооз кылган жана адамды жаратууну бир ылайдан баштаган (Зат). Кийин анын урпактарын бир маңыздан, болгону бир суудан кылды. Кийин аны «оңоп бир калыпка келтирди» жана ага рухунан үйлөдү. Силер үчүн кулак, көздөр жана көңүлдөр жаратты. Канчалык аз шүгүр кыласыңар? (Сежде Сүрөсү, 7-9)**

## Адам терең ой жүгүртүү менен жеткен кээ бир чындыктар...

Бардык нерселердин адам үчүн жаратылганын эч ойлондуңуз беле?

Аллахка ыйман келтирген бир адам ааламда бар болгон жандуу-жансыз бардык нерселерди жана системаларды терең маани берип анализдегенде, булардын баарынын адам үчүн жаратылганын даана байкайт. Эч бир нерсенин кокустуктан жаралбаганын, Аллахтын бардык нерселерди адамдын жашоосуна эң ыңгайлуу абалда жаратканын түшүнөт.

Мисалы, адам дайыма эч кыйналбастан, дем ала алууда. Алган аба мурунду да ачыштырбайт, башты да оорутпайт. Себеби абадагы газдардын катышы адам денесине эң ылайыктуу көлөмдө куралган. Муну ойлонгон адамдын акылына дагы бир нерсе келет: эгер атмосферадагы кычкылтек азыркы абалга караганда, бираз көбүрөөк же бираз азыраак болгондо, жер бетинде жашоонун жок болушуна себеп болмок. Кээде аба аз бир жерде калганда дем алууда канчалык кыйналганын ойлойт. Ыймандуу адам бул жөнүндө ойлонгон сайын тынымсыз Раббибизге шүгүр кылат. Себеби дүйнө атмосферасы да башка көптөгөн планетадагы сыяктуу оор дем ала алчу абалда болушу мүмкүн экендигин, бирок андай эмес экендигин жана дүйнө атмосферасынын миллиарддаган адамдын эч кыйынчылыксыз дем ала алчу абалда, эч кемчиликсиз бир тең салмактуулук жана система ичинде жаратылганын көрөт.

Жашап жаткан жер планетасы жөнүндө ойлонууну уланткан адам Аллах жараткан суунун адам жашоосунда канчалык маанилүү экендигин ойлонот. Акылына төмөнкүлөр келет: адамдар көбүнчө узак убакытка суусуз калганда гана суунун баркын билишет. Чындыгында болсо суу жашообуздун ар бир секундасында муктаж болгон нерсебиз. Мисалы, клеткаларыбыз, денебиздин бардык чекитине жеткен каныбыздын чоң бөлүгү суудан турат. Эгер мындай болбогондо, кандын агышы начарлап, тамырларыбызда агышы оор болуп калмак. Суунун оңой агуучу касиети биздин денебиз үчүн эле эмес, өсүмдүктөр үчүн да абдан маанилүү. Ушундай касиети негизинде суу жалбырактардын ипичке тамырларынан өтүү менен жалбырактын эң үстүңкү учтарына чейин жете алат.

Океандардагы ири суу массалары болсо дүйнөбүздүн жашоого мүмкүн бир планета болушун камсыз кылууда. Эгер жер жүзүндөгү суулардын кургактыкка катышы төмөнүрөөк болгондо, анда бардык жер чөлгө айланмак жана жашоо жок болмок.

Буларды ойлонгон ариеттүү бир адам дүйнө жүзүндө мындай кемчиликсиз бир тең салмактуулуктун курулушунун, албетте, кокустук натыйжасы эмес экендигин толук түшүнөт. Бардык бул нерселерди көрүү жана ойлонуу ага жогорку күч-кудурет ээси болгон Аллахтын бардык нерселерди бир максат менен жаратканын көрсөтөт.

Ошондой эле, бул жөнүндө ойлонгон мисалдардын абдан чектүү экендиги да ойуна келет. Себеби, дүйнөдөгү тең салмактуу системалар менен байланыштуу мисалдарды санап бүтүрө албайбыз. Бирок ойлонгон адам ааламдын ар бир жеринде байкалган тең салмактуулук, кемчиликсиз системаны көрө алат жана мунун жыйынтыгында булардын баарын Аллах адам үчүн жараткандыгын түшүнөт. Аллах бул чындыкты Куранда мындай баяндайт:

**Өзүнөн (бир немат катары) асмандарда жана жерде болгондордун баарын силерге мойун сундурду. Шек жок, мында ой жүгүртө алган бир коом үчүн чындыгында аяттар (белгилер) бар. (Жасия Сүрөсү, 13)**

## Түбөлүктүүлүк ойго салган нерселер

Түбөлүктүүлүк сөзүн дээрлик элдин баары билет, бирок сиз түбөлүктүүлүк жөнүндө ойлондуңуз беле? Аллахка ыйман келтирген бир адам терең ой жүгүрткөн нерселердин бири – ушул.

Аллахтын бейиш жана тозок жашоосун түбөлүк кылып жаратышы – ар бир адам терең ойлонушу зарыл болгон абдан маанилүү нерсе. Муну ойлонгон адамдын акылына төмөнкүлөр келет: бейиштин түбөлүктүү болушу - өлүмдөн кийинки жашоодо берилген эң чоң немат жана сыйлыктардын бири. Себеби, бейиштеги сонун жашоо эч качан түгөнбөйт. Адам дүйнөдө эң көп 100 жыл жашашы мүмкүн. Бирок бейиштеги жашоо катриллион көбөйтүү катриллион жыл бойу, эч түгөнбөстөн уланат.

Буларды ойлогон адамдын ойуна адамдардын түбөлүктүүлүктү түшүнүүсү кыйын экендиги келет. Мындай мисал түшүнүүгө жардам бериши мүмкүн: жүз триллион адам болсо жана өмүр бойу санаса, алар жеткен сан түбөлүк жашоо менен салыштырмалуу «нөл» сыяктуу аз болуп калат.

Буларды ойлонгон адам мындай жыйынтыкка келет: Аллах ушунчалык улуу илимге ээ болгондуктан, адам үчүн «түбөлүк» болгон нерсе – Анын кабатында бүткөн абалда. Убакыт алгач жаратылгандан баштап, түбөлүктүүлүк башталганга чейинки ар бир окуя, ар бир ой убакыттары жана абалдары менен бирге Анын илими менен аныкталган жана болуп бүткөн.

Адам ушул сыяктуу тозоктун да чындыктан баш тартуучулар үчүн түбөлүк кала турган бир жер экендигин ойлонушу зарыл. Тозокто ар кандай азаптар, кыйноолор жана оор бир жашоо бар. Тозоктогу чындыктан баш тартуучулар тынымсыз физикалык жана руханий кыйноого алынышат. Бул кыйноолор түбөлүк токтобойт, уйку же эс алуу эч болбойт. Эгер тозоктогу жашоонун бир аягы болгондо, бул катриллиондогон жылдан кийин болсо да, тозоктогулар үчүн бир үмүт болмок. Бирок дүйнө жашоосунда кылган күнөөлөрүнүн жазасы – түбөлүк азап:

**Аяттарыбызды жалганга чыгаргандар жана аларга карата бой көтөргөндөр – мына ошолор оттун досу; ал жерде түбөлүк калышат. (Араф Сүрөсү, 36)**

Ошондуктан, түбөлүктүүлүктү ойлонуу менен аңдап-түшүнүүгө аракет кылуу ар бир адам үчүн абдан маанилүү. Бир адамдын акырет үчүн аракеттерин көбөйтөт, коркуусун жана үмүтүн күчөтөт. Түбөлүк азаптан абдан коркуп күнөөлөрдөн сактануу менен бирге, түбөлүк бейишке жетүү үмүтү менен жашайт.

## Түштөр жөнүндө эмнелерди ойлонуу керек?

Ойлонгон бир адам үчүн түштө маанилүү хикматтар бар. Мындай адам уктап жатып көргөн түшүнүн канчалык «чындык сыяктуу» экендигин, ал тургай ойгонгон абалынан эч канча айырмасы жок экендигин ойлонот. Мисалы, түнкүсүн денеси төшөгүндө жатканына карабастан, түшүндө жумуш сапарына чыгып, адамдар менен таанышып, музыка угуп, тамак жеген болот. Ал тургай, тамактын даамын сезип, музыкага бийлеп, болгон окуялардан улам толкунданып, сүйүнүп-кайгырып, коркуп, чарчап, ал тургай ал күнгө чейин эч колдонбогон жана кантип колдонулушун билбеген бир инструментти колдонгон болушу да мүмкүн.

Денеси бир төшөктө эч жакка барбай бир жерде жатканына жана көздөрү жумулуу болушуна карабастан, тынбай ал жаткан жерден башка бир жерлерге тиешелүү көрүнүштөрдү көргөн болот. Демек, көргөн нерсе – көздөрү эмес. Ал жаткан бөлмө бопбош болгонуна карабастан, үндөр уккан болот. Демек, уккан нерсе – кулактары эмес. Бардык нерсе мээсинин ичинде ишке ашкан болот. Бирок бардык түшүндө көргөн нерселери чындыгында бар сыяктуу абдан чындыкка жакын болот. Сыртта эч биринин чыныгы абалы жок болгонуна карабастан, мынчалык чындыкка жакын көрүнүштөрдү адамдын мээсинде жараткан эмне? Адам уктап жатканда, бул нерселерди (түштөрдү) өзү билип жана каалап туруп курбайт. Мээнин болсо өзүнөн-өзү мындай көрүнүштөрдү, окуяларды жаратышы эч мүмкүн эмес. Мээ – протеин молекулаларынан куралган бир бөлүк эт. Мындай бир заттын өзүнөн-өзү сүрөттөлүштөр жаратты, ал тургай ага чейин эч көрбөгөн адам жүздөрүн, жерлерди, үндөрдү пайда кылды деп айтуу – барып турган акылсыздык. Андай болсо уктап жатканда түшкө кирген көрүнүштөрдү көрсөткөн ким? Буларды ойлонгон адам ачык чындыкты дагы бир жолу көрөт: адамдарды уктаткан, уйку учурунда рухтарын денесинен алган, ойгонгондон кийин кайра берген жана уйку учурунда түштөрдү көрсөткөн – Аллах.

Түштөрдү Аллах көрсөткөндүгүн билген бир адам түштүн хикматтарын жана жаратылуу максаттарын да ойлонот. Түш учурунда, ойгоо учурдагы сыяктуу, башынан өткөргөн окуялар жана адамдардын бар экенине толук ишенүүдө. «Баары чындыгында бар», түшүндө көргөн жашоосунун аягы жок жана улануучу деп ойлоодо. Ал тургай бирөө жанына келип, «азыр уктап жатасың, ойгон» десе ага ишенбейт. Буларды байкаган адам болсо мындай деп ойлойт: «Бул дүйнө жашоосунун да өтүп кетүүчү жана түш сыяктуу бир жашоо эмес экендигин ким так айта алат? **Түштөн ойгонгон сыяктуу бир күнү бул дүйнө жашоосунан да ойгоном жана такыр башка көрүнүштөрдү, мисалы акырет көрүнүштөрүн көрөм...»**

# КУРАН АЯТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ

Ыйык китебибиз Куран – Аллах бардык адамдарга жөнөткөн акыркы китеп. Дүйнөдө жашаган ар бир адам Куранды үйрөнүүгө жана анда билдирилген буйруктарды аткарууга милдеттүү. Бирок адамдардын көпчүлүгү Куранды ыйык китеп катары кабыл алганына карабастан, аны үйрөнбөйт жана Курандагы Аллахтын буйруктарын аткарышпайт. Бул – Куран жөнүндө эч ойлонбогондуктун, Куранды ар кимден уккан маалыматтар негизинде таануунун бир натыйжасы. Ойлонгон бир адам үчүн Курандын мааниси жана жашоосундагы орду абдан чоң.

Баарынан мурда «ойлонгон» бир адам өзүн жана ал жашаган ааламды жоктон бар кылган, аны жоктон бар кылып жаратып жан берген, сансыз немат жана кооздуктар тартуулаган Жаратуучубузду таанығысы жана Анын кандай иш-аракеттерден ыраазы болоорун билгиси келет. Аллах элчиси аркылуу жөнөткөн Куран адамдын бул суроолоруна жооп берген бир жол көрсөткүч. Ошондуктан, адамдар Аллахтын адамдарга жол көрсөткүч катары түшүргөн, туураны жана туура эмести бири-биринен ажыраткан китебин абдан жакшы билиши, ар бир аяты жөнүндө ой жүгүртүү менен Аллах буйургандарды эң туура жана эң сонун жол менен аткаруусу зарыл.

Аллах Курандын адамдарга кандай максатта жөнөтүлгөнүн мындай кабар берет:

**(Бул Куран) Аяттарын жакшылап ойлонушсун жана таза акыл ээлери сабак алышсын деп сага (Биз) түшүргөн мубарек бир китеп. (Сад Сүрөсү, 29)**

**Чындыгында, ал (Куран) – албетте, бир кеңеш. Эми ким кааласа, сабак алып-ойлонот. (Мүдессир Сүрөсү, 54-55)**

Көп адамдар Куранды окуйт, бирок маанилүү нерсе – Аллах аяттарда да билдиргендей, окулган ар бир Куран аяты жөнүндө ой жүгүртүү, ал аяттан бир сабак алуу жана иш-аракеттерин ошого жараша оңдоо. Мисалы, Куранда кабар берилген **«Демек, чындыгында кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар. Чындыгында, кыйынчылык менен бирге жеңилдик бар.»** (Инширах Сүрөсү, 5-6) аяттарын окуган бир адам бул аят жөнүндө ойлонот. Аллахтын ар бир кыйынчылыктын артынан бир жеңилдик жаратаарын, андай болсо кандайдыр бир кыйынчылыкка туш болгондо, жасашы керек болгон нерсенин Аллахка тобокел кылуу, артынан келе турган жеңилдикти күтүү экендигин түшүнөт. Аллахтын мындай бир убадасы болгонуна карабастан, кыйынчылык учурларында паникага же үмүтсүздүккө түшүүнү болсо ыймандын алсыздыгынын бир алааматы экендигин көрөт. Жана бул аятты окуп ал жөнүндө ойлонгондон кийинки жашоосу бойунча мамилесин аятта билдирген багытта оңдойт.

Аллах Куранда мурда жашап өткөн пайгамбарлар жана элчилердин жашоосунан кээ бир маалыматтарды да бизге билдирүүдө. Мунун максаты – адамдардын Аллах ыраазы боло турган иш-аракеттер, сөздөр жана жашоонун кандай болушу керек экендигин көрүп, өрнөк алуулары үчүн. Аллах элчилердин кыссалары (баяндары) жөнүндө ойлонуп, адамдардын бул кыссалардан сабак алышы керек экендигин кээ бир аяттарда мындайча баяндайт:

**Ант болсун, алардын кыссаларында таза акыл ээлери үчүн сабактар бар. (Йусуф Сүрөсү, 111)**

**Муса (окуясын)да да (ойлондуруучу аяттар бар). Биз аны ачык бир далил менен Фираунга жөнөткөнбүз; (Зарийат Сүрөсү, 38)**

**Ошентип, Биз аны (Нухту) жана кеме калкын куткардык жана муну ааламдарга бир аят (сабак алынуучу бир окуя) кылып койдук. (Анкебут Сүрөсү, 15)**

Куранда мурда жашаган коомдордун кээ бир өзгөчөлүктөрү, алар ээ болгон ахлак жана баштарына келген кырсыктардан да сөз кылынат. Мындай аяттарды жалаң гана өткөн коомдордун баштарына келгендерди баяндаган тарыхый окуялар сыяктуу көрүп окуу чоң жаңылыштык болот. Себеби Аллах бардык башка аяттар сыяктуу эле өткөн коомдор баяндалган аяттарды да алар жөнүндө ойлонушубуз жана бул коомдордун башына келгендерден сабак алып, иш-аракеттерибизди оңдошубуз үчүн бизге билдирген. Аяттарда мындай буйурулат:

**Ант болсун, Биз силер сыяктуу (адам)дарды кыйроого дуушар кылдык. Бирок, сабак алып, ойлонгон барбы? (Камер Сүрөсү, 51)**

**Жана аны тактайлар жана мыктар (менен курулган кеме) үстүндө ташыдык; көзүбүз алдында агып-бараткан. (Өзү жана алып келген нерселеринен) Баш тартылып-нашүгүрдүк кылынганы үчүн (Нухка) бир сыйлык катары. Ант болсун, Биз муну бир аят катары калтырдык. Бирок сабак алып, ойлонгон барбы? Андай болсо Менин азабым жана эскертип-коркутушум кандай экен? Ант болсун, Биз Куранды зикир (сабак алып, ойлонуу) үчүн жеңил кылдык. Бирок сабак алып, ойлонгон барбы?** (Камер Сүрөсү, 13-17)

Аллах Куранды бардык адамдарга бир жол көрсөткүч катары түшүргөн. Ошондуктан, Курандын ар бир аяты жөнүндө ойлонуу жана ар бир аяттан бир сабак жана кеңеш алуу, Куранга ылайык жашоо – Аллахтын ыраазычылыгы, рахматы (кечирими-мээрими) жана бейишине жетүүнүн жалгыз жолу.

## Аллах Куранда адамдарды эмнелер жөнүндө ойлонууга чакырат?

**(Аларды) Апачык далилдер жана китептер менен (жөнөттүк). Сага да зикирди (Куранды) түшүрдүк, адамдарга алар үчүн түшүрүлгөндү түшүндүрсүн жана алар да <u>жакшылап (терең-терең) ойлонушсун деп.</u>** (Нахл Сүрөсү, 44)

Нахл Сүрөсүндөгү бул аят сыяктуу, Аллах көптөгөн аяттарда адамдарды ой жүгүртүүгө чакырат. Аллах ойлонушубузду билдирген нерселер жөнүндө ойлонуу, Раббибиз жараткан хикмат жана

жаратылыш укмуштарын көрүү – бир ибадат. Терең ой жүгүртүлгөн ар бир нерсе Аллахтын чексиз күчүн, акылын, илимин, чеберчилигин жана башка сыпаттарын таанып, түшүнүшүбүзгө жардамчы болот.

## Аллах адамды өзүнүн жаратылышы жөнүндө ойлонууга чакырат

**Адам айтууда: «Мен өлгөндөн кийин, чындап тирүү болуп чыгарыламынбы?» Адам мурда эч нерсе эмес (жок) кезинде, чындыгында Биз аны жаратканыбызды (эч) ойлонбойбу? (Мерйем Сүрөсү, 66-67)**

## Аллах адамды асмандар жана жердин жаратылышы жөнүндө ойлонууга чакырат

**Шек жок, асмандардын жана жердин жаратылышында, түн менен күндүздүн биринин артынан бири келишинде, адамдарга пайдалуу нерселер менен деңизде сүзгөн кемелерде, Аллах жаадырган жана аны менен жер жүзүн өлүмүнөн кийин тирилткен сууда, ар бир жандыкты ал жерде көбөйтүп-жайышында, шамалдарды соктурушунда, асман менен жер арасында мойун сундурулган булуттарды максаттуу (багыттап) башкаруусунда ойлонгон бир коом үчүн чындыгында аяттар (белгилер) бар.** (Бакара Сүрөсү, 164)

## Аллах адамды дүйнө жашоосунун өтүп кетүүчү экендиги жөнүндө ойлонууга чакырат

**Дүйнө жашоосунун мисалы– асмандан түшүргөн, аны менен адамдар жана жаныбарлар жеген жер жүзүнүн өсүмдүгү аралашкан бир суу сыяктуу гана. Жер сулуулугун тагынып-жасанган жана ал жердин жашоочулары чындыгында ага күч жеткирдик (биз кылдык) деп ойлошкондо (дал ушул учурда) түнү же күндүз ага буйругубуз келип, кечээ эч кандай байлыгы жок болгон сыяктуу аны тамырынан алып ташталган бир абалда кылып койгон болобуз. Ойлонгон бир коом үчүн Биз аяттарды ушундай бир-бирден түшүндүрөбүз. (Йунус Сүрөсү, 24)**

**Астынан суулар агып турган курмалардан, жүзүмдөрдөн бир бакчасы болсун, ичинде аныкы болгон бардык үрөндөр да болсун; бирок ага карылык келсин, (анын үстүнө) алсыз жана кичинекей балдары болсун (ушундай бир абалда турганда), ага (бакчасына) оттуу бир катуу шамал тийип, аны күйгүзүп салышын кимиңер каалайсыңар. Мына, Аллах силерге аяттарын ушундай түшүндүрөт, ойлонорсуңар (деп).** (Бакара Сүрөсү, 266)

## Аллах адамды ээ болгон нематтар жөнүндө ойлонууга чакырат

**Жана Ал – жерди жайып-тегиздеген, анда чайпалбай турган тоолор жана дарыялар кылган. Ал жерде түшүмдөрдүн (өсүмдүк-жаныбарлардын) ар биринен экиден жуп жараткан; түндү күндүзгө оройт. Шек жок, буларда <u>ойлонгон бир коом үчүн</u> чындыгында аяттар бар.**

**Жер бетинде бири-бирине жакын коңшу материктер бар; жүзүм бактары, эгиндер, бутактуу жана бутаксыз курма бактары да бар, булар бир эле суудан сугарылышат. Бирок түшүмдөрүндө (түшүмдүүлүк жана даамда) кээ бирин кээ биринен өйдө кылуудабыз. Шек жок, буларда <u>акылын колдонгон бир коом үчүн</u> чындыгында аяттар бар.** (Рад Сүрөсү, 3-4)

## Аллах адамды бүт ааламдын адам үчүн жаратылгандыгын ойлонууга чакырат

**Өзүнөн (бир немат катары) асмандарда жана жерде болгондордун баарын силерге мойун сундурду. Шек жок, мында <u>ойлоно алган бир коом үчүн</u> чындыгында аяттар бар. (Жасийе Сүрөсү, 13)**

**Аны менен силер үчүн эгин, зайтун, курма бактары, жүзүмдөр жана мөмөлөрдүн ар кандай түрүнөн өстүрөт. Шек жок, мында <u>ойлоно алган бир коом үчүн</u> аяттар бар. Түндү, күндүздү, күндү жана айды силердин буйругуңарга берди; жылдыздар да Анын буйругу менен буйрукка даяр кылынган. Шек жок, мында акылын колдоно алган бир коом үчүн аяттар бар. Жерде силер үчүн өндүрүп-көбөйткөн ар кандай түстөгүлөрдү да (пайдаланууңарга берди). Шек жок мында <u>сабак алып, ойлонгон бир коом үчүн</u> аяттар бар. Деңизди да силердин буйругуңарга берген – Ал, андан (деңизден) жаңы эт жеп жатасыңар жана кийимиңерге андан жасалга-буюмдарды чыгаруудасыңар. Кемелердин анда (сууларды) жарып агып кетип баратканын көрүүдөсүң. (Бардык бул нерселер) Анын мээримин көрүшүңөр жана шүгүр кылышыңар үчүн. Силерди титиретпесин деп жерде титиребес тоолор койду, дарыялар жана жолдор да (кылды). Туура жолду табаарсыңар деген үмүттө. Жана (башка) ишараттар да (жаратты); алар жылдыз(дар) менен да туура жолду таба алышат. Жаратуучу – эч жаратпаган сыяктуубу? Эми <u>сабак алып-ойлонбойсуңарбы?</u>** (Нахл Сүрөсү, 11-17)

## Аллах адамдарды өздөрүнүн нефстери (напсилери) жөнүндө ойлонууга чакырат

**Өздөрүнүн нефстери жөнүндө <u>ойлонушпайбы?</u>...** (Рум Сүрөсү, 8)

## Аллах адамды сонун ахлак жөнүндө ойлонууга чакырат

**Жетимдин мүлкүнө, ал бой жеткенге чейин, эң сонун (мамиле) тышында, жакындашпагыла. Өлчөөнү жана таразага тартууну туура кылгыла. Эч бир нефске (адамга) күчү жеткенден ашыкча**

**бир нерсе жүктөбөйбүз. Сүйлөгөндө (күбө болгондо), жакыныңар болсо да адилеттик кылгыла. Аллахка берген сөзүңөрдө бекем болгула. Мына ушуларды силерге кеңеш (буйрук) кылды; <u>сабак алып-ойлоноорсуңар деген үмүт менен</u>.** (Энам Сүрөсү, 152)

**Шек жок, Аллах адилетти, жардамды, жакындарга (жардам) берүүнү буйурат; жаман уятсыздыктардан (фахшадан), жамандыктардан жана залимдиктен тосот. Силерге кеңеш берүүдө, <u>сабак алып-ойлоноорсуңар деген үмүт менен</u>.** (Нахл Сүрөсү, 90)

**Эй ыйман келтиргендер, үйлөрүңөрдөн башка үйлөргө, жакын мамиле кылып (уруксат албастан) жана (үйдөгүлөргө) салам бербестен кирбегиле. Бул силер үчүн жакшыраак; <u>сабак алып-ойлоноорсуңар деген үмүт бар</u>.** (Нур Сүрөсү, 27)

## Аллах адамды акырет, кыямат жана эсеп (сот) күнүн ойлонууга чакырат

**Ар бир нефсин кылган жакшылыктарын алдында (даяр) тапкан жана кандай жамандык кылган болсо аны менен өзүнүн арасында алыс бир аралык болушун каалай турган ал күндү (<u>ойлонгула</u>). Аллах силерди Өзүнүн азабы менен эскертет. Аллах кулдарына мээрими көп. (Али Имран Сүрөсү, 30)**

**Күч жана басирет (терең акыл) ээси болгон кулдарыбыз Ибрахимди, Исхакты жана Жакыпты да эстегин. Чындыгында Биз аларды кошумчасыз (акыреттеги чыныгы) журтту <u>ойлонуп-эстеген</u> ыкластуу пенделер кылдык.** (Сад Сүрөсү, 45-46)

**Эми алар кыямат-саатынын аларга кокусунан келишинен башкасын күтүп жатышабы? Мына анын ишараттары келди. Бирок аларга (кыямат) келгенден кийин <u>сабак алып-ойлонушу</u> аларга эмне жардам бермек?** (Мухаммед Сүрөсү, 18)

## Аллах адамды жараткан жандыктар жөнүндө ойлонууга чакырат

**Раббиң бал аарысына вахий кылды: тоолордо, дарактарда жана алар курган үйлөрдө өзүңө үйлөр кур. Кийин мөмөлөрдүн баарынан же, ушундайча Раббиң сага жеңил кылган жолдор менен жүр-уч. Алардын курсактарынан ар кандай түстөрдөгү шербеттер чыгат, анда адамдар үчүн бир шыпаа бар. Шек жок, <u>ойлонгон бир коом үчүн</u> чындыгында мында аяттар бар.** (Нахл Сүрөсү, 68-69)

## Аллах адамды кокусунан келип калчу азаптар жөнүндө ойлонууга чакырат

**Айт: «Эч ойлондуңарбы; эгер силерге Аллахтын азабы келсе же саат (кыямат) келип калса, Аллахтан башкасын (жардамга) чакырасыңарбы? Эгер чынчыл болсоңор (чакыргылачы көрөлү.)»** (Энам Сүрөсү, 40)

**Айт: «Эч ойлондуңарбы; эгер Аллах силердин угуу жана көрүүңөрдү алып койсо жана жүрөгүңөрдү мөөрлөсө, аларды силерге Аллахтан башка кайтара турган илах ким?» Кара, Биз аяттарды кандай «түрдүү жолдор менен түшүндүрүүдөбүз», кийин алар (кайра эле) аркасына бурулуп-тоскоолдук кылышууда?** (Энам Сүрөсү, 46)

**Айт: «Эч ойлондуңарбы, силерге Аллахтын азабы күтүүсүз же ачыктан келип калса, зулумдук кылган коомдон башкасы кыйрайбы?»** (Энам Сүрөсү, 47)

**Айт: «Эч ойлондуңарбы, эгер Анын азабы түнкүсүн же күндүз келип калса (абалыңар кандай болот), кылмышкер-күнөөкөрлөр муну эмнеге шаштырып жатышат?» (Йунус Сүрөсү, 50)**

**Көрүшкөн жокпу, чындыгында алар ар жылы бир же эки жолу балээге кабылышууда, кийин тообо кылышпайт жана сабак алып-ойлонушпайт.** (Тообо Сүрөсү, 126)

**Ант болсун, алгачкы урпактарды кыйраткандан кийин Мусага адамдар үчүн (көздөрдү хикмат менен ачып, нурлантуучу) басирет, хидайат (туура жол) жана рахмат катары китеп бердик. Сабак алып-ойлонушсун деген үмүт менен.** (Касас Сүрөсү, 43)

**Ант болсун, Биз силерге окшош элдерди кыйраттык. Бирок, сабак алып-ойлонгон барбы?** (Камер Сүрөсү, 51)

**Ант болсун, Биз да Фираун үй-бүлө (чөйрө)сүн балким сабак алып-ойлонушаар деп жылдар бойу кургакчылык жана түшүм жетишпестигине дуушар кылдык.** (Араф Сүрөсү, 130)

## Аллах адамды Куран жөнүндө ойлонууга чакырат

**Алар дагы эле Куранды жакшылап ойлонбой жатышабы? Эгер ал Аллахтан башкасынын кабатынан болгондо, шек жок ичинде көптөгөн карама-каршылыктар (дал келбестиктер) табышмак.** (Ниса Сүрөсү, 82)

**Алар дагы эле ал сөздү (Куранды) керектүү деңгээлде ойлонушпадыбы, же аларга мурдакы аталарына келбеген бир нерсе келдиби?** (Мүминун Сүрөсү, 68)

**(Бул Куран) Аяттарын жакшылап ойлонушсун жана таза акыл ээлери сабак алышсын деп сага (Биз) түшүргөн мубарек бир китеп.** (Сад Сүрөсү, 29)

**Балким алар <u>сабак алып-ойлонушаар деп</u>, Биз аны (Куранды) сенин тилиңде (кылып) жеңил кылдык.** (Духан Сүрөсү, 58)

**Чындык (ушундай), ал (Куран) – албетте бир сабак (кеңеш). Эми ким кааласа, <u>сабак алып-ойлонот</u>.** (Мүдессир Сүрөсү, 54-55)

**Ушундайча Биз аны Арапча бир Куран кылып түшүрдүк жана анда корко турган нерселерди түрдүү жолдор менен түшүндүрдүк; коркуп-сактанышаар же (Куран) <u>аларда ойлонуу (жөндөмү) пайда кылаар</u> деген үмүттө.** (Таха Сүрөсү, 113)

## Аллахтын элчилери, аңдап-түшүнүшү жабык (караңгы) болгон коомдорун ойлонууга чакырышкан

**Айт: «Силерге Аллахтын казыналары жанымда деп айтпаймын, кайыпты да билбейм жана мен силерге бир периштемин да дебеймин. Мен, мага вахий кылынгандан башкасына баш ийбейм.» Айт: «Көр менен көрүүчү бирби? Дагы эле <u>ойлонбойсуңарбы?</u>»** (Энъам Сүрөсү, 50)

**Коому аны менен талашып-тартышып баштады. Айтты: «Ал мени туура жолго салып койсо, силер мени менен Аллах жөнүндө талашып-тартышып жатасыңарбы? Силердин Ага ширк (шерик) кошкон нерсеңерден мен коркпоймун, Аллахтын мен жөнүндө (мага) бир нерсе (зыян) каалашы башка. Раббим илим жагынан бардык нерселерди курчап турат. Дагы эле <u>сабак алып-ойлонбойсуңарбы</u>?** (Энъам Сүрөсү, 80)

## Аллах адамды шайтандын таасирине каршу туруу үчүн ойлонууга чакырат

**Эгер сага шайтандан бир азгырык келсе, ылдам Аллахка корголо. Себеби, Ал – угуучу, билүүчү. (Аллахтан) Сактангандарга шайтандан бир азгырык келгенде (алгач) <u>жакшылап ойлонушат</u> (Аллахты зикир кылып-эстешет), кийин карасаң, көрүп түшүнүшкөн болот. (Шайтандын) Бир туугандары болсо, аларды адашууга түртүшөт, кийин артынан калышпайт.** (Аъраф Сүрөсү, 200-202)

## Аллах динге чакырган адамды адамдарды ойлонууга багыттоону сунуштайт

**Сен жана бир тууганың аяттарым менен баргыла жана Мени көп-көп зикир кылгыла. Экөөңөр Фираунга баргыла, себеби ал жолдон адашты. Ага жумшак сөз айткыла, балким сабак алып-ойлоноор же ичи титиреп-коркоор.** (Таха Сүрөсү, 42-44)

## Аллах адамды өлүм жана уйку жөнүндө ойлонууга чакырат

**Аллах алар өлө турган убакта жандарын алат; өлбөгөндү да уйкусунда (бир өлүмгө жолуктурат). Ушундайча, ал жөнүндө өлүм чечими берилгенди (анын рухун) кармап калат, беркисин (беркисинин рухун) болсо белгиленген бир ажалга чейин (денесине) кайра салат. Шек жок, мында ойлоно алган бир коом үчүн чындыгында аяттар бар.** (Зүмер Сүрөсү, 42)

# ЖЫЙЫНТЫК

Бул китептин максаты – «ойлонууга чакыруу». Бир адамга чындыктар ар кандай жолдор менен түшүндүрүлүшү мүмкүн, бардык майда-чүйдөлөр, бардык далилдер, ар кандай мүмкүнчүлүктөр колдонулуп көрсөтүлүшү мүмкүн. Бирок эгер адам бардык бул чындыктарды ичинен, чын жүрөктөн чындыкты түшүнүү максаты менен ойлонбосо, мындай аракеттердин баары текке кетет. Ошондуктан Аллахтын элчилери коомдорун динге чакырууда аларга чындыктарды жакшылап түшүндүрүп, артынан аларды ойлонууга чакырышкан.

Ойлонгон адам Аллахтын жаратылыш сырларын, дүйнө жашоосу чындыгын, бейиш жана тозоктун бар экендигин, окуялардын ички сырларын түшүнөт. Аллах ыраазы боло турган бир адам болуунун маанисин жакшыраак түшүнөт, дин ахлагын зарыл абалда жашайт, көргөн ар бир нерсесинде Аллахтын сыпаттарын тааныйт, адамдардын көпчүлүгү эмес, Аллах буйрук кылган сыяктуу ойлонуп баштайт. Мунун натыйжасында сулуулуктардан башкаларга караганда көп ырахат алат, ошондой эле керексиз тынчсыздануу, дүнүйөгө кызыгуу сыяктуу ойлорго алдануу менен өзүн сыгып кыйнабайт.

Булар – ой жүгүрткөн адамдын бул дүйнөдө таба турган жакшы нерселердин жалаң гана бир канчасы. Ойлонуу менен дайыма чындыкты көрө алган адамдын акыреттеги утугу болсо – Раббибиздин сүйүүсү, ыраазычылыгы, кечирими жана бейиши.

Дүйнө жашоосунда ойлонуу менен чындыктарды көрүүдөн качкан адамдар ойлоно турган, болгондо да «терең жана жакшылап» ойлоно турган жана чындыктарды ачык көрө турган бир күн сөзсүз келет. Бирок ал күнкү ойлонуулары аларга эч кандай пайда алып келбейт, тескерисинче аларды кыйнайт. Аллах бул адамдардын качан ойлоноорун Куранда мындайча билдирет:

**Бирок ал «бардык нерсени чөктүрүп көмгөн чоң кырсык» (кыямат) келгенде. Ал күнү адам аракетин эмнеге каржаганын ойлонуп-түшүнөт. Көрө алгандар үчүн тозок да көрсөтүлгөн болот.** (Назиат Сүрөсү, 34-36)

Ойлонбой койуу менен милдеттерден кача алам деп ойлогондор балким жолуга турган натыйжасын ойлонот жана Аллахтын динине кайтышат деген үмүт менен адамдарды ойлонууга чакыруу – момундарды ибадаты. Бирок ыйман келтиргендер Куранда Раббибиз берген өкүмдү билүү менен аракет кылышат. Аятта мындай билдирилет:

**Эми ким кааласа, <u>сабак алып-ойлонот</u>.** (Мүддессир Сүрөсү, 55)

# ЭВОЛЮЦИЯ ТЕОРИЯСЫНЫН ЖАҢЫЛЫШТЫГЫ

Дарвинизм, башкача айтканда, эволюция теориясы – жаратылыш чындыгынан баш тартуу максатында ойлоп чыгарылган, бирок ийгиликке жете албаган илимге туура келбеген бир калп. Жандуулардын жансыз заттардан кокустуктар натыйжасында пайда болгонун жактаган бул теория ааламда жана жандууларда абдан ачык бир тең салмактуулук, жаратылуу чеберчилиги бар экендигинин илим тарабынан далилдениши менен бирге кыйрады.

Натыйжада бардык ааламды жана жандууларды Аллах жараткандыгы жөнүндөгү чындык илим тарабынан да далилденди. Бүгүнкү күндө эволюция теориясын сактап калуу үчүн дүйнө жүзүндө жүргүзүлгөн пропаганда жалаң гана илимий чындыктардын бурмаланышы, теорияга жан тартуучу багытта жоромолдоо, илимий көрүнүшкө жамынып айтылган калптар жана алдамчылыктарга таянууда.

Бирок мындай пропаганда чындыкты жашыра албайт. Эволюция теориясынын эң чоң адашуу, калп экендиги акыркы 20-30 жылдан бери илим чөйрөсүндө барган сайын көп айтылууда. Өзгөчө 1980-жылдардан кийин жүргүзүлгөн изилдөөлөр Дарвинист көз-караштардын толугу менен туура эмес экендигин аныктады жана бул чындык көптөгөн илимпоздор тарабынан сөз кылынууда. Өзгөчө АКШда биология, биохимия, палеонтология сыяктуу ар кандай илим чөйрөлөрүнөн келген көптөгөн илимпоздор Дарвинизмдин туура эмес экендигин көрүүдө, жандуулардын жаралуусун эми «жаратылуу чындыгы» менен түшүндүрүшүүдө.

Эволюция теориясынын кыйрашы жана жаратылуу далилдерин башка көптөгөн эмгектерибизде бардык илимий деталдары менен бирге колго алганбыз жана алып келүүдөбүз. Бирок бул тема абдан маанилүү болгондуктан, бул жерде да кыскача баяндоо пайдалуу болот.

## Дарвинди кыйраткан кыйынчылыктар

Эволюция теориясы тарыхы эски Грецияга чейин барган бир көз-караш болгонуна карабастан, 19-кылымда кеңири болуп ортого чыкты. Бул теорияны илим чөйрөсүнө киргизген эң маанилүү окуя – Чарльз Дарвиндин 1859-жылы чыгарган *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китеби эле. Дарвин бул китепте дүйнөдөгү бардык жандык түрлөрүнүн Аллах тарабынан өз-өзүнчө жаратылганына каршы чыккан. Дарвиндин ойу бойунча, бардык түрлөр орток бир атадан келишкен жана убакыттын өтүшү менен кичинекей өзгөрүүлөр менен өзгөрүүлөргө дуушар болушкан.

Дарвиндин теориясы эч кандай так илимий табылгага таянган эмес; өзү да кабыл алгандай жөн гана бир «ой жүгүртүү» болчу. Ал тургай Дарвиндин китебиндеги «Теориянын кыйынчылыктары» аттуу узун бөлүмдө мойнуна алгандай, теория көптөгөн абдан маанилүү суроого жооп бере албайт эле.

Дарвин теориясына каршы кыйынчылыктар келечекте илим тарабынан жок кылынат, жаңы илимий табылгалар теориясын күчтөндүрөт деп үмүттөнгөн эле. Муну китебинде көп жолу белгилеп кеткен. Бирок илимдин өнүгүшү, Дарвиндин үмүтүнө каршы, теориянын негизги көз-караштарын бир-бирден жараксыз кылды.

Дарвинизмдин илим тарабынан кыйратылышын 3 негизги багытта кароого болот:

1) Теория жашоонун жер бетинде алгач кандайча пайда болгонун эч түшүндүрө албайт.

2) Теория сунуштаган «эволюция механизмдеринин» чындыгында эволюциялык күчкө ээ экендигин далилдеген эч кандай илимий далил жок.

3) Фосилдер эволюция теориясынын туура эмес экендигин далилдейт.

Бул бөлүмдө бул үч негизги теманы тереңирээк карайбыз.

## Өтө албаган алгачкы баскыч: жашоонун келип чыгышы

Эволюция теориясы бардык жандуу түрлөрү болжол менен мындан 3,8 миллиард жыл мурда алгачкы дүйнөдө пайда болгон жалгыз жандуу клеткадан келди деп айтышат. Жалгыз бир клетканын кандайча миллиондогон комплекстүү жандуу түрлөрүн пайда кылгандыгы жана эгер чындыгында мындай бир эволюция болгон болсо эмне үчүн бул процесстин издеринин фосил булактарында байкалбашы теория түшүндүрө албаган суроолордон. Бирок булардан мурда сөз жүзүндөгү эволюция процессинин алгачкы баскычы жөнүндө сөз кылуу туура болот. Сөз кылынган ошол «алгачкы клетка» кантип пайда болду?

Эволюция теориясы жаратылуудан баш тарткандыктан, эч кандай табият үстү кийлигишүүнү кабыл албагандыктан, ал «алгачкы клетканын» эч кандай проект, план жана жөнгө салуу болбостон, табият мыйзамдары ичинде кокустуктан пайда болгонун айтат. Башкача айтканда, теория бойунча жансыз нерселер кокустуктар натыйжасында пайда болгон бир клетка жараткан болушу керек. Бирок бул – билинген эң негизги биология мыйзамдарына карама-каршы бир көз-караш.

## «Жашоо жашоодон келет»

Дарвин китебинде жашоонун келип чыгышы жөнүндө эч сөз кылган эмес. Себеби анын доорундагы илим түшүнүгү жандыктарды абдан жөнөкөй бир структурада деп гипотеза кылышкан. Ортоңку кылымдан бери ишенилип келе жаткан «спонтане женерасйон» аттуу теория бойунча, жансыз нерселер кокустуктар менен чогулуп, жандуу бир нерсе жарата алышат деген ишеним бар болчу. Бул доордо коңуздар тамак таштандыларынан, чычкандар буудайдан пайда болот деген түшүнүктөр кеңири жайылган. Муну далилдөө үчүн ар кандай кызыктуу эксперименттер жасалган. Кир бир кебездин үстүнө буудай койулуп, бираз күткөндө бул аралашмадан чычкан пайда болот деп божомолдонгон.

Эттердин куртташы да жашоонун жансыз заттардан пайда болушу мүмкүн экендигине бир далил катары кабыл алынчу. Бирок кийинчерээк аныкталгандай, курттар өзүнөн-өзү жаралбайт эле, чымындар таштаган көзгө көрүнбөгөн личинкалардан чыгышат эле.

Дарвиндин *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебин жазган учурда бактериялардын жансыз нерселерден пайда болушу ишеними илим дүйнөсүндө кеңир жайылган көз-караш болчу.

Бирок, Дарвин китебин чыгаргандан беш жылдан кийин атактуу Француз биолог Луи Пастер эволюциянын негизи болгон бул ишенимди толугу менен кыйратты. Пастер жасаган көптөгөн аракет жана эксперименттер натыйжасында барган жыйынтыгын мындай жыйынтыктайт: **«Жансыз заттардын жашоо пайда кылышы мүмкүн экендиги эми толугу менен тарыхка көмүлдү.»** (*Sidney Fox, Klaus Dose, Molecular Evolution and The Origin of Life, New York: Marcel Dekker, 1977, s. 2*)

Эволюция теориясынын жактоочулары Пастердин табылгаларына көп жылдар бойу тирешишти. Бирок өнүккөн илим жандуу клетканын татаал түзүлүшүн ортого койгондо, жашоонун өзүнөн-өзү пайда болушу мүмкүн эместиги абдан ачык абалга келди.

## 20-кылымдагы натыйжасыз аракеттер

20-кылымда жашоонун келип чыгышы темасын изилдеген алгачкы эволюционист, атактуу орус биолог Александр Опарин болгон. Опарин 1930-жылдары сунуштаган көптөгөн тезистери менен жандуу клетканын кокустуктар натыйжасында пайда болушу мүмкүн экендигин далилдөөгө аракет жасады. Бирок бул аракеттер ийгиликсиз аяктап, Опарин минтип мойунга алууга мажбур болгон: **«Тилекке каршы, клетканын келип чыгышы эволюция теориясын толугу менен камтыган эң караңгы (белгисиз) чекитти түзүүдө.»** *(Alexander I. Oparin, Origin of Life, (1936) New York, Dover Publications, 1953 (Reprint), s.196)*

Опариндин жолунан жүргөн эволюционисттер жашоонун келип чыгышы темасын чече турган эксперименттер жасоону улантышты. Мындай эксперименттердин эң атактуусу Америкалык химик Станлей Миллер тарабынан 1953-жылы жасалган. Миллер алгачкы дүйнө атмосферасында бар деп эсептеген газдарды бир экспериментте бириктирип, бул аралашмага энергия кошуу менен протеиндердин структурасында колдонулган бир канча органикалык молекулаларды (амино-кислота) синтездеген.

Ал жылдары эволюция атына маанилүү бир баскыч катары таанытылган бул эксперименттин жараксыз экендиги жана экспериментте колдонулган атмосферанын дүйнө шарттарынан абдан айырмалуу экендиги кийинки жылдарда ачыкка чыккан. *("New Evidence on Evolution of Early Atmosphere and Life", Bulletin of the American Meteorological Society, c. 63, Kasım 1982, s. 1328-1330)*

Көпкө уланган бир жымжырттыктан кийин Миллер өзү да колдонгон атмосфера чөйрөсүнүн чындыктан алыс экендигин мойнуна алган. *(Stanley Miller, Molecular Evolution of Life: Current Status of the Prebiotic Synthesis of Small Molecules, 1986, s. 7)*

Жашоонун келип чыгышы маселесин түшүндүрүү үчүн 20-кылым бойу жасалган эволюционисттик аракеттердин баары ийгиликсиз аяктады. Сан Диего Скриппс Институтунан атактуу гео-химик Жеффрей Бада эволюционисттердин *Earth* журналынын 1998-жылкы санында чыккан макалада бул чындыкты мындайча кабыл алат:

Бүгүн, 20-кылымды артка калтырып жатып, дагы эле 20-кылымга киргенде ээ болгон эң чоң чечилбеген маселе алдыбызда турат: Жашоо жер бетинде кантип башталды? *(Jeffrey Bada, Earth, Şubat 1998, s. 40)*

## Жашоонун комплекстүүлүгү

Эволюция теориясынын жашоонун келип чыгышы темасында мынчалык чоң жоопсуз маселеге кабылышынын негизги себеби – эң жөнөкөй деп саналган жандуу структуралардын да укмуштуу татаал түзүлүшкө ээ болушу. Жандуу клетка адамзат жасаган бардык технологиялык продукттардан да татаал түзүлүшкө ээ. Натыйжада бүгүн дүйнөнүн эң алдыңкы лабораторияларында да жансыз заттар чогултулуп, жандуу бир даана клетка өндүрүү мүмкүн эмес болууда.

Бир клетканын жаралышы үчүн керектүү шарттар кокустуктар менен эч түшүндүрүлө албай турган деңгээлде көп. Клетканын эң негизги түзүүчү бөлүкчөсү болгон протеиндердин кокустуктар натыйжасында синтезделүү ыктымалдуулугу 500 амино-кислотадан турган орточо бир протеин үчүн $1/10^{950}$ге барабар. Бирок математикада $1/10^{50}$дөн кичине ыктымалдуулуктар иш жүзүндө ишке ашпас, башкача айтканда, 0 деп кабыл алынат. Клетканын ядросунда жайгашкан жана генетикалык маалыматты сактаган ДНК молекуласы болсо, таң калаарлык бир маалымат сактоочу болуп саналат. Адам ДНКсы

камтыган маалымат эгер кагазга түшүрүлсө, 500дүк беттен турган 900 томдук бир китепкана болоору эсептелүүдө.

Бул жерде абдан кызыктуу дагы бир дилемма бар: ДНК жалаң гана бир канча атайын протеиндердин (энзимдердин) жардамы менен жуптала алат. Бирок бул энзимдердин синтези да жалаң гана ДНКдагы маалыматтар жардамы менен ишке ашат. Бири-биринен көз-каранды болгондуктан, жупталуу ишке ашышы үчүн экөөсү тең бир убакта бар болушу керек. Бул болсо «жашоо өзүнөн-өзү пайда болду» деген сценарийди жокко чыгарууда. Сан Диего Калифорния университетинен атактуу эволюционист проф. Лесли Оргел *Scientific American* журналынын 1994-жылы октябрдагы санында бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ болгон протеиндердин жана нуклеиндик кислоталардын (РНК жана ДНК) бир жерде жана бир учурда кокустуктан пайда болушу – ыктымалдуулуктан абдан алыс. Бирок булардын бири болбостон, экинчисин алуу (жасоо) да мүмкүн эмес. Ошондуктан, адам баласы жашоонун химиялык процесстер натыйжасында келип чыгышы такыр мүмкүн эместиги жыйынтыгына барууга мажбур болууда. *(Leslie E. Orgel, The Origin of Life on Earth, Scientific American, c. 271, Ekim 1994, s. 78)*

Шек жок, эгер жашоонун табигый таасирлер натыйжасында келип чыгышы мүмкүн эмес болсо, анда жашоо табият үстү бир абалда «жаратылганын» кабыл алуу керек. Бул чындык негизги максаты «жаратылыштан (натыйжада Аллахтан) баш тартуу» болгон эволюция теориясын апачык жараксыз кылууда.

## Эволюциянын ойлоп табылган механизмдери

Дарвиндин теориясын жараксыз кылган экинчи негизги сокку – теория «эволюция механизмдери» катары сунуштаган эки түшүнүктүн да чындыгында эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес экендигин түшүнүү менен ишке ашты.

Дарвин чыгарган эволюция көз-карашын толугу менен «табигый тандалуу» механизмине байланыштырган эле. Бул механизмге берген мааниси китебинин атынан да ачык көрүнүп турат эле: *Түрлөрдүн келип чыгышы, табигый тандалуу жолу менен...*

Табигый тандалуу табияттагы жашоо күрөшү ичинде табигый шарттарга ылайыктуу жана күчтүү жандуулардын жашоосун улантаары көз-карашына таянат. Мисалы, жырткыч жаныбарлар тарабынан коркунучка кабылган бир кийик тобунда ылдамыраак чуркаган кийиктер жашоосун улантат. Натыйжада кийик тобу ылдам жана күчтүү кийиктерден куралат. Бирок, албетте, бул механизм кийиктерди эволюция кылбайт, аларды башка жаныбар түрүнө, мисалы аттарга айландырбайт.

Демек, табигый тандалуу механизми эч кандай эволюциялык күчкө ээ эмес. Дарвин да бул чындыкты билчү жана *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде **«Пайдалуу өзгөрүүлөр пайда болмойунча, табигый тандалуу эч нерсе кыла албайт»** деп айтууга мажбур болгон. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 189)*

## Ламарктын таасири

Мындай «пайдалуу өзгөрүүлөр» кантип болмок? Дарвин ошол учурдун алгачкы илим түшүнүгү ичинде бул суроого Ламаркка таянуу менен жооп берүүгө аракет жасаган. Дарвинден мурда жашаган Француз биолог Ламарктын ойу бойунча, жаныбарлар жашоолору бойу ишке ашкан физикалык өзгөрүүлөрдү кийинки урпактарга өткөрүп берүүдө, урпактан урпакка чогулган мындай өзгөрүүлөр натыйжасында жаңы жаныбар түрлөрү пайда болууда эле. Мисалы, Ламарктын ойу бойунча, жирафтар жейрендерден пайда болгон эле, бийик дарактардын жалбырактарын жеш үчүн аракет кылып жатып, урпактан урпакка мойундары узарып кеткен эле.

Дарвин да ушул сыяктуу мисалдар берген. Мисалы, *Түрлөрдүн келип чыгышы* аттуу китебинде тамак табуу үчүн сууга түшкөн кээ бир аюулар убакыттын өтүшү менен киттерге айланды деп айткан. *(Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 184)*

Бирок Мендел тапкан жана 20-кылымда өнүккөн генетикалык илим менен бекемделген тукум куучулук мыйзамдары «ээ болунган өзгөчөлүктөрдүн кийинки урпактарга берилиши» жомогун толугу менен кыйратты. Мунун натыйжасында табигый тандалуу «жалгыз» жана натыйжада толугу менен жарабаган бир механизм болуп калды.

## Нео-Дарвинизм жана мутациялар

Дарвинисттер болсо бул абалга бир чечүү жолун табуу үчүн 1930-жылдардын аягында «Модерн синтетикалык теорияны» же кеңири тарлган аты менен нео-дарвинизмди чыгарышты. Нео-дарвинизм табигый тандалуунун жанына «пайдалуу өзгөрүү себеби» катары мутацияларды, башкача айтканда, жаныбарлардын гендеринде радиациялар сыяктуу тышкы таасирлер же копиялоо каталары натыйжасында пайда болгон бузулууларды кошушту.

Бүгүнкү күндө дагы эле дүйнөдө эволюция атына жарактуулугун сактаган модел – нео-дарвинизм. Теория жер бетинде жашаган миллиондогон жандык түрү, бул жаныбарлардын кулак, көз, өпкө, канат сыяктуу сансыз комплекстүү органдары «мутацияларга», башкача айтканда, генетикалык бузулууларга таянган бир процесс натыйжасында пайда болду деп эсептейт. Бирок теорияны жокко чыгарган ачык бир илимий чындык бар: **Мутациялар жаныбарларды жакшы жакка өзгөртпөйт, тескерисинче дайыма жаныбарларга тескери таасир беришет.**

Мунун себеби абдан жөнөкөй: ДНК абдан комплекстүү түзүлүшкө ээ. Бул молекулада пайда болгон ар кандай туш келе (стохастикалык) бир таасир жалаң гана зыян берет. Америкалык генетикчи Б.Г. Ранганатхан муну мындайча түшүндүрөт:

«Мутациялар – кичинекей, стохастикалык жана зыяндуу. Кээ-кээде гана ишке ашат жана эң жакшы ыктымалдуулук учурунда эч кандай таасир жаратпайт. Бул үч өзгөчөлүк мутациялардын эволюциялык бир өнүгүү жарата албасын көрсөтөт. Ансыз деле жогорку даражада өзгөчө бир организмде пайда болгон бир туш келе өзгөрүү – же таасирсиз болот же болбосо зыяндуу. Бир кол саатында болгон бир өзгөрүү ал кол саатын жакшыртпайт. Чоң ыктымалдуулук менен ага зыян келтирет же эң жакшы учурда ага эч кандай таасир бербейт. Бир жер титирөө бир шаарды өнүктүрбөйт, ага кыйроо алып келет». *(B. G. Ranganathan, Origins?, Pennsylvania: The Banner Of Truth Trust, 1988)*

Чындыгында эле бүгүнкү күнгө чейин эч бир пайдалуу, башкача айтканда, генетикалык маалыматты жакшырткан, өнүктүргөн мутация мисалы байкалган жок. Бардык мутациялардын зыян алып келгени байкалды. Эволюция теориясы тарабынан «эволюция механизми» катары көрсөтүлгөн мутациялардын чындыгында жандууларды бузган, майып кылган генетикалык окуя экендиги ачык түшүнүлдү. (Адамдарда мутациялардын эң көп кездешкен натыйжасы – рак). Албетте, талкалоочу, бузуучу бир механизм «эволюция механизми» боло албайт. Табигый тандалуу болсо, Дарвин да кабыл алгандай, «өзү жалгыз эчтеке кыла албайт». Бул чындык бизге табиятта эч кандай «эволюция механизми» жок экендигин көрсөтөт. Демек, эволюция механизми жок болгон болсо, эволюция деп аталган кыялдагы процесс эч качан болгон эмес.

## Фосилдер: ортоңку звено жок

Эволюция теориясы жактаган сценарийдин эч болбогондугунун эң ачык көрсөткүчү – фосилдер.

Эволюция теориясы бойунча, бардык жандуулар бири-биринен пайда болгон. Мурда бар болгон бир жандуу түрү убакыттын өтүшү менен башка бир түргө айланган жана бардык түрлөр ушундай жол менен пайда болгон. Теория бойунча, мындай өзгөрүүлөр миллиондогон жылдарга барабар узун убакытта болгон жана баскыч баскыч алдын (өйдө) көздөй уланган.

Мындай учурда сөз кылынган узун убакыт бойу өзгөрүү процесси ичинде сансыз көп «ортоңку звенолордун» пайда болуп, жашап өткөн болушу керек эле.

Мисалы, өткөн учурларда балык өзгөчөлүктөрүнө ээ болгонуна карабастан, бир тараптан да кээ бир сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жарым балык-жарым сойлоп жүрүүчү жандыктар жашаган болушу керек эле. Же сойлоп жүрүүчү өзгөчөлүктөрү менен бирге, бир тараптан да кээ бир канаттуу өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон сойлоп жүрүүчү-куш пайда болгон болушу керек эле. Булар бир өткөөл абалда болгондуктан, майып, кемчиликтүү, кээ бир органдары жарым-жартылай болгон жандыктар болушу керек эле. Эволюционисттер өткөн учурда жашап өткөн деп ишенген мындай теориялык жандыктарды **«ортоңку звенолор (формалар)»** деп аташат.

Эгер чындыгында мындай түрдөгү жандыктар өткөн учурларда жашаган болгондо, алардын сандары жана түрлөрү миллиондогон, ал тургай миллиарддаган болушу керек эле. Жана мындай майып, кемчиликтүү жандыктардын калдыктарынын сөзсүз фосилдери табылышы керек эле. Дарвин *Түрлөрдүн келип чыгышы* китебинде муну мындайча түшүндүрөт:

«Эгер теориям туура болсо, түрлөрдү бири-бирине байланыштырган сансыз көп ортоңку формалардын (звенолордун) түрлөрү сөзсүз жашаган болушу керек... Булардын жашап өткөндүгүнүн далилдери жалаң гана фосил калдыктары арасынан табылышы мүмкүн. (Charles Darwin, The Origin of Species: A Facsimile of the First Edition, Harvard University Press, 1964, s. 179)

## Дарвиндин үзүлгөн үмүтү

Бирок 19-кылымдын ортосунан бери дүйнөнүн бардык тарабында кемчиликтүү жандык фосилдери изделгенине карабастан, мындай ортоңку формалардын бир да фосили табыла албады. Жасалган казуулар жана изилдөөлөрдө табылган табылгалар, эволюционисттердин үмүтүн үзүп, жандуулардын бир заматта, кемчиликсиз жана толук органдары менен пайда болгонун көрсөттү.

Атактуу англиялык палеонтолог (фосил илимпозу) Дерек В. Агер бир эволюционист болгонуна карабастан, бул чындыкты мындайча мойунга алат:

Маселе мындай: Фосил табылгаларын жакшылап изилдегенде, түрлөр же класстар деңгээлинде болсун, дайыма бир эле чындыкка жолугабыз; баскычтуу эволюция жолу менен эмес, бир заматта жер бетинде пайда болгон группаларды көрөбүз. (Derek A. Ager, "The Nature of the Fossil Record", Proceedings of the British Geological Association, c. 87, 1976, s. 133)

Башкача айтканда, фосил табылгаларында бардык жандуу түрлөрү ортолорунда эч кандай өткөөл форма болбостон, кемчиликсиз абалдарында бир заматта пайда болушкан. Бул Дарвин жактаган көз-карашка толугу менен карама-каршы. Тагыраак айтканда, бул – жандуу түрлөрүнүн жаратылгандыгын көрсөткөн абдан күчтүү бир далил. Себеби бир жандуу түрүнүн башка бир түрдөн («атасынан») эч кандай эволюция болбостон, бир заматта жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушунун жалгыз түшүндүрмөсү болуп «ал түрдүн жаратылган болушу» саналат. Бул чындык атактуу эволюционист биолог Дуглас Футуйма тарабынан да кабыл алынат:

«Жаратылуу жана эволюция жашап жаткан жандуулардын келип чыгышын түшүндүрүүнүн альтернативдүү эки жолу. Жандуулар дүйнөдө же толугу менен толук жана кемчиликсиз бир абалда пайда болушкан же мындай болгон эмес. Эгер мындай болгон эмес болсо, анда бир өзгөрүү процесси натыйжасында алардан мурда бар болгон кээ бир жандуу түрлөрүнөн эволюциялашып, жаралган болушу керек. Бирок, эгер кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгон болсо, анда чексиз күч-кудурет ээси бир акыл тарабынан жаратылган болушу керек.» *(Douglas J. Futuyma, Science on Trial, New York: Pantheon Books, 1983. s. 197)*

Фосилдер болсо жандуулардын жер бетинде кемчиликсиз жана толук абалда пайда болгонун көрсөтүүдө. Башкача айтканда, **«түрлөрдүн келип чыгышы» - Дарвин ойлогондун тескерисинче, эволюция эмес, жаратылуу.**

## Адамдын эволюциясы жомогу

Эволюция теориясынын жактоочулары эң көп сөз кылган тема – адамдын жаралышы темасы. Бул жөнүндө дарвинисттер бүгүнкү күндө жашаган адамды маймыл сыяктуу ар кандай жандыктардан келип чыккан деген гипотезаны жакташат. 4-5 миллион жыл мурда башталды деп гипотеза кылынган бир процессте заманбап адам менен аталары арасында «ортоңку формалар» жашаган деп айтылат. Чындыгында толугу менен ойлоп табылган бул сценарийде төрт негизги «категория» саналат:

1- австралопитек

2- хомо хабилис

3- хомо эректус

4- хомо сапиенс

Эволюционисттер адамдардын сөз жүзүндөгү алгачкы маймыл сымал атасын «түштүк маймылы» маанисине келген «австралопитек» деп аташат. Бул жандыктар чындыгында өлүп жок болгон бир маймыл түрү гана. Лорд Солли Зукерман жана профессор Чарльз Окснард сыяктуу Англия жана АКШдан дүйнөгө таанымал эки анатомист тарабынан жасалган терең изилдөөлөр бул жандыктардын жалаң гана өлүп жок болгон бир маймыл түрүнө тиешелүү экендигин жана адамдарга эч кандай окшошпогондугун көрсөткөн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 75-94; Charles E. Oxnard, "The Place of Australopithecines in Human Evolution: Grounds for Doubt", Nature, c. 258, s. 389)*

Эволюционисттер адам эволюциясынын кийинки баскычын «хомо», башкача айтканда, адам деген класска бөлүшөт. Көз-караш бойунча хомо сериясындагы жандыктар австралопитектерден көбүрөөк өнүккөн. Эволюционисттер бул түрдүү жандыктарга тиешелүү фосилдерди биринин артынан бирин тизип алышып, ойлоп табылган эволюция графигин жасашат. Бул график ойлоп табылган, себеби иш жүзүндө бул ар түрдүү класстар арасында эволюциялык байланыш бар экендиги эч качан далилдене алган эмес. Эволюция теориясынын 20-кылымдагы эң маанилүү жактоочуларынын бири Эрнст Майр «Хомо сапиенске баруучу чынжыр – иш жүзүндө кайып (жок)» деп бул чындыкты кабыл алат. *(J. Rennie, "Darwin's Current Bulldog: Ernst Mayr", Scientific American, Aralık 1992)*

Эволюционисттер *«австралопитек > хомо хабилис > хомо эректус > хомо сапиенс»* деп катарга койуууда бул түрлөрдүн ар биринин кийинкисинин атасы сыяктуу көрүнүш сүрөттөшөт. Чындыгында болсо палеонтологдордун акыркы табылгалары австралопитек, хомо хабилис жана хомо эректустун дүйнөнүн ар кайсы аймактарында бир учурда жашаганын көрсөттү. *(Alan Walker, Science, c. 207, 1980, s. 1103; A. J. Kelso, Physical Antropology, 1. baskı, New York: J. B. Lipincott Co., 1970, s. 221; M. D. Leakey, Olduvai Gorge, c. 3, Cambridge: Cambridge University Press, 1971, s. 272)*

Мындан тышкары, хомо эректус классына тиешелүү адамдардын бир бөлүгү азыркы учурга чейин жашаган, хомо сапиенс неандерталец жана хомо сапиенс сапиенс (заманбап адам) менен бир эле чөйрөдө жанаша жашашкан. *(Time, Kasım 1996)*

Бул болсо бул класстардын бири-биринин атасы деген көз-караштын туура эмес экендигин ачык далилдейт. Гарвард университети палеонтологу Стефен Жай Гоулд өзү да бир эволюционист болгонуна карабастан, дарвинист теория такалган бул жарды (тупикти) мындайча түшүндүрөт:

«Эгер бири-бири менен бир убакта жашаган үч түрдүү хоминид (адам сымал) сүрөтү бар болгон болсо, анда биздин санжыра дарагыбыз эмне болду? Булардын бири экинчисинен келип чыкпагандыгы ачык. Мындан тышкары, бири экинчиси менен салыштырылганда, эволюциялык бир өзгөрүү тенденциясын көрсөтпөөдө.» *(S. J. Gould, Natural History, c. 85, 1976, s. 30)*

Кыскача айтканда, массалык маалымат каражаттарында же окуу китептеринде орун алган ойлоп табылган бир топ «жарым маймыл, жарым адам» жандыктардын сүрөттөрү аркылуу, башкача айтканда, пропаганда жолу менен гана сактоого аракет кылынган «адамдын эволюциясы» сценарийи – эч кандай илимий далили, таянычы жок бир жомок гана.

Бул теманы көп жылдар бойу изилдеген, өзгөчө австралопитек фосилдери жөнүндө 15 жыл изилдөө жасаган Англиянын эң атактуу жана урматтуу илимпоздорунун бири Лорд Солли Зукерман, бир эволюционист болгонуна карабастан, маймыл сымал жандыктардан адамга чейин улануучу чыныгы бир санжыра дарагы жок экендиги жөнүндөгү жыйынтыкка барган.

Зукерман, мындан тышкары, кызыктуу бир «илим көрсөткүчү» даярдаган. Илимий катары кабыл алган илим тармактарынан, илимден алыс деп кабыл алган илим тармактарына чейин бир катарга койгон. Зукермандын бул таблицасы бойунча, эң «илимий», башкача айтканда, так далилдерге таянган илим тармактары – химия жана физика. Катарда булардан кийин биология илимдери, андан кийин коомдук илимдер келет. Бул катардын эң «илимден алыс» бөлүгүндө болсо, Зукермандын ойу бойунча, телепатия, алтынчы сезим сыяктуу «сезимден тышкаркы кабылдоо» түшүнүктөрү жана ошондой эле «адамдын эволюциясы» бар! Зукерман катардын бул учун мындайча түшүндүрөт:

«Объективдүү чындыктын чөйрөсүнөн чыгып, биологиялык илим катары гипотеза кылынган бул чөйрөлөргө, башкача айтканда, сезимден тышкаркы кабылдоо жана адамдын фосил тарыхынын түшүндүрүлүшүнө киргенибизде, эволюция теориясына ишенген бир адам үчүн бардык нерсе мүмкүн экендигин көрөбүз. Ал тургай, теорияларына чындап ишенген бул адамдардын бири-бирине туура келбеген жоромолдорду да бир эле убакта кабыл алышы да мүмкүн. *(Solly Zuckerman, Beyond The Ivory Tower, New York: Toplinger Publications, 1970, s. 19)*

Мына «адамдын эволюциясы» жомогу да – теорияларына далилсиз ишенген бир топ адамдардын тапкан кээ бир фосилдерди өздөрү каалагандай божомолдоолорунан гана турат.

## Дарвиндин формуласы!

Буга чейин караган бардык илимий далилдер менен бирге, ылайыктуу көрсөңүз, эволюционисттердин кандайча күлкүмүштүү ишенимге ээ экендигин жаш балдар да түшүнө турган ачык бир мисал менен көрсөтөлү.

Эволюция теориясы жандыктар кокусунан пайда болду деген ойду жактайт. Демек, бул көз-караш бойунча, жансыз жана акылсыз атомдор биригип, алгач клетканы жаратышкан жана андан кийин ошол эле атомдор кандайдыр бир жол менен башка жандыктарды жана адамды жаратышкан. Эми ойлонуп көрөлү: жандыктардын негизи болгон көмүртек, фосфор, азот, калий сыяктуу элементтерди бир жерге чогултканыбызда бир заттар тобу пайда болот. Бул атомдордун тобу кандай процесстерден өткөрүлбөсүн, бир даана да жандык жарата албайт. Каалсаңыз бир «эксперимент» да жасайлы жана эволюционисттер жактаган, бирок ачык үн менен айта албаган көз-карашын алардын атынан «Дарвин формуласы» деген ат менен анализдеп көрөлү:

Эволюционисттер көптөгөн, чоң идиштердин ичине жандыктардын түзүлүшүндө болгон фосфор, азот, көмүртек, кычкылтек, темир, магний сыяктуу элементтерден каалашынча салышсын. Ал тургай нормалдуу шарттарда кездешпеген, бирок бул аралашма ичинде болсун деп каалаган заттарды да бул идишке салышсын. Бул аралашманын ичине каалашынча амино-кислота, каалашынча (бир даанасынын кокусунан пайда болуу ыктымалдуулугу $1/10^{950}$ болгон) протеин кошушсун. Бул аралашмаларга каалаган деңгээлде ысыктык жана нымдуулук беришсин. Буларды каалаган эң алдыңкы инструменттер менен аралаштырышсын. Идиштердин жанына дүйнөнүн алдыңкы илимпоздорун койушсун.

Бул адистер атадан балага, урпактан урпакка өткөрүп, алмак-салмак миллиарддаган, ал тургай триллиондогон жылдар бойу идиштердин башында туруп күтүшсүн. Бир жандык пайда болушу үчүн кандай шарттар керек болгон болсо, каалагандай шарт түзүү эркин болсун. Бирок эмне гана кылышпасын,

ал идиштерден эч качан бир жандык чыгара алышпайт. Жирафтарды, арстандарды, аарыларды, булбулдарды, тоту куштарды, аттарды, дельфиндерди, гүлдөрдү, орхидеяларды, банандарды, апельсиндерди, алмаларды, курмаларды, помидорлорду, коондорду, дарбыздарды, жүзүмдөрдү, түркүн түстүү көпөлөктөрдү жана ушулар сыяктуу миллиондогон жандык түрүнүн эч бирин жарата алышпайт. Бул жерде саналган бул жандыктардын бирөөсүн эмес, булардын жалгыз бир клеткасын да пайда кыла алышпайт.

Кыскача айтканда, акылсыз **атомдор бир жерге чогулуп, клетка жарата алышпайт**. Кийин кайрадан бир чечим кабыл алып, бир клетканы экиге бөлүп, андан кийин кайра кайра чечим кабыл алышып, электрондук микроскопту ойлоп тапкан, анан өз клеткасынын түзүлүшүн бул микроскоп жардамы менен изилдеген профессорлорду жарата алышпайт. **Зат жалаң гана Аллахтын жогорку күч-кудурет менен жаратышы аркылуу гана жашоого ээ болот.**

Мунун тескерисин жактаган эволюция теориясы болсо – акылга толугу менен туура келбеген бир жалган гана. Эволюционисттер жактаган көз-караштарды бир аз гана ойлонуу, жогоруда мисалда көрсөтүлгөндөй, бул чындыкты апачык көрсөтөт.

## Көз жана кулактагы технология

Эволюция теориясы эч качан түшүндүрө албаган башка бир нерсе – көз жана кулактагы кабылдоонун жогорку сапаты.

Көз менен байланыштуу темага өтүүдөн мурда «кантип көрүп жатабыз?» суроосуна кыскача жооп берели. Бир заттан келген нурлар көздөгү торчого тескери болуп түшөт. Бул нурлар бул жердеги клеткалар тарабынан электрдик импульстарга (сигналдарга) айландырылат жана мээнин арка тарабындагы көрүү борбору деп аталган кичинекей бир чекитке жетет. Бул электрдик импульстар бир канча процесстен кийин мээдеги көрүү борборунда сүрөттөлүш катары кабылданат. Бул маалыматтарды алгандан кийин эми ойлонолу:

Мээ жарык өткөрбөйт. Башкача айтканда, мээнин ичи капкараңгы, жарык мээ жайгашкан жерге чейин кире албайт. Көрүү борбору деп аталган жер – капкараңгы, жарык эч жетпеген, балким эч биз көрбөгөндөй караңгы бир жер. Бирок, сиз бул чымкый караңгылыкта нурдуу, түркүн-түстүү бир дүйнөнү көрүп жатасыз.

Болгондо да, бул көрүнүш ушунчалык даана жана сапаттуу болгондуктан, 21-кылым технологиясы да бардык мүмкүнчүлүктөргө карабастан мынчалык даана сүрөттөлүшкө жете алган жок. Мисалы, азыр окуп жаткан китебиңизди, китепти кармаган колуңузду караңыз, андан соң башыңызды көтөрүп, айланаңызды караңыз. Азыр көрүп турган дааналык жана сапаттагы бул сүрөттөлүштү башка бир жерден көрдүңүзбү? Мынчалык сапаттуу сүрөттөлүштү сизге дүйнөнүн эң алдыңкы фирмасынын эң алдыңкы телевизор экраны да тартуулай албайт. 100 жылдан бери миңдеген инженерлер мындай даана сүрөттөлүшкө жетүү үчүн аракет кылышууда. Бул үчүн заводдор, ири ишканалар курулууда, изилдөөлөр жүргүзүлүүдө, план жана проекттер жасалууда. Ошого карабастан, телевизор экранын бир карап, колуңуздагы китепти карап салыштырып көрүңүз. Экөө арасында сүрөттөлүштүн дааналыгы жана сапаты

арасында чоң бир айырма байкайсыз. Болгондо да, телевизор экраны сизге эки өлчөмдүү бир сүрөттөлүш тартуулайт, сиз болсо үч өлчөмдүү, терeңдиги бар бир сүрөттөлүштү көрүп жатасыз.

Көп жылдар бойу он миңдеген инженер үч өлчөмдүү телевизор жасоого, көздүн көрүү сапатындай сапатка жетүүгө аракет кылышууда. Ооба, үч өлчөмдүү бир телевизор жасай алышты, бирок аны көз айнексиз үч өлчөмдүү кылып көрүүгө мүмкүн эмес, ошондой эле бул үч өлчөм – жасалма. Арка тарабы бозомук, алдыңкы тарабы болсо кагаздан жасалган декорация сыяктуу көрүнөт. Эч качан көз көргөн сыяктуу даана жана сапаттуу бир сүрөттөлүш жаралбайт. Камерада да, телевизордо да сөзсүз сүрөттөлүштө сапат, дааналык төмөндөшү болот.

Эволюционисттер ушундай сапаттуу жана даана сүрөттөлүштү жараткан механизм кокусунан жаралды деген ойду жакташат. Азыр бирөө сизге бөлмөңүздөгү телевизор кокусунан пайда болду, атомдор чогулду жана бул сүрөттөлүш пайда кылган инструментти (телевизорду) пайда кылды десе сиз эмне деп ойлойсуз? Миңдеген адам чогулуп жасай албаган нерсени атомдор кантип жасашсын?

Көз көргөн сапаттан алда канча төмөн болгон бир сүрөттөлүштү пайда кылган нерсе кокусунан пайда болбосо, көз жана көз көргөн сүрөттөлүштүн да кокусунан пайда боло албашы айдан ачык. Ушул эле абал кулакка да тиешелүү. Тышкы кулак айланадагы үндөрдү кулак лакатору жардамы менен топтоп, ортоңку кулакка берет; ортоңку кулак үн толкундарын күчөтүп, ички кулакка өткөрүп берет; ички кулак бул толкундарды электрдик импульстарга айландырып, мээге жөнөтөт. Көрүү процессинде болгон сыяктуу угуу процесси да мээдеги угуу борборунда ишке ашат.

Көздөгү абал кулакка да тиешелүү, башкача айтканда, мээ жарык өткөрбөгөн сыяктуу, үн да өткөрбөйт. Ошондуктан, сырт тарап канчалык ызы-чуу болсо да, мээнин ичи толугу менен жымжырттыкта. Ошого карабастан, эң даана үндөр мээде кабылданат. Үн өткөрбөгөн мээңизде бир оркестрдин симфонияларын угасыз, көчө толо адамдардын бардык ызы-чуусун угасыз. Бирок ошол учурда атайын бир прибор менен мээңиздин ичиндеги үн өлчөнсө, ал жерде толук жымжырттык өкүм сүрүп жаткандыгы байкалат.

Жогорку сапаттуу сүрөттөлүштү алуу үчүн аракет кылынган сыяктуу, үн үчүн да ондогон жылдар бойу ушундай аракеттер жасалууда. Үн жаздыруу аппараттары, музыкалык борборлор, көптөгөн электрондук аппараттар, үндү кабылдаган музыка системалары–бул аракеттердин кээ бир жыйынтыктары. Бирок болгон технология, бул технологияда иштеген миңдеген инженер жана адиске карабастан, кулак пайда кылган даана жана сапаттагы бир үнгө жете алынган эмес. Музыкалык аппарат өндүргөн эң ири фирма тарабынан өндүрүлгөн эң сапаттуу музыкалык борборду элестетип көрүңүз. Үн жаздырганда, сөзсүз үндүн бир бөлүгү жоголот же бир аз болсо да шум пайда болот же музыкалык борборду жандырганда, музыка баштала электе эле бир шум угасыз. Бирок адам денесиндеги технологиянын продукту болгон үндөр абдан даана жана кемчиликсиз. Адамдын кулагы музыкалык борбордогу сыяктуу шум жаратпайт, үн кандай болсо ошондой угат. Бул абал адам жаралгандан бери уланып келе жатат.

Бүгүнкү күнгө чейин адам баласы жасаган эч кайсы сүрөттөлүш жана үн аппараты көз жана кулак сыяктуу сапат жана ийгиликтеги бир кабылдоочу боло алган жок.

Ошондой эле, көрүү жана угуу процессинде, булардан сырткары, абдан чоң дагы бир чындык бар.

## Эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң таасирдүү сыйкыры

Бул жерде муну да айта кетүү керек: алдын-ала сын-пикирсиз, эч кандай идеологиянын таасири астында калбастан, жалаң гана акылын жана логикасын колдонгон ар бир адам илим жана маданияттан алыс коомдордун негизсиз ишенимдерин элестеткен эволюция теориясынын ишенүүгө мүмкүн эмес бир көз-караш экендигин оңой эле түшүнөт.

Жогоруда да айтылгандай, эволюция теориясына ишенгендер чоң бир идиштин ичине көптөгөн атомду, молекуланы, жансыз заттарды толтуруп койсо, булардын аралашмасынан убакыт өтүшү менен ойлонгон, акыл жүгүрткөн, ачылыштар жасаган профессорлор, университет студенттери, Эйнштейн, Хаббл сыяктуу илимпоздор, Франк Синатра, Шарлтон Хестон сыяктуу искусство адамдары, ошондой эле лимон дарактары, гүлдөр, жаныбарлар чыгат деп ишенишүүдө. Болгондо да мындай акылга сыйбас пикирге ишенгендер – илимпоздор, профессорлор, илимдүү адамдар болууда. Ошол себептен, эволюция теориясы үчүн «дүйнө тарыхынын – эң чоң жана эң таасирдүү сыйкыры» сөзүн колдонуу туура болот. Себеби дүйнө тарыхында адамдардын мынчалык акылын башынан алган, акыл жана логика менен ойлонууларына тоскоолдук кылган, көздөрүнүн алдына бир перде сыяктуу тосмо тартып, алардын айдан ачык чындыктарды көрүүлөрүнө тоскоол болгон башка ишеним же көз-караш жок. Бул эски египеттиктердин күн кудайы Рага, африкалык кээ бир уруулардын тотемдерге, Саба калкынын күнгө сыйынуусунан, Аз. Ибрахимдин коомунун колдору менен жасап алган идолдорго, Аз. Мусанын коомунун өздөрү алтындан жасаган музоого сыйынуусунан бир топ коркунучтуу (рисктүү) жана акылга сыйбас бир сокурдук. Чындыгында бул абал – Аллах Куранда ишарат кылган акылсыздык. Аллах кээ бир адамдардын аңдап-түшүнүүлөрүнүн жабылып калаарын жана чындыктарды көрүүгө алсыз болуп калаарын көптөгөн аятында билдирген. Бул аяттардын кээ бирлери төмөнкүдөй:

**Шек жок, чындыктан баш тарткандарды эскертсең да, эскертпесең да алар үчүн айырмасы жок; (алар) ишенишпейт. Аллах алардын жүрөктөрүн жана кулактарын мөөрлөгөн; көздөрүнүн үстүндө перделер бар. Жана чоң азап – аларга. (Бакара Сүрөсү, 6-7)**

**… Жүрөктөрү бар, бирок аны менен аңдап-түшүнүшпөйт, көздөрү бар, бирок аны менен көрүшпөйт, кулактары бар, бирок аны менен угушпайт. Алар – айбандар сыяктуу, ал тургай андан да төмөн. Дал ушулар – капылет калгандар.» (Араф Сүрөсү, 179)**

Аллах башка аятында болсо бул адамдардын укмуштар (можизалар) көрсө да ишенбей турган деңгээлде сыйкырланып калгандыктарын мындайча билдирет:

**Алардын үстүнө асмандан бир эшик ачсак, ал жерден жогору көтөрүлсөлөр да, сөзсүз «Көздөрүбүз айландырылып койулду, балким биз сыйкырланган бир коомбуз» деп айтышат. (Хижр Сүрөсү, 14-15)**

Мынчалык көп адамдарга бул сыйкырдын таасир этиши, адамдардын чындыктардан мынчалык алыс кармалышы жана 150 жыл бул сыйкырдын бузулбашы болсо - сөздөр менен түшүндүрүүгө мүмкүн

болбой турган деңгээлде таң калаарлык бир абал. Себеби, бир же бир канча адамдын ишке ашышы мүмкүн эмес сценарийлерге, акылга жана логикага сыйбаган нерселерге толгон пикирлерге ишенишин түшүнүүгө болот. Бирок дүйнөнүн төрт бурчундагы адамдардын акылсыз жана жансыз атомдордун кокусунан бир чечим кабыл алышып, чогулушуп, укмуштай уюштуруу, дисциплина, акыл жана аң-сезим көрсөтүп, кемчиликсиз бир система менен иштеген ааламды, жандуулар үчүн ыңгайлуу болгон ар кандай өзгөчөлүккө ээ болгон жер планетасын жана сансыз көп комплекстүү системалар менен камсыз кылынган жандыктарды жараткандыгына ишенишинин – «сыйкырдан» (гипноздон) башка бир түшүндүрмөсү жок.

Аллах Куранда баш тартуучу философиянын жактоочусу болгон кээ бир адамдардын кээ бир сыйкырлар аркылуу адамдарга таасир бергендигин Аз.Муса жана Фираун арасында болгон бир окуя аркылуу бизге билдирет. Аз.Муса Фираунга (Фараонго) чындык, акыйкат динди түшүндүргөндө, Фираун Аз.Мусага өзүнүн «илимдүү сыйкырчылары» менен адамдар топтолгон бир жерде жолугуусун айтат. Аз.Муса сыйкырчылар менен жолугушканда, сыйкырчыларга алгач «таланттарын» көрсөтүшүн буйрук кылат. Бул окуяны баяндаган аяттар мындай:

**(Муса:) «Силер таштагыла» деди. (Асаларын) таштаары менен, адамдардын көздөрүн сыйкырлап жибериштi, аларды коркутушту жана (ортого) чоң бир сыйкыр алып келген болушту. (Араф Сүрөсү, 116)**

Байкалгандай, Фираундун сыйкырчылары жасаган «калптары» менен, Аз.Муса жана ага ишенгендерден башка, адамдардын баарын сыйкырлай алышкан. Бирок алардын таштаган нерселерине каршы Аз.Муса ортого койгон далил алардын бул сыйкырын, аяттагы баян менен «ойлоп тапкандарын жуткан», башкача айтканда таасирсиз кылган:

**Биз Мусага: «Асаңды ташта» деп вахий кылдык. (Ал таштап жибергенде) бир караштьы, ал бардык ойлоп тапкан нерселерин топтоп жутууда. Ушундайча чындык өз ордун тапты, алардын бардык кылып жаткандары жараксыз болду. Ал жерде жеңилишти жана басмырланып тескери бурулушту. (Араф Сүрөсү, 117-119)**

Аятта да билдирилгендей, мурда адамдарды сыйкырлоо менен аларга таасир берген бул адамдар кылган нерселердин бир алдамчылык экендиги билинээри менен бул адамдар уят болуп, басмырланышкан. Бүгүнкү күндө да бир сыйкырдын таасири менен калп илимий көрүнгөн акылга такыр сыйбас жалгандарга ишенген жана буларды жактоого жашоосун арнагандар эгер бул ойлорунан (дарвинизмден) баш тартышпаса, чындыктар толугу менен ачыкка чыкканда жана «бул сыйкыр бузулганда», катуу уят болушат. Алсак, дээрлик 60 жашына чейин эволюцияны жактаган жана атесит бир философ болгон, бирок кийин чындыктарды көргөн Малкольм Муггеридж эволюция теориясынын жакынкы келечекте кабыла турган абалын мындайча сүрөттөйт:

**Мен өзүм эволюция теориясынын, өзгөчө жайылган тармактарында, келечектин тарых китептеринде эң чоң анекдот темаларынын бири болооруна толук ишендим**. Келечек урпактар мынчалык чирик жана белгисиз бир гипотезанын таң калаарлык абалда кабыл алынганын таң калуу менен тосушат. *(Malcolm Muggeridge, The End of Christendom, Grand Rapids: Eerdmans, 1980, s.43)*

Бул келечек алыста эмес, тескерисинче, абдан жакын бир келечекте адамдар «кокустуктардын» илах (кудай) боло албашын түшүнүшөт жана эволюция теориясы дүйнө тарыхынын эң чоң калпы жана эң күчтүү сыйкыры деп аталып калат. Бул күчтүү сыйкырдан (гипноздон) дүйнөнүн төрт бурчунда адамдар абдан бат кутула башташты. Эволюция калпынын сырын үйрөнгөн көптөгөн адамдар бул калпка кантип ишенгенин таң калуу менен ойлонушууда.

**Айтышты: «Сен – Улуксуң, бизге үйрөткөнүңдөн башка биздин эч кандай илимибиз жок. Чындыгында, Сен – бардык нерсени билүүчү, өкүм жана хикмат (терең акыл) ээсисиң.»**
**(Бакара Сүрөсү, 32)**

**Бул дүйнөгө келээрден мурда жок экениңизди жана жоктуктан бир учурда бар болуп, жаралганыңызды ойлондуңуз беле?**

**Бөлмөңүздө ар күнү көргөн гүлүңүздүн капкара, ылай топурактан кандайча болуп сонун жыт жана көркөм түстүү абалда чыккандыгын ойлондуңуз беле?**

**Банан, дарбыз, коон, апельсин кабыктарынын сапаттуу таңгак (орогуч) милдетин аткаргандыгын, бул мөмөлөрдүн даам жана жытынын сакталышы үчүн атайын ушундай орогучка оролгондугун ойлондуңуз беле?**

**Жашооңуздун бат ылдамдык менен өтүп кетээрин, бир күн алсыз болуп картайышыңызды, сулуулугуңуз, ден-соолугуңуз, күч-кубатыңызды акырындан жоготооруңузду ойлондуңуз беле?**

**Бир күн, эч күтпөгөн бир учурда Аллах милдеттендирген өлүм периштелерине жолугуп, бул дүйнө менен кош айтышаарыңызды ойлондуңуз беле?**

**Адамдардын кыска бир мөөнөттө артка калтыра турган бир дүйнөгө эмне үчүн мынчалык берилип, байлангандыгын жана негизи иш-аракетинин акыретке багытталышы керек экендигин ойлондуңуз беле?**

**Адам – Аллах жараткан жана ой жүгүртө алуу мүмкүнчүлүгүн берген бир жандык. Бирок, көптөгөн адамдар бул абдан маанилүү мүмкүнчүлүктү максатка ылайык колдонушпайт. Ал тургай, «эч ойлонбойт» деп айтууга боло турган адамдар да бар. Бул китептин максаты - адамдарды «талап кылынган багытта ой жүгүртүүгө» чакыруу жана «талап кылынган багытта ой жүгүртүүнүн» жолдорун көрсөтүү.**